| | 2.4. | Алиппеге чейинки мезгил | | | | 2 | | |
| | 2.5 | Алиппе мезгили | | | | 2 | | |
| | 2.6 | Жазууга үйрөтүүгө даярдануу | 2 | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2.7 | Жазууга үйрөтүүнүн методдору | | | | 2 | | |
| | 2.8 | Алипped кийинки мезгил | | | | 2 | | |
| | 2.9 | Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасынын негизги жоболору | 2 | | | | | |
| | 2.10 | Алиппе окуу методикалык комплекси Алиппеге чейинки мезгил. Алиппе мезгили. Алиппеден кийинки мезгил | | 2 | | | | |
| | | **Бардыгы** | **24** | **12** | | **24** | | |

**5 семестр**

| предметтик модулдун № | лек тема № | Теманын аталышы | Сабактын түрү боюнча сааттардын бөлүштүрүлүшү | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | лк | прак (сем) | лаб | СӨАИ | башка түрү | |
| **ПМ 1** | 1.1 | Окуунун түрлөрү жана алардын бири бири менен болгон байланыштары | 2 | | | | | |
| | 1.2 | Окуунун түрлөрү | | | | 2 | | |
| | 1.3 | Башталгыч мектептин окуучуларын класстан тышкары өз алдынча окууга үйрөтүү | 2 | | | | | |
| | 1.4 | Класстан тышкаркы окуунун мааниси жана милдеттери | | 2 | | | | |
| | 1.5 | Класстан тышкаркы учурларда өз бет алдынча окууга жетекчилик кылуунун формалары | 2 | | | | | |
| | 1.6 | Класстан тышкаркы окууну көзөмөлдөө жана туура уюштуруу | | | | 2 | | |
| | 1.7 | Башталгыч мектепте грамматиканы окутуунун методикасы | 2 | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1.8 | Грамматиканы окутуунун максаты жана милдеттери | | | | 2 | | |
| | 1.9 | Грамматиканы окутуунун илимий-методикалык негиздери | 2 | | | | | |
| | 1.10 | Башталгыч мектепте окутулуучу грамматикалык материалдар | | 2 | | 2 | | |
| | 1.11 | Грамматика сабактарын пландаштыруу жана уюштуруу | 2 | | | | | |
| | 1.12 | Грамматика сабактарын пландаштыруу жана уюштуруу | | | | 2 | | |
| | 1.13 | Грамматика сабагы жана сөз өстүрүү жумуштары | | | | 2 | | |
| | 1.14 | Грамматиканы окутуудагы индукция жана дедукция методу | | 2 | | 2 | | |
| | 1.15 | Грамматика сабагындагы мугалимдин иш аракети | 2 | | | | | |
| | 1.16 | Грамматика сабагындагы мугалимдин иш аракети | | 2 | | | | |
| | 1.17 | Грамматиканы окутуудагы көрсөтмөлүүлүк | | | | 2 | | |
| | 1.18 | Грамматиканы окутуудагы китептин ролу | | | | 2 | | |
| | 1.19 | Грамматиканы үйрөтүүгө байланыштуу окуучулардын сөзүн өстүрүү | | | | 2 | | |
| **ПМ 2** | 2.1 | Башталгыч мектепте грамматика сабактарынын типтери | 2 | | | | | |
| | 2.2 | Башталгыч мектепте грамматика сабактарынын типтери | | 2 | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2.3 | Грамматика сабактарынын пландаштырылышы | | | | 2 | | |
| | 2.4 | Башталгыч мектепте грамматикалык талдоолорду жүргүзүүгө үйрөтүү | 2 | | | | | |
| | 2.5 | Башталгыч мектепте грамматикалык талдоолорду жүргүзүүгө үйрөтүү | | 2 | | | | |
| | 2.6 | Башталгыч мектепте грамматикалык талдоолордун татаалдык деңгээли | | | | 2 | | |
| | 2.7 | Башталгыч мектепте иштелүүчү грамматикалык көнүгүүлөр | 2 | | | | | |
| | 2.8 | Грамматика сабактарында окуучуларды суроо | | 2 | | | | |
| | 2.9 | Башталгыч мектепте грамматикалык материалдарды окутуу | | 2 | | | | |
| | | **Бардыгы** | **20** | **16** | | **24** | | |

**6-семестр**

| предметтик модулдун № | лек тема № | Теманын аталышы | Сабактын түрү боюнча саттардын бөлүштүрүлүшү | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | лк | прак (сем) | лаб | СӨА | башка түрү | |
| **ПМ 1** | 1.1 | Фонетикалык материалдарды окутуу | 2 | | | | | |
| | 1.2 | Сөз тутумун окутуу | | | | 2 | | |
| | 1.3 | Башталгыч мектепте грамматикалык материалдарды окутуу | | 2 | | | | |
| | 1.4 | Башталгычмектептесабаттуужазуугаүйрөнүүнүннегиздери | 2 | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1. 5 | Башталгычмектептесабаттуужазуугаүйрөнүү нүннегиздери | | 2 | | | | |
| | 1. 6 | Синтаксистик материалдарды окутуу | | | | 2 | | |
| | 1. 7 | Орфографиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрү | 2 | | | | | |
| | 1. 8 | Орфографиялык көнүгүүлөрдүнтүрлөрү | | 2 | | | | |
| | 1. 9 | Кыргызорфографиясынынөзгөчөлүктөрунту уражазуугаүйрөтүүметодикасыныннегизи | | | | 2 | | |
| | 1. 10 | Орфографиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрү | | | | 2 | | |
| | 1. 11 | Башталгыч мектепте пунктуацияны окутуу | 2 | | | | | |
| | 1. 12 | Башталгыч мектепте пунктуацияны окутуу | | 2 | | | | |
| | 1. 13 | Башталгыч класстарда пунктуацияны үйрөтүүнүн жолдору | | | | 2 | | |
| | 1. 14 | Жат жазуунун түрлөрү | 2 | | | | | |
| | 1. 15 | Чыгармачылык жат жазуу | | | | 2 | | |
| | 1. 16 | Тууражазуугаүйрөтүүдөкөчүрүпжазуунунма аниси | 2 | | | | | |
| | 1. 17 | Тууражазуугаүйрөтүүдөкөчүрүпжазуунунма аниси | | 2 | | | | |
| | 1. 18 | Текшерүү жат жазуу | | | | 2 | | |
| | 1. 19 | Эркин жат жазуу | | | | 2 | | |
| | 1. 20 | Жөнөкөй көчүрүп жазуу | | | | 2 | | |
| | 1. 21 | Тууражазуугакалыптандыруудакаталардынү стүнөништөөнүнролу | 2 | | | | | |
| | 2. 1 | Мектептерде орфографиялык режим | | | | 2 | | |
| | 2. 2 | Орфографияны үйрөтүүдө көрсөтмө куралдарды пайдалануу | | | | 2 | | |
| **ПМ 2** | 2. 3 | Башталгыч мектепте баа койбостон баалоону жүргүзүү | 2 | | | | | |
| | 2. 4 | Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун түрлөрү | 2 | | | | | |
| | 2. 5 | Башталгычмектептебаакойбостонбаалоонуж үргүзүү | | 2 | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2.6 | Баалоонун ыкмалары | 2 | | | | | |
| | 2.7 | Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун түрлөрү | | 2 | | | | |
| | 2.8 | Баалоонун ыкмалары | | 2 | | | | |
| | 2.9 | «Баа койбостон баалоо» тууралуу жобо | | | | 2 | | |
| | | **Бардыгы** | **20** | **16** | | **24** | | |

**ПРАКТИКАЛЫК (СЕМИНАРДЫК) САБАКТАРДЫН ТЕМАЛАРЫ**

**4-семестр**

| № | Теманын аталышы | сааты |
|---|---|---|
| | **1** | |
| 1 | Окутуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү жана аларды башталгыч мектепте колдонуу | 2 |
| 2 | Башталгыч класстарда кыргыз тилинен билим берүүнүн мазмуну жана көлөмү | 2 |
| 3 | Окутуунун билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк максаттарын окуучунун позициясынан коюу | 2 |
| 4 | Э.Арабаевдин ишин улантуучулар | 2 |
| 5 | Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун ыкмалары | 2 |
| 6 | Алиппе окуу методикалык комплекси. Алиппеге чейинки мезгил. Алиппе мезгили. Алиппеден кийинки мезгил | 2 |
| | **Бардыгы** | **12** |

**5-семестр**

| № | Теманын аталышы | сааты |
|---|---|---|
| | **1** | |
| 1 | Класстан тышкаркы окуунун мааниси жана милдеттери | 2 |
| 2 | Башталгыч мектепте окутулуучу грамматикалык материалдар | 2 |
| 3 | Грамматиканы окутуудагы индукция жана дедукция методу | 2 |
| 4 | Грамматика сабагындагы мугалимдин иш аракети | 2 |
| 5 | Башталгыч мектепте грамматика сабактарынын типтери | 2 |
| 6 | Башталгыч мектепте грамматикалык талдоолорду жүргүзүүгө үйрөтүү | 2 |
| 7 | Грамматика сабактарында окуучуларды суроо | 2 |
| 8 | Башталгыч мектепте грамматикалык материалдарды окутуу | 2 |
| | **Бардыгы** | **16** |

**6-семестр**

| № | Теманын аталышы | сааты |
|---|---|---|
| | **1** | |
| 1 | Башталгыч мектепте грамматикалык материалдарды окутуу | 2 |
| 2 | Башталгыч мектепте сабаттуу жазууга үйрөтүүнүн негиздери | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Орфографиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрү | 2 |
| 4 | Башталгыч мектепте пунктуацияны окутуу | 2 |
| 5 | Туура жазууга үйрөтүүдө көчүрүп жазуунун мааниси | 2 |
| 6 | Башталгыч мектепте баа койбостон баалоону жүргүзүү | 2 |
| 7 | Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун түрлөрү | 2 |
| 8 | Баалоонун ыкмалары | 2 |
| | **Бардыгы** | **16** |

**СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮ**

Студенттердин өз алдынча иштөөсү окуу процессинин составдык бөлүгү болуп саналат жана окутуучу тарабынан берилген тапшырмаларды өз алдынча чечүү, адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатын көздөйт. Окутуучу семестрдин башында ар бир студентке жекече тапшырма берет. Студент семестр ичинде өз алдынча адабияттарды карап чыгып, коюлган маселени чечүү үчүн реферат жазат. Коюлган маселени туура жана так аткарган студент тиешелүү балл ала алат.

**Студенттердин өз алдынча иштеринин темалары**

**4-семестр**

| № | Темалардын аталышы | Сааты |
|---|---|---|
| **Модуль I** | | |
| 12. | Кыргыз тилин окутуу методикасынын негизги бөлүмдөрү | 2 |
| 13. | Кыргызстандагы билим берүү системасы | 2 |
| 14. | Сабак- кыргыз тили боюнча окуу процессин уюштуруунун негизги формасы | 4 |
| 15. | Кыргыз тил сабагынын түзүлүш элементтери | 2 |
| | **Модуль 2** | |
| 16. | Сабатка үйрөтүүдөгү тарыхый методдорго мүнөздөмө берүү | 2 |
| 17. | Анализ-синтез методунун өзгөчөлүгү | 2 |
| 18. | Сабаттуулукка үйрөтүүнүн системасы | 2 |
| 19. | Алиппеге чейинки мезгил | 2 |
| 20. | Алиппе мезгили | 2 |
| 21. | Жазууга үйрөтүүнүн методдору | 2 |
| 22. | Алиппеден кийинки мезгил | 2 |
| | Бардыгы | 24с |

**5семестр**

| № | Темалардын аталышы | Сааты |
|---|---|---|
| **Модуль I** | | |
| 13. | Окуунун түрлөрү | 2 |
| 14. | Класстан тышкаркы окууну көзөмөлдөө жана туура уюштуруу | 2 |
| 15. | Грамматиканы окутуунун максаты жана милдеттери | 2 |
| 16. | Башталгыч мектепте окутулуучу грамматикалык материалдар | 2 |
| 17. | Грамматика сабактарын пландаштыруу жана уюштуруу | 2 |
| 18. | Грамматика сабагы жана сөз өстүрүү жумуштары | 2 |
| | **Модуль I I** | |

| | | |
|---|---|---|
| 19. | Грамматиканы окутуудагы индукция жана дедукция методу | 2 |
| 20. | Грамматиканы окутуудагы көрсөтмөлүүлүк | 2 |
| 21. | Грамматиканы окутуудагы китептин ролу | 2 |
| 22. | Грамматиканы үйрөтүүгө байланыштуу окуучулардын сөзүн өстүрүү | 2 |
| 23. | Грамматика сабактарынын пландаштырылышы | 2 |
| 24. | Башталгыч мектепте грамматикалык талдоолордун татаалдык деъгээли | 2 |
| | **Бардыгы** | **24с** |

**6-семестр**

| № | Темалардын аталышы | Сааты |
|---|---|---|
| | **Модуль I** | |
| 1. | Сөз тутумун окутуу | 2 |
| 2. | Синтаксистик материалдарды окутуу | 2 |
| 3. | Кыргыз орфографиясынын өзгөчөлуктөрун туура жазууга уйрөтуу методикасынын негизи | 2 |
| 4. | Орфографиялык көнугуулөрдун турлөру | 2 |
| 5. | Башталгыч класстарда пунктуацияны уйрөтуунун жолдору | 2 |
| 6. | Чыгармачылык жат жазуу | 2 |
| 7. | Текшеруу жат жазуу | 2 |
| 8. | Эркин жат жазуу | 2 |
| 9. | Жөнөкөй көчуруп жазуу | 2 |
| | **Модуль I I** | |
| 10. | Мектептерде орфографиялык режим | 2 |
| 11 | Орфографияны уйрөтуудө көрсөтмө куралдарды пайдалануу | 2 |
| 12. | «Баа койбостон баалоо» тууралуу жобо | 2 |
| | **Бардыгы** | **24с** |

**МОДУЛДАР БОЮНЧА ТҮЗҮЛГӨН СУРООЛОР**

**4 СЕМЕСТР**

**Модуль I**

1.Дисциплинаны окуп-өздөштүрүүнүн максаты эмнеде?

1. Дисциплинанын негизги мазмуну кандай?
2. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун психологиялык-педагогикалык негиздери кайсылар?
3. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун максаты эмнеде?
4. Тунгуч агартуучу Э.Арабаевдин өмүр жолу жана ишмердүүлүгү.
5. Э.Арабаевдин ишин улантуучулар деп кимдерди ата аласыъ?
6. Баштагыч мектепте кыргыз тилинен сабак берген мугалим кандай методологияга таянып иш алып барат?
7. Педагогикалык технологиялар, аларын классификациясы жана маъызы.
8. Кыргыз тилин окутуунун мазмундук багыттары.
9. Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты – башталгыч билим берүүнү уюштуруу үчүн жетекчиликке алына турган эъ негизги документ.

**Модуль I I**

1.Сабат ачуудагы тамга методунун колдонулушу.
2.Учурдагы талдоо-жыйноо методу боюнча сабатка үйрөтүүнүн методикасы.
3.Алиппеге чейинки мезгилдин максаты, милдети жана анын ишке ашышы.
4.Алиппе мезгилинин уюштурулушу.
5.Алиппеден кийинки мезгилдеги мугалим жана окуучулардын иш-аракеттери.
6. Жазууга жана таза жазууга үйрөтүү кандайча жүргүзүлөт?
7. Жаңыдан жаза баштаган окуучуга мугалим кандай мамиле кылууга милдеттүү?
8.Таза жазуу сабактарында тамгаларды, анын элементтерин жана сөздү жазууга үйрөтүүнүн методикасы.
9. Окуучунун дептерине коюлуучу талаптар кайсылар?

## 5 СЕМЕСТР

**Модуль I**

1. Туура окуу деген эмне?
2. Үн кубултуп окуунун зарыллыгы эмнеде?
3. Класстан тышкары окуунун мааниси жана милдеттери
4. Китеп көргөзмөсүн уюштуруунун максаты эмнеде?
5. Башталгыч мектепте грамматиканы окутуунун мааниси кандай?
6. Башталгыч мектепте окутулуучу грамматикалык материалдар кайсылар?
7. Грамматиканы окутуу методунун негиздери кайсылар?
8. Башталгыч мектепте грамматика сабагы боюнча программанын түзүлүш принциби кандай?
9. Грамматиканы окутуудагы китептин ролу эмнеде?

**Модуль I I**

1.Грамматика сабактарынын негизги типтери кайсылар?
2. Окуучуларды грамматикалык талдоолорду жургузууга даярдоо кандайча жургузулөт?
3. Морфологиялык талдоого уйрөтуунун мааниси эмнеде?
4. Грамматика сабактарында окуучулардын оозеки суроонун мааниси
5. Грамматикалык көнугуулөр жана алардын турлөру

## 6 СЕМЕСТР

**Модуль I**

1. Фонетикаллык материалдарды окутуунун жолдору жана ыкмалары
2. Сөз тутумун окутуудагы өзгөчөлуктөр
3. Сөз туркумун окутуунун методикасы
4.Синтаксистик материалдарды окутуудагы негизги маселелер
5. Туура жазуунун эрежелери
6. Алфавит жана аны башталгыч мектепте окутуу
7. Башталгыч мектепте туура жазууга уйрөтуунун методикасы
8. Орфография деген эмне?
9. Башталгыч мектепте пунктуацияны окутунун макссат жана мааниси
10. Пунктуацияга уйрөтуучу көнугуулөрдун кандай турлөру бар жана алар кандай жолдор аркылуу иштетилет?
11. Текшеруу жат жазуусун жаздыруунун методикасы кандай?

**Модуль I I**

1. Тушундурмө жат жазуусун алуунун мааниси
2. Эркин жат жазуу качан алынат?
3. Сөздук жат жазуусу жана аны алуунун ыкмасы
4. Көчуруп жазуу көнугуулөрун иштетуунун мааниси жана жолдору
5. Жөнөкөй көчуруп жазуу деген эмне?
6. Каталарды жибербөөгө эскертуу жана оъдоонун зарылдыгы кандай?

7. Орфографияны уйрөтуудө көрсөтмө куралдарды кантип пайдаланууга болот?
8. Окуулардын жетишкендиктерин баа койбостон баалоонун ыкмалары кайсылар?
9. Окуулардын билимин баалоодо кайсы принциптер жетекчиликке алынат?
10. Башталгыч мектепте баалоонун кандай турлөру колдонулат?
11. Байкоо жургузуу деген эмне?
12. Тест аркылуу баалоонун натыйжасы

## РЕФЕРАТТАР

### 4 семестр

1. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы педагогикалык илимдердин катарында.
2. Кыргыз тилин окутуунун методикасынын педагогикалык илимдердин катарына кириши.
3. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин методикасынын предмет катарында окутулушу жана анын милдеттери.
4. Кыргыз тили боюнча сабакка коюлган жалпы дидактикалык талаптар, принциптер.
5. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу методикасынын тарыхынан.
6. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу методикасы жөнүндө тарыхый обзор.
7. Э.Арабаевдин методикалык мурастары жана аны улантуулар.
8. Башталгыч мектептерде кыргыз тили боюнча окуу китептеринин тарыхы.
9. Алгачкы жана учурдагы окуу китептери.
10. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин окутулушу, андагы жетишкендиктер жана аны өркүндөтүүнүн жолдору.
11. Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Алкактык Улуттук куррикулуму жөнүндө түшүнүк. Башталгыч мектептин куррикулуму.\
12. Кыргыз тилинин башталгыч класстарда окуу предмети катарында окутулушу.
13. Азыркы кыргыз тилин башталгыч класстарда окутуунун алган орду, максаты жана милдеттери.
14. Кыргыз тили боюнча башталгыч класстардын программасы.
15. Кыргыз тилинин башталгыч класстарда окутуунун мааниси

### 5 семестр

1. Кыргыз тилинин методикасынын башка илимдер менен болгон байланышы
2. Кыргыз тилин окутуу методикасынын методологиялык негизи
3. Кыргыз тилинин методикасынын психология, педагогика жана дидактика менен болгон байланышы
4. Кыргыз тили сабагынан материалдарды пландаштыруу
5. Мугалимдин сабакка даярдануусу жана ишин пландаштыруусу
6. Башталгыч класста грамматиканы окутуунун мааниси жана максаты
7. Грамматиканы окутуунун методологиялык негиздери
8. Грамматиканы окутуунун жалпы ди дактикалык негиздери
9. Башталгыч класста кыргыз тилинин грамматикасын окутуунун мааниси жана ролу
10. Грамматиканы окутуунун методикасынын тил илими, адабият таануу, педагогика, психология,эстетика менен байланышы
11. Грамматика сабагындагы мугалимдин иш аракети
12. Грамматика сабагынын типтери.Стандартуу жана стандартуу эмес сабактар
13. Жаъы теманы түшүндүрүү сабагы
14. Аралаш сабак
15. Сабактын планын түзүү

### 6 семестр

1. Грамматиканы инсанга багыттап окутуунун методдору жана ыкмалары
2. Грамматиканы окутуудагы кайталоо, бышыктоо сабактары
3. Грамматикалык көнүгүүлөр жана аларды жүргүзүүнүн жолдору

4. Грамматика сабагындагы көрсөтмөлүүлүк
5. Дидактикалык материалдар
6. Баалоонун максаты, принциптери жана түрлөрү
7. Туура жазууга үйрөтүүнүн методдору жана ыкмалары
8. Жат жазуунун түрлөрү
9. Башталгыч класста пунктуацияны окутуунун жолдору
10. Окуучулардын дептерлери менен иштөө, аларды текшерүүнүн ыкмалары

**Теориялык материалдарды тапшыруу үчүн текшерүү иштин суроолору**

| № | Текшерүү иштин суроолор |
|---|---|
| 1. | Кыргыз тилин окутуунун методикасынын негизги бөлумдөру кайсылар жана алардын аткара турган милдеттери эмнеде? |
| 2. | Кыргыз тилин окутуунун методикасы менен мектеп практикасынын баланышы эмнеден көрунөт? |
| 3. | Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу методикасынын илимий негиздерин тушундур |
| 4. | Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун психологиялык-педагогикалык негиздери кайсылар? |
| 5. | Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун максаты эмнеде? |
| 6. | Э.Аарабаевдин бизге калтырган методикалык мурастары кайсылар? |
| 7. | Педагогикалык технологиялар, алардын классификациясы жана маъызы |
| 8. | Башталгыч мектепте кыргыз тили сабагында колдонулуучу каражаттарга кайсылар кирет? Ар бирине кеъири токтол. |
| 9. | Башталгыч мектептин куррикулумунда кыргыз тили сабагына коюлган талаптарын айтып бер |
| 10. | Сабат ачуудагы тамга методунун колдонулушу |
| 11. | Учурдагы талдоо-жыйноо методу боюнча сабатка уйрөтуунун методикасы |
| 12. | Алиппеге чейинки мезгилдин максаты, милдети жана анын ишке ашышы |
| 13. | Жазууга жана таза жазууга уйрөтуу кандайча жургузулөт? |
| 14. | Жазууга уйрөтуунун методдору |
| 15. | Туура окуу деген эмне? |
| 16. | Класстан тышкаркы окуунун мааниси жана милдеттери |
| 17. | Башталгыч мектепте грамматиканы окутуунун мааниси кандай? |
| 18. | Башталгыч мектепте окутулуучу грамматикалык материалдар кайсылар? |
| 19. | Грамматиканы окутуудагы китептин ролу эмнеде? |
| 20. | Грамматиканы уйрөтуугө байланыштуу окуучулардын сөзун өстуруу кандайча жургузулөт? |

**Өз алдынча иштеринин суроолору.Өз алдынча иштөө үчүн түзүлгөн суроолор.**

| № | Текшерүү иштин суроолору |
|---|---|
| 1. | Дисциплинаны окуп-өздөштуруунун максаты эмнеде? |

| | |
|---|---|
| **2.** | Дисциплинанын негизги мазмуну кандай? |
| **3.** | Башталгыч класстарда кыргыз тилинен билим беруунун мазмуну жана көлөму тууралуу эмнелерди билесиъ? |
| **4.** | Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун милдеттерин айтып бер |
| **5.** | Э.Аарабаевдин ишин улантуучулар деп кимдерди айта аласыъ? |
| **6.** | Башталгыч мектепте кыргыз тилинен сабак берген мугалим кандай методологияга таянып иш алып барат? |
| **7.** | Стандарт жана стандар эмес сабактардын окшоштуктары жана айырмачылыктары эмнеде? |
| **8.** | Билим беруунун мамлекеттик стандарты - башталгыч билим беруну уюштуруу учун жетекчиликке алына турган эъ негизги документ. |
| **9.** | Бутун сөз методу, аные артыкчылыгы жана кемчиликтери |
| **10.** | Сабаттуулукка уйрөтуунун системасы (алиппеге чейинки жана алиппе мезгили) |
| **11.** | Жазуу куралдарына кайсылар кирет? Аларды пайдалануунун эрежелери. |
| **12.** | Окуучулардын дептерлерине коюлуучу талаптар кайсылар? |
| **13.** | Сезимдуу окууга уйрөтуунун мааниси |
| **14.** | Ун кубултуп окуунун зарылдыгы эмнеде? |
| **15.** | Класстан тышкаркы окууга жетекчилик кылуунун жолдору кандай? |
| **16.** | Башталгыч мектепте грамматиканы окутуунун милдеттери кайсылар? |
| **17.** | Грамматикалык окутуудагы көрсөтмөлуулуктун тийгизген таасири |
| **18.** | Башталгыч мектепте грамматиканы сабагы боюнча программанын тузулуш принциби кандай? |
| **19.** | Грамматиканы окутуу методунун негиздери кайсылар? |
| **20.** | Грамматикалык темалардын пландаштырылышы |
| | |

**ЛЕКЦИЯ 2 (2 саат)**

**Кыргыз тилинин башталгыч класстарда**

**предмет катары окутулушу**

**Маселелер:**

**1.**Башталгыч класстардакыргызтилинокутуу методикасынын илимий негиздери.

**2.**Башталгычкласстардакыргызтилинокутуунунпсихологиялык-педагогикалыкнегиздери.

**3.**Кыргызтилининбашталгычкласстарда предмет катары окутулушу.

**4.**Башталгычкласстардакыргызтилиненбилимберүүнүнмазмунужанакөлөмү.

1. **Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу методикасынын илимий негиздери.**

Башталгычкласстардаэнетилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрүн практикалык мүнөздө окутуу менен аны оозеки жана жазуу кептеринде колдоно билүүнүн ролу чоң.

Энетилдинграмматикасынанжанатууражазуунунэрежелеринентеориялык мүнөздөгүбилимдердиберүүдөокуучулардын сөзүн жана логикалык ойлоосун өстүрүү менен ажыралгыс байланыштуу зарыл.

Азыркы окуу программаларда эне тилди окутуп-үйрөтүү окуучулардын сөзүн өстүрүүгө тикеден-тике байланыштуу экендиги баса көрсөтүлгөн. Ошондуктан окуучуларды сабатка үйрөтүү да, грамматика жана туура жазуунун эрежелерин үйрөтүү да, адабий окуу сабактары да, класстан тышкаркы окуу да сөз өстүрүү жумуштарына тыгыз байланышкан. Баарыдан мурда окуучулардын сөзү мазмундуу, ачык-так,туура жана жеткиликтүү болууга тийиш.

Тил ойлоо менен тыгыз байланыштуу болгондуктан ойлоосуз балдардын сөзүн өстүрүүгө жана байытууга болбой тургандыгы баарына маалым. Ошон үчүн эне тилдин грамматикасын окуучулардын туура өздөштүрүүсү, аны оозеки түрүндө да, жазуу түрүндө да өз орду менен колдонуу алардын жалпы эле өсүшүндө чоң мааниге ээ болот. Ал гана турсун мектептерде окутулуучу бардык предметтерди ийгиликтүү өздөштүрүүгө таасирин тийгизет. Андыктан мектептерде эне тилин окутуу жогорку деңгээлде, байланыштуу кепке үйрөтүү, сөз өстүрүү багытында окутулушу зарыл. Башталгыч класстын окуучулары жогорку класстын окуучуларына салыштырганда негизинен конкреттүү фактыларга таянуу менен ойлонотжана ой жүгүртөт. Айлана-чөйрөдөгү заттарды, окуяларды, кубулуштарды көрүү,угуу жана башка сезүү органдарынын жардамы аркылуу кабыл алат.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда аларды тыбыш, сөз, сүйлөм,сөз айкаштары өңдүү тилдик материалдарды туура кабыл алууга, туура түшүнүүгө, туура элестөөгө жеткирүүнүн мааниси зор. Дал ушул материалдардын айланасындаграмматика жана туура жазуунун эрежелерине ылайык илимдерди берүүгө жол ачылат.

**2.Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун психологиялык-педагогикалык негиздери.**

Башталгыч класстарда кыргыз тилинен билим берүүнүн мазмуну, көлөмү, окутуунун методдору, жогорку класстарда өтүлүүчү материалдардын мазмунунан,көлөмүнөн жана окутуунун методдорунан кескин түрдө айырмаланат. Бул болсо окуучулардын жаштык өзгөчөлүгүнө ылайык өтүлүүчү материалдарды өздөштүрүүнүн процессин, алардын белгилүү машыгуулар менен көнүмүштөргө калыптанышын жана ээ болушун изилдейт. Ошондуктанмектетердеэнетилинен билим берүүдө психология илиминин жетишкендиктерине таянууга туура келет.

Психология илими окутуунун эң натыйжалуу формалары менен ыктарын колдонууда жардам көрсөтүү менен окуучулардын жаштык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алып,

эне тилинен билим берүүнүн системасын аныктайт. Эне тилин окутууда окуучулардын таанып-билүү чыгармачылыгын өстүрүү ал предмет боюнча жеткиликтүү, сезимдүү билим берүүдө жол ачпай койбойт. Ошон үчүн башталгыч классты окуткан ар бир мугалим жалпы эле психология илими менен анын ичинен кенже жаштагы мектеп окуучуларынын өзгөчөлүгүнө жараша лингвистиканын, педагогиканын, психологиянын закондорун колдонуу аркылуу акырындык менен билим берүүгө туура келет. Андыктан 1-3 класстарда окутулуучу тилдик материалдар практикалык мүнөзгө ээ болуу,даярдоо мүнөзүндө болсо, 4 класста жана андан жогорку класстарда кыргыз тилинин грамматикасы системалуу түрдө үйрөтүлөт.

Окуучулар мейли окууга, жазууга үйрөтүлбөсүн, мейли грамматика жана жазуу эрежелерин окутууга көнүктүрүлбөсүн, мугалим анализ-синтез (талдоо-жыйноо) методун колдонуу менен билим берет. Окутуунун методикасында болсо психология илиминин жетишкендиктерин пайдалануу менен окуучулардын акыл жагынан өсүшүнө жардам көрсөткөндөй жолдорду пайдаланат.

Балдарды окутуу жана тарбиялоо маселеси педагогика илимине тикеден-тике таандык. Педагогика илиминин дидактика бөлүмү окутуунун жалпы теориялык маселелерин өз кучагына алат.Дидактикадагы билим берүүнүн илимийлүүлүгү, жеткиликтүүлүгү, көрсөтмөлүүлүгү сезимдүү түрдө материалды өздөштүрүүсү окуучулардын тааныпбилүү жөндөмдүлүүгүн активдештирүү, өз бет алдынча билим алууга көнүктүрүү, окутууну турмуш менен байланыштыруу өңдөнгөн маанилүү принциптери башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасында колдонуулуга тийиш.

Азыркы күндө окутууда колдонулуп жүргөн дидактикалык принциптеринин көпчүлүгү эчактан эле калыптанып, көп жылдык педагогикалык иш тажрыйбада текшерилген. Улуу педагог Я.А.Коменский мындан 300 жыл мурда эле окутууда көрсөтмөлүүлүк жөнүндө олуттуу педагогикалык ой пикирлерди айткан. Ал ой пикирлер уламдан улам өркүндөтүлгөн. Орустун улуу көрүнүктүү педагогу К.Д.Ушинский эне тилдин грамматикасын сезимдүү өздөштүрүүнүн жана тил сабактарында өз алдынча көнүгүүлөрдү иштетүүнүн баа жеткис маанисине токтолгон.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда окуучулар өтүлгөн тилдик материалдарга ылайык көнүгүүлөрдү өз алдынча аткара билүүгө көнүгүүнүн баа жеткис мааниси бар. Мында өтүлгөн материалдардын тегерегинде ой жүргүзүү менен сезимдүү түрдө билим алууга жана өз алдынча алган билимдерин толуктоого мүмкүнчүлүктөрдү алышат. Ошентип окутуудагы дидактикалык принциптер жана психология илими эне тилди окутуунун методикасын бир катар ыкмаларын жөнгө салуу менен анын белгилүү системасын иштеп чыгууга көмөктөш болот.

Башталгыч класстарда эне тилин окутууда башка предметтер сыяктуу эле окуучулардын көз карашынын калыптанышына, жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, алардын акыл жагынан, адеп жана эстетикалык жактан, дене жагынан өсүшүнө,белгилүү жүрүш туруштун жана мүнөздүн калыптанышына алып келбей койбойт. Ошондуктан мугалимдер педагогиканын негиздерин билбей туруп, аны менен тааныш болбой туруп, эне тилди окутуунун деңгээлин жогорулатууга, тарбиялык кызматын арттырууга мүмкүн эмес. Бул болсо мектеп босогосун жаңыдан аттаган жана билим, тарбия алуунун алгачкы баскычын өз баштарынан өткөрүп жаткан, көптөгөн көнүмүштөргө ээ боло элек башталгыч класстын окуучулары үчүн абдан зарыл жана керек.

Башталгыч класстарда эне тилин окутууда тил жөнүндө окуучуларга илимий түшүнүктөрдү берүү менен бирге окуучуларды өз мекенин сүйүүгө, эмгекке, адамдардын эмгегин урматтоого, көркөмдүк сезимин өстүрүүгө, түүра жүрүш турушка тарбиялоо көңүлдүн борборунда болууга тийиш. Ошентипэнетилинметодикасы педагогика менентыгызбайланышта болот.

**3. Кыргыз тилинин башталгыч класстарда предмет катары окутулушу.**

Башталгыч класстарда кыргыз тили сабактарында окуучулар сезимдүү окууга жана сабатуу жаза билүүгө үйрөнүшөт. Ошондой эле оозеки жана жазуу жүзүндө туура сүйлөөнүн, жазуунун эрежелерин өздөштүрүшөт. Кыргыз тили жана окуу сабактарында окуучулардын сөз байлыгын арттырууга, логикалык ойлоосун өстүрүүгө, айлана-чөйрөдөгү буюмдарды, окуяларды таанып билүүгө, бизди курчап турган дүйнөнү тура ажырата билүүгө үйрөнүүсү өсө берет.

Түшүндүрүп окуу сабактарын өткөрүүдө, жазуу жүзүндөгү чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууда окуучулар айлана-чөйрө жөнүндөгү билимдерин, байкагандарын, көргөндөрүн, башынан өткөргөн окуяларын пайдаланышат. Ошонун натыйжасында оозеки жүзүндө кыйналбастан өз ой-пикирин эркин бере билүүгө, мазмундуу, сабаттуу жаза билүүгө жетишет. Кыргыз тили башталгыч класстарда окутулуп, сабактардын ичинде көрүнүктүү орунга ээ. Ал негизги борбордук сабак катарында эсептелет. Ошондуктан кыргыз тилинен туруктуу, чын билим берүүгө, окуучулардыноозекижанажазуукептеринкөтөрүүгө, китептисезимдүүтүрдөкөрктүүтуураокуугаайрыкчакөңүлбурулат. Китепти жакшы, шар окуган окуучу эмнени окуганын кызыктуу, байланыштуу кылып айтып да берүүгө жетишет. Мугалимдин айткандарын ойдогудай өздөштүрөт. Башкалардын ой пикирлерин окуганын мыкты түшүнөт. Уккандарын тез, туура жаза алышат ошонун натыйжасында кыргыз тилин мыкты өздөштүрүү менен гана чектелбестен, окутулуп жаткан башка предметтерден билим алууну женилдетпей койбойт.

Башталгыч класстарда окуучулар кыргыз тилинин сабатка үйрөтүү, түшүндүрүп окуу, класстан тышкары окуу, жазуу сабактарында программалык талапка ылайык татыктуу билим алуу менен бирге китеп окууга кызыгууга, талбай эмгектенүүгө, өз мекенин сүйүүгө тарбияланышат.

Окуучулар айлана-чөйрөдөгү кубулуштарга байкоо жүргүзүү жана ар түрдүү материалдарды окуу китептеринен окуу-үйрөнүү менен адеп жана эстетикалык жактан тарбия алууга, айланадагы чындык жөнүндө белгилүү көз карашка ээ болуусу калыптанбайкойбойт. Кыргыз тилин окуу менен окуучулардын ойлоосу өсөт. Бала өзүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү туура мамиле жасоо менен турмушка карата көз карашынын калыптанышына жетишет.

Окуучулар башталгыч класстарда кыргыз тилин окуу менен эне тилинин байлыгын, көркөмдүгүн тактыгын түшүнүшөт,элдик оозеки чыгармалардын, макал-лакаптардын, көркөм адабияттын сонун үлгүлөрү менен тааныша билүүгө жетишет. Башталгыч класстарда окуучулардын сөз байлыгына арттыруу, адабий тилдин негизинде сүйлөй да, жаза да билишин белгилүү системага салуу, кат сабаттуулугун жогорулатып, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү – эне тилди окутуудагы негизги талаптардынбиринен болуп саналат.

**4.Башталгыч класстарда кыргыз тилинен билим берүүнүн мазмуну жана көлөмү.**

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу негизинен төрт чоң бөлүктөн турат:

• Сабатка үйрөтүү

• Окуу жана сөз өстүрүү

•Грамматика, жазуу эрежелери жана сөз өстүрүү.

• Таза жазуу.

Алиппеге чейинки мезгилде(ал эки жума убакытка созулат) окуучуларды окууга жана жазууга үйрөтүү үчүн даярдык жумуштар жүргүзүлөт. Мугалимокуучулар менен аңгемелерди жүргүзүү аркылуу алардын сүйлөө кебин, сөз байлыгын байкоого алат. Мында сүйлөмдү сөзгө, сөздү муунга оозеки ажыраттырат. Сүрөт боюнча аңгемелешет,ар кыл тема боюнча баарлашат. Бул мезгилде окуучулар сөздөрдүн тыбыштарын туура,кылдат уга билүүгө жана айта билүүгө үйрөнүшөт. Балдарды китеп окууга үйрөтүүгө алдын-ала даярдоо менен бирге жазууга да алдын-ала көнүктүрүлөт. Мындан башка мектептин имараты, класс бөлмөсү, партада туура олтуруу, окуу куралдарын пайдалануу, мугалимдин суроосуна жооп берүү өңдөнгөн иштер менен да таарыштырылат. Окуучуларды жазууга алдын-ала көнүктүрүү үчүн колдун манжаларын туура кыймылдатуу,дептерди партага туура коё билүү жана иймек ,тик,сызык,овал формасындагы сызыктарды чийүүгө

үйрөтүлөт. Бул машыгуулар алиппе мезгилинде тамгаларды жазууга карата даярдык жумуштарынан болуп эсептелет.

Сабатка үйрөтүүнүн экинчи мезгили ***алиппе мезгили*** деп аталат. Алиппе мезгили 15-сентябрдан 15-декабрга (3,5 айга) чейин созулат. Окуучуларды сабатка үйрөтүү жумушу тыбыштын талдоо-жыйноо методун колдонуу менен ишке ашырылат. Эне тилибиздеги тыбыштар менен тамгалардын оор-жеңилдигине, жөнөкөй-татаалдыгына карата сабатка үйрөтүүнүн алиппе мезгилди үч баскычка бөлүүнү менен өтүлөт. Сабатка үйрөтүүнүн алгачкы башталышынан тартып эле сөздөрдү муун боюнча бара-бара сөздү муундабастан туташ окууга көнүктүрүлөт. Сөзгө муундук -тыбыштык талдоо жүргүзүлөт. Сөздөрдү муун боюнча жана кыска сөздөрдү муундабай туташ окууга жетишүү -сөздү туура жана сезимдүү окууну камсыз кылат.

Ошондой эле окуу китебинен, доскадан белгилүү сүйлөмдөрдү, сөздөрдү көчүрүп жазышат. Бара-бара мугалимдин окуп берүүсүнө таянуу менен дептерлерине жазууга өтүшөт. Мында окуучулар катаны көп жибербеш үчүн айтылышы бир башка, жазылышы бир башка болгон сөздөр текстке киргизилбейт.

Окуучуларды сабатка үйрөтүүнүн алиппе мезгилинде туура окууга, туура жазууга, туура сүйлөөгө үйрөтүү канчалык мыкты жүргүзүлсө,алардын билим алышына, кат-сабатынын деңгээлин жогорулашына ошончолук мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Окуучуларды сабатка үйрөтүүдө кыргыз тилиндеги тыбыштар менен тамгаларды,муунду,сөздү,сүйлөмдү үйрөтүү менен гана чектелбестен , алардын аң-сезимин, оюн,байкагычтыгын,акыл-эсин жана ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө басым жасалат. Ошону менен бирге жаш өспүрүмдөрдү өз мекенин сүйүүгө, эмгекке,чынчылдыкка, жолдоштук-достука, өзүнөн улууларды сыйлоого тарбиялайт.

Окуу китебиндеги материалдарды окуу менен окуучулар жаратылыштын кубулуштарын, коомдук өсүштөрдү, адамдардын эмгегин акырындык менен жалпылап билүүгө жетишет. Жаратылыштын жыл мезгилдерине ылайык берилген материалдарды окутуу аркылуу жаратылышты үйрөнөт. 1-4 класстарда айрым тарыхый материалдарда окутулат. Тарыхый окуяларга байланыштуу жазылган көркөм чыгармалар да берилген. Ошондой эле тарбиялык, таанып-билүүчүлүк мааниси күчтүү ыр түрүндөгү чыгармаларда окутулат.

Класста өткөрүлгөн адабий окуу сабагы класстан тышкаркы окуу аркылуу тереңдетилет,кеңейтилет. Класстан тышкаркы окуунун негизги максаты окуучулардын өз алдынча китеп окушуна жетекчилик кылуу. Окуучуларды өз алдынча китеп окууга адат алдыруу, китепти сүйө билүүгө жетиштирүү. Окуу китептеринде жаттоого арналган ырлар да сунуш кылынган. Башталгыч класстарда окуучулардын китепти

шар,сезимдүү,туура,көркөм окушуна айрыкча көңүл бөлүнөт. Окуучулар окуган аңгеме, жомок,ыр түрүндөгү чыгармаларды кыйналбай айтып берүүгө жеткирүүдө сөздүк жумуштарын жүргүзүү маанилү орүндү ээлейт. Ошондой эле окулган материалдардын планын түзүү, ар түрдүү формада айтып берүүнү да системалуу алып баруу зарыл.

Грамматика, туура жазууга үйрөтүү сабактарында окуучулардын орфографиялык сабатын арттыруудан башка да окуучулардын оозеки, жазуу кептерин өстүрүүгө айрыкча маани берилет. Кыргыз тилин окутууну милдети -балдарды сөздөрдөгү тыбыштарды туура айта билүүгө үйрөтүү, сөздү туура айта жана жаза билүүгө көнүктүрүү болуп саналат. Ошондуктан башталгыч класстарда кыргыз тили төрт бөлүм боюнча окутулат. Тыбыш жана тамга, сөз, сүйлөм, байланыштуу кеп. Аталган бөлүмдөр жөнөкөйдөн татаалга карай окуучулардын класстан класска көчүрүлүшү менен улам толукталып окутулат.

2-класста үндүү,үнсүз тамгалар өтүлсө, 3-класста каткалаң,жумшак үнсүздөр, жоон жана ичке үндүүлөр тааныштырылат. 2-класста заттардын кыймылын билдирген сөздөр өтүлөт. 3-класста этиш сөз түркүмү, 4-класста этиштин чактары, жактары окутулат. Окуучулар берилген суроолорго жооп берүүгө, сүйлөм түзүүгө, сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышын аныктоого, тыныш белгилерин коё билүүгө үйрөнүшөт. Сабатка үйрөтүү да, окуу сабагы да, грамматика жана туура жазууга үйрөтүүда сөз өстүрүү жумуштары менен тыгыз байланыштуу. Булар өз- ой пикирин оозеки жана жазуу жүзүндө мазмундуу, ачык-так бере билүүгө жетишсин деген талаптар коюлат.

## ЛЕКЦИЯ 3 (2 саат)

## Тема: Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун максаты жана милдеттери

Маселелер;

1.Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун максаты.

2.Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун милдеттери.

3.Окутуунун билим берүү,өнүктүрүү, тарбиялоо максаттарын айкалыштыруу принциби.

### 1.Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун максаты.

Тарыхта чечимдерди ишке ашырууда тил өтө орчундуу милдеттерди аткарат.Тил адам баласынын чарба,саясий-коомдук жана маданий турмушунда өтө зарыл. Бул жөнүндө К.Маркс:“Тил дегенибиз-ойдун тикеден-тике чындыгы” деген.Демек,бул аныктамаларда тилдин турмуштук зарылчылыгы жана анын илимий,тарбиялык мааниси зор экендиги ачык белгиленет.Тил менен ойлоонунун өсүш процесси адам баласынын өсүшү менен

байланыштуу. Тил-эмгектин баарына катышуучу жана аны уюштуруучу курал.Тил – адамдын катнашусуунун негизи.

Тилдин жардамысыз адам баласы бири-бири менен байланыш жасай албайт. Ал эми мектептерде окула турган тил жаңы эле өсүп келе жаткан жаштарга билим берүүнүн негизги куралы болот.Себеби,мугалим биринчи эле балдарды окута баштаганда окуу-жазууга карата даярдыктарды жүргүзөт.Акырындык менен окуу-жазууга үйрөтөтөт.Окуу менен жазууну билбей туруп,башка предметтерди үйрөнүү кыйын.Мына ошондуктан бардык предметтерди окутуунун алгачкы эне тил сабагы болуп эсептелет.Ошондой эле тилди үйрөтүүнүн ыгын көрсөткөн кандайдыр бир жолу болуу керек.Ал жол метод деп аталат.Демек метод дегенибиз- теориялык текшерүү же тажрыйбалык иштин ыгы,жол,жобосу.

Методика-бул педагогикалык илиим.Башкача айтканда,бир нерсени үйрөнүү же үйрөтүү же бир ишти аткаруудагы эрежени,жолду айтабыз. Маселен,кыргыз тилин окутуунун методикасы мектептерде эне тил сабагын берүүнүн жолун үйрөтөт.Ал төмөнкү илимдердин негизине таянат: жалпы тил илимине,кыргыз тилине,адабиятына,педагогикага,психологияга.Ошондой эле алдынкы мугалимдердин илимий жактан жыйынтыкталган иш тажрыйбасы менен байланышат.Айрыкча, “дидактика” бөлүмү тил сабагын ар дайым окутууда колдонулуп,педагогикалык принцибин орундатып турууга тийиш.

Дидактиканын негизги принциптери –окутуу ишин жеңилден оорго,белгилүүдөн белгисизге карай алып баруу.Бул принцип бардык предметтерди окутууда сакталат.Окутуу жана тарбиялоо процессинин бардык негизги элеметтеринин ичинен сабактын максаттарынын жана милдеттеринин оптималдуу варианттарын туура тандоо болуп эсептелинет.Жалпы кабыл алынган мааниде максат деген-бул белгилүү багытта эмгектенүүдөн күтүлүүчү натыйжалар жөнүндөгү түшүнүк.Сабак окутуу процессинде эки түрдүү иш-аракеттин -мугалимдин иш-аракети менен окучуунун иш аракетинин өз ара таасирлүү байланышы орун алат.

Сабактын максаты – бул окуучунун иш аракеттеринен күтүлүүчү эң акыркы натыйжа экендигин айтабыз. Ал мугалимдин позициясынан эмес, окуучунун позициясы менен каралып, сабак окутулуп бүткөн соң, кандай натыйжа келип чыгат деген суроого жооп берет. Башкача сөз менен айтканда, сабактын максаты – бул мугалимдин жетекчилиги астында бүткүл сабак процессинде өздөштүрүүчү билим, тарбия таалимдин жыйындысы болуп эсептелет. Сабак окутуу процессинде окуучулар: жаратылыш, коом, техника ж.б жөнүндөгү билимдерге ээ болушуп, андагы түшүнүктөрдү өздөштүрүшөт. Алган билимди практикада колдонуу ишке ашыруу процессинде окуучулар билгичтиктерге жана

көндүмдөргө – автоматтык билгичтиктерге ээ болушат. Окуучуларда билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн калыптандырылышынан биз сабактын билим берүүчүлүк максатын ачык көрө алабыз, кээде аларды сабактын дидактикалык максаттары деп, ал эми билгичтиктерге жана көндүмдөргө байланышкан максаттарды практикалык максаттар деп аташат. Окутуу процессинде окуучулар билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү гана өздөштүрбөстөн белгилүү даражада тарбия – таалим алып өсүп-өнүгүшөт.

Демек, ар бир сабактын жалпы билим берүүчүлүк максаттары (билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу), тарбиялоочулук максаттары ( инсандын белгилүү сапаттарын тарбиялоо), өнүктүрүүчүлүк максаттары (окуучулардын таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн, акылын, эркин, эмоциясын өнүктүрүү) болот. Сабактын максаттарынан башка анын милдеттери бар. Сабактын милдеттери деп, дал ошол белгилүү педагогикалык шарттарда окуу процессинин аралык звенолорунда жетишиле турган натыйжаларды түшүнөбүз. Коомдук өсүп-өнүгүүсү, социалдык-экономикалык мамилелердинөзгөрүшү менен билим берүү тармагында да жаңыча көз караш жана мамилелер, окутуунун жаңыланган ык-формалары келип чыгууда. Ошого байланыштуу кыргыз тилин окутуу комплексттүү түрдө билим-тарбия берүү менен анын мазмуну, окутуунун формалары демократиялык, гумманисттик багытта ишке ашырылмакчы.

Билим башаты –башталгыч класс. Башталгыч класста кыргыз тилинен алгачкы билимдерди берүү, жалпы билим берүүчү орто мектептердин жогорку класстарында кыргыз тилин окутуунун ажырагыс бөлүгү пайдубалы болуп эсептелет. Башталгыч класстардын “Кыргыз тилин” окутуунун билим берүү максаты 1-4-класстарда кыргыз тили боюнча алган билимдерин улантып тереңдетүү менен окуучуларга жаш өзгөчөлүктөрүнө карай тилибиздин тилдик түзүлүшүнүн баштапкы мыйзам ченемдүүлүктөрүнүйрөтүү, таанып-билүүжөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу, алган билимдерин калыптандырууда алардын шык-жөндөмдүүлүктөрүн жөнгө салуу жана өстүрүү, жогорку класстарда кыргыз тили жана адабиятын окуп үйрөнүүнү андан ары улантып кетүүгө даярдоо болуп саналат. Окуучуларды өз эне-тилин, элин, Ата Мекенин терең урматтого, коргоого үйрөтүү менен алардын дүйнөгө болгон көз караштарына туура багыт берип, инсандык асыл сапаттарга тарбиялоо.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун негизги максаты окуучуларды өз эне-тилинде сабаттуу окууга, жазууга үйрөтүү жана кеп ишмердүүлүгүнүн, ой жүгүртүү ишмердүүлүгүүнүн көндүмдөрүнө ээ кылуу.

**2.Кыргыз тилин окутуунун милдеттери:** конгинитивдик- тилди таанып-билүүнүн инструменти, чындыкты чагылдыруунун жана ошондой эле, башка окуу предметтери

боюнча билим алуунун каражаттары катары пайдаланат. Эне тилин бүтүн бир система катары кабыл алып, анын структуралык өзгөчөлүктөрүнжана тилдик бирдиктердин функцияларын түшүнүшөт. Тилдик көрүнүш фактыларды талдай алат жана тилдик нормаларды оозеки жана жазуу кебинде колдонот; жүрүм -турумдук, кеп ишмердүүлүгүнүн, бардык түрлөрүнө (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу), карым-катнаштын ар кыл чөйрөсүндөгү кептик жүрүм-турум маданиятына ээ болот жана өзүнүн оозеки, жазуу кебин өркүндөтүүгө жөндөмдүү; баалуулук- тилди элдин маданиятынын бир бөлүгү катары тааныйт жана улуттар аралык маданияттын карым-катыш формаларына ээ болот.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда окуп-үйрөнүүнүн төмөнкүдөй дидактикалык принциптерин эске алуу максатка ылайык келет:

- Окутуунун жалпы дидактикалык принциби болуп эсептелген жөнөкөйдөн татаалга, белгилүүдөн белгисизге карай принциби башталгыч класстарда окуп-үйрөнүүнүн эң негизги багыты болууга тийиш;
- Тил, кеп жөнүндөгү жалпы түшүнүктөрдү өздөштүрүп, текст жана тексттин түрлөрүн талдап ажырата билүү, анын бардык тиешелүү эрежелер менен иштей алуу;
- Фонетикалык, синтаксистик, морфологиялык материалдарды өздөштүрүп, аларга карата талдоо иштерин тиешелүү деңгээлде жүргүзүүнү үйрөнүү;
- Өзүн-өзү текшерүүнү билүү жана башкалардын каталарын да аныктай алуу;
- Туура, так, таза жазуулардын көндумдөрүнө ээ болуу;
- Өз алдынча китеп менен иштөө билгичтиктерин жана чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн жогорулатуу;
- Таяныч белгилер, таяныч таблицалар менен иштей билүү;
- Иш кагаздарын жазууну өздөштүрө алуу (кат, куттуктоо, чакыруу, билдирүү) ж.б.

Жогоруда айтылган талаптарды ишке ашыруунун бирден-бир мүмкүнчүлүгү күндөлүк сабактардын жемиштүү өтүлүп, окуучулардын жеткиликтүү билим билгичтиктерге ээ болуусу болуп эсептелет. Окуучулар теориялык билимдерди канчалык жакшы өздөштүрө алышса, алардын жазуу жана практикалык иштериндеги да ошого байланыш болоору шексиз.

“Кыргыз тили” предметинин мазмунунда байланыштуу кеп, фонетика, синтаксис жана морфология аттуу негизги тармактар камтылган.

**1.Байланыштуу кеп** тууралуу төмөнкүлөрдү билүү керек:

- Тил, кеп, текст жөнүндөгү түшүнүктөрдү билүүнү,айырмалай алууну;

- Окуп, көрүп, билгендери боюнча тест түзүүнү;
- Сөз, сөз айкашы, сүйлөм жана тексттердин айырмачылыктарын билүү;
- Сүрөттөрдүн, тексттердин маани мазмунуна карата теманы коюу, план түзүү жана тескерисинче темага карата же берилген планга карата текст түзүү, тексттин кеңейтип, кыскартып жазууну;
- Тексттердин баяндоо, салыштыруу, ой жүгүртүү түрлөрүн ажырата алуу жана аларга карата тексттерди түзүүнү;
- “өз алдынча иштеймин” рубрикасынын тапшырмаларынын өз алдынча аткаруунү.

**2.Синтасис** сөз айкашы жана алардын байланышы, сүйлөмдү, сүйлөм мүчөлөрүн жана алардын айтылыш максаттарына жараша, грамматикалык түзүлүштөрүнө карай бөлүнүштөрүн, тыныш белгилерин үйрөтөт.

- Сөз айкашы;
- Сүйлөм мүчөлөрү;
- Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр;
- Жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөр;
- Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр;
- Төл жана бөтөн сөз;

**3.Фонетика** тилдин тыбыштык түзүлүшүн, тыбыштардын тамгалар менен белгиленишин жана алардын өзгөчөлүктөрүн үйрөтөт.

- Тыбыш жана тамга;
- Үндүү, үнсүз тыбыштар;
- Үндүү тыбыштар;
- Кыска жана созулма үндүүлөр;
- Үнсүз тыбыштар;
- Жумшак жана каткалаң үнсүздөр;
- Алфавит;
- Айрым үнсүздөрдүн айтылышы менен жазылышы;
- Ичкертүү жана ажыратуу белгиси;
- Муун жана ташымал;

**4.Морфология** тилдеги сөздөрдүн өздүк мааниси менен түзүлүшүн, өзгөрүшү менен топторго бөлүнушүнүн, сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жолдорун үйрөтөт.

Башталгыч класста төмонкү сөз түркүмдөрдү окутуу каралган:

- Зат атооч;
- Этиш;
- Сын атооч;
- Ат атооч;
- Сан атооч;
- Тактооч;
- Сырдык сөз;
- Турандуу сөз.

Дүйнөлүк башка тилдердей эле кыргыз тилинин тилдик мыйзам ченемдүүлүгү менен теориялык, практикалык жактан такталган зор маанилүү орду бар. Кыргыз тилинин тилдик материалдарын окутуу аң сезимдүүлүк менен салыштыруу, талдоо, жыйынтык чыгаруу мүнөздө жүргүзүлүп, окуп-үйрөнүү процесстери ар түрдүү прициптер аркылуу иш жүзүнө ашырылмакчы. Алардын бири болуп окутуунун билим берүү, өнүктүрүү, тарбиялоо максаттарын айкалыштыруу принцибине токтоло кетсек.

**3.Окутуунун билим берүү, өнүктүрүү, тарбиялоо максаттарын айкалыштыруу принциби.** Окуучуларга билим-тарбия берүүнү билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялоочулук максаттардын айкалыштыруу менен иш жүзүнө ашырабыз. Бул максаттардын ичинен бирөөсү эле жеткиликтүү иштебей калса, сабактын максаттары өз деңгээлине толук жетпей калаары шексиз.

Ар бир сабактын билим берүүчүлүк, талабы так, мазмуну терең, ийкемдүү формаларга ээ сынчыл ой жүгүртүүгө, жекече жана коллективдүү, топтор мене иштөөгө, өз алдынча китеп менен иштөө, өзүн-өзү текшере билип баалоого багытталган. Өнүктүрүүчүлүк талаптарга окуучулардын логикалык ойлоосун кеңейтүү, эске тутууларын калыптандыруу, таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү, предметтик кызыгууларын күчөтүү, алган билимдерин практикада айкалыштыра алуу көндүмдөрүнө ээ кылуу кирет. Ал эми тарбиялоонун талаптары Ата Мекенин терең сүйүү жана урматтоо, адептүү жүрүш-туруш, ар-намыстуулук, жаратылыш байлыктарын коргоо, аны сарамжалдуу пайдалана билүү жана гүлдөтүү, чечкиндүүлүк, эр жүрөктүүлүк болуп эсептелет.

Сабактын максаттарынын башкы милдеттери бар. Кээде сабактын максаттарын жан милдеттерине бирдей караш, бул туура эмес. Мунун натыйжасында мугалим сабакка даярданып жатканда анын мүмкүн болгон бардык ички моменттерин, толук алдын ала ойлонуп пландаштырбайт, демек окутуу жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугу төмөндөйт. Белгилүү педагогикалык шарттарда окуу процессинин аралык звенолорунда жетишиле турган натыйжаларды сабактын милдеттери деп түшүнөбүз. Мында мугалим окутуунун бардык факторлоруна жана педагогикалык шарттарына ариентация жасоого

тийиш, атап айтканда ал окуу материалынын мүнөзүнө жана ал материалды кабыл алууда окуучулар кездеше турган кыйынчылыктарга, кыйынчылыктарды жеңүүнүн жолдоруна, окуучуларды окууга шыктандыруунун жана мугалим менен окуучулардын өз ара байланышып эмгектенүүлөрүнүн мүнөзүнө өзгөчө көңүл бурууга тийиш. Мына ошентип, сабактын милдеттерин аныктап алуу үчүн мугалим адегенде окуучулардын сабактагы иш аракеттеринин планын жана программасын толук түзүп чыгуу керек. Окуучулардын ийгиликтүү эмгектенишинин негизги шарттарынын бири мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенишинин мүнөзү болүп эсептелет.

Бул жагынан алганда мугалимдин милдети окуучулардын иш-аракетинин аркандай формаларын (фронталдуу, группалык, жекече иштөөсүн) уюштуруу болуп эсептелет. Мында тигил же бул кырдаалга карата окуучуну же бардык коллектив менен биргелешип иштөөгө, же чакан топ менен, же экиден болуп, же жекече үйрөтүү керек.

Сабактын максаттарын жана милдеттерин пландаштырууда ар бир сабак мектептеги бүткүл оркуу ишинин айрым гана звеносу экендигин эске алууга туура келет. Ошондуктан окутуунун максаттарынын жана милдеттеринин да өзүнчө белгилүү бир тизмектештик байланышы бар экенин жетекчиликке алуу зарыл. Сабактын максаттары жана милдеттери сөзсүз бүткүл теманы окуп- үйрөнүүнүн максаттары менен милдеттерине, теманыкы – бөлүмдүкүнө, бөлүмдүкү –предметтикине, предметтики – жалпы максаттарга туура келгендей байланышта болууга тийиш. Ал эми башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы тиешелүү фактыларды, ошондой эле эне- тилинин илимий маалыматтарын (фонетика, лексикология, морфология, синтаксис, стилистика, орфография, пунктуация ж.б. боюнча) кыргыз тил илиминен алат да, башталгыч классаттарда эне-тилине байланыштуу окутула турган жогоруда көрсөткөн конкреттүү бөлүктөрдү кандай жол менен үйрөтүүнүныкмаларын иштеп чыгат. Алардын ордун тактап, алардын натыйжалуу, ыңгайлуу жолдорун аныктайт.

## ЛЕКЦИЯ 4  (2 саат)

## Тема: Э. Арабаевдин методикалык мурастары жана анын ишин улантуучулар

Маселелер:

1. Э. Арабаевдин өмүр жолу жана ишмердүүлүгү.
2. Э. Арабаевдин методикалык мурастары.
3. Э. Арабаевдин жарык көргөн жана которгон эмгектеринин тизмеси.
4. Э. Арабаевдин ишин улантуучулар.

1. **Э. Арабаевдин өмүр жолу жана ишмердүүлүгү.**

1.Октябрь революциясыначейин кыргыз элинде педагогика атайын илим атарында калыптанган эмес. Тарбия жана окутуу иштериндеислам дининин таасири күчтүү болгон. Ошого карабастан таалим-тарбия, илим, билим жөнүндө 19к. жашаган кыргыздардын эл акындары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Токтогул, Тоголок Молдо, Женижок ж.б.лар өз чыгармаларында рационалдуу ой пикирлерин айтышкан. 1928-жылы «Жаңы маданият жолунда» деген атайын педагогикалык журналдын 1-саны жарыкка чыгып, ал республикада илимий – педагогикалык ой жүгүртүүлөрдү жайылтуунун борборуна айланган. Кыргыз илимий – педагогикалык коому 20 кылымдын ортосунан тартып, мугалимдер жана эл агартуу кызматкерлеринин арасында педагогика илимин кеңири пропагандалайбашташкан. Педагогикалык илимди жана практикалык иштерди уюштуруучулардын башатында көрүнүктүү педагогдор Э.Арабаев, К.Тыныстанов, К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиевдер турушкан. Кыргыз педагогика илимине академик А.Измайловдун кошкон салымы өтө зор.

Педагогика илиминин бир тармагы болгон кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасынын өнүгүшүндө С.Наматов, К.К.Сартбаев, Т.Байжиев, Т.Саманчин, З.Бектеновдордун эмгектерин атайын белгилөөгө болот. 1936-жылы педагогика институтунун окутуучусу С.Наматов биринчи жолу тил, адабият факультеттинин студенттерине кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнчалекция окуган. Анын илимий – педагогикалык эмгектерин кыргыз тилин окутуу – методикасынын башаты десек болот. Кийинчерээк бул илимге К.О.Бакеев, Э.Бердибаев, Ж.Жаныбаев, Д.Майрыков, А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, К.Сартбаев, С.Үсөналиев, С.Кудайбергенов, Б.Рысбекова, С.Рысбаев, Б.Чокошева, М.Раимбекова, С.Сакеева ж.б. педагог-окумуштуулар өз эмгектерин сиңиришти. Алар өз кезегинде Н.Крупская, А.Луначарский, В.А.Сухомлинский, Я.А.Каменский, Ф.И.Буслаев, К.Д.Ушинский, А.В.Текучев ж.б. окумуштуулардын илимий-методикалык мурастарын үйрөнүшкөн жана пайдаланышкан.

**Кыргыз элинин тунгуч агартуучусу – Э.Арабаев.** Агартуучу, окумуштуу, тилчи, котормочу, саясий ишмер Эшенаалы Арабаев 1882-жыл Кочкор району Күн-Батыш айылында (кийинки «Комсомол» совхозунда) катаган (чекир саяк) уруусунда орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Караколдогу мусулман мечитке окууга жиберилген. Анда кат таанығандан кийин ошол жердеги татарлардын мектебинде беш жыл билим алууну уланткан. Анын зээндүүлүгүн байкаган мугалим Заиров Тайырдын сунушу менен Россиянин Оренбург шаарындагы мектепке жиберилген. Ал жерде окууга өтө албайт, Константинополго (Стамбулга) барып, түрк лицей мектебинин үчүнчү классына кабыл алынган. Алты ай окугандан кийин мусулман дүйнөсүнүн диний борбору, ыйык шаарлары

болгон Арабиянын Измир, Бейрут, Мекке, Медина шаарларында бир жарым ай чамасында болуп, зиярат жасап, кайрадан Константиполго келип окуусун уланткан. Бирок Константинополдогу диний мектептин аягына чыкпастан кайрадан Оренбург шаарына кетүүгө аргасыз болгон. Оренбург шаарында Хусейин медресесинде бир жыл окуйт.

1910-жылы Уфа шаарына келип, «Галия» медресесине кирип, 1913-жылы аны бүтүргөн.

1913-1916-жылдарда Тоң районундагы аймакта жана Нарын өрөнүндөгү балдарды окуткан. Тоң районунда Тогуз-Булак, Төрт-Күл кыштактарында балдарга билим берген.

1916-жылы падышалык бийликке Улуттук боштондук кыймылынын жеңилиши менен Ысык-Көл, Нарын өрөөнүндөгү кыргыздар менен бирге Кытайдын Синцзян уйгур автономиясында, азыркы Уч-Турпан, Кашгар, Ак-Суу аймактарына качып баруугa аргасыз болгон.

1917-жылы Совет бийлиги орногондон кийин, эл менен бирге өз жерине кайтып келген.

1917-жылдын аягында Оренбург шаарына барып, чоң жыйынга катышып, анда Кытайда калган кыргыздарды өз Мекенине алып келүү маселесин көтөргөн.

1918-жылы экинчи жолу Кытайдагы кыргыздарга барып, аларды өз жерине алып келүү ишине катышкан. 1918-жылы Тоң районуна келип агартуучулук ишине киришкен.

1918-1919-жалдарда Караколдогу эл агартуу тармагынын мусулмандар бөлүмүнүн орунбасары, 1919-1920-жылдарды Жети-Суу эл агартуусунда илимий-этнографиялык жана адабий материалдарды чогултуу жана жыйноо комиссиясынын жетекчиси, 1920-1921-жылдары Алматыдагы областык аткаруу комитетинин президиумунун мүчөсү, Жети-Суу кооперациялык союзунун Кыргызстан боюнча бөлүмүнүн башчысы, Жети-Суу райондук кеңештин сунушу боюнча «Кошчу» союзунун жетекчилигинин орун басары, 1920-жылы БАКтын сунушу менен облревкомдун мүчөлүгүнө шайланган.

1921-жылы 26-февралда РКП партиясынын мүчөлүгүнө өткөн. 1921-жылы өткөрүлгөн кеңеш өкмөтүнүн областык съездине делегат, «Кошчу» союзу аркылуу Жети-Суу реформасынын крайлык съездине делегат, андан соң Бүткүл Советтердин жалпы Союздук Москвадагы 9 съездине өкүл катары катышкан. Ал жерден В.И.Ленинди көргөн.

1922-жылы Батрактар (жарды-жалчы) уюмунун мүчөсү, Түркстан коммунистик партиясынын обкомунун мүчөсү, Түркстан коммунистик партиясынын Жети-Суу обкомунун, облшааркомунун мүчөсү болгон.

1922-жылы кыргыз интеллегенциясынын ичинен чыккан билимдүү, эл башкарган адамдары: Э.Арабаев, Ж.Абдрахманов, А.Сыдыков алгачкылардан болуп, Түркстан АССРинин карамагында өз алдынча Кыргыз областын түзүү маселесин көтөрүп чыгышкан.

Түркестан ВКП БК 1922-жылы март айындагы чечимине ылайык Түркстан БАК президиумунун пленуму Түндүк кыргыздарда казактардан бөлүп – Бишкек, Пржевальск, Нарын жана Аулие-Ата (Талас) тоолуу райондорду бириктирип, өз алдынча Толуу-Кыргыз областын түзүү, ал эми Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын өз алдынча бөлүнүш маселеси, ал региондо Совет бийлигине каршы жүрүп жаткан козголоң басылгандан кийин бул ишти чечүү маселеси каралган. Бул маселенин өз учуруна чечилишинде ар түрдүү тоскоолдуктар жана пикир келишпегендиктер болуп, ишке ашкан эмес.

РКПнын 12 съездинде 1923-жылы дагы улут маселесине байланыштуу иш каралган. Орто-Азиянын өз алдынча улуттук жактан бөлүштүрүү 1924-жылы 10-мартында Түркстан БАК президиумунун мүчөлөрү жана кандидаттары катышкан атайынкеңешмеде 12 киши чыгып сүйлөп, алардын ичинен жалгыз Э.Арбаев кыргыздарды улут катары казактардан бөлүүнү, ал эми коңшулаш кайсы мамлекетке: Туркстангабы же Россиянын карамагына калуу маселелерин чечүү иштерин Кара-кыргыздардын өзүнө калтыруунусунуш кылган. Кийинчерээк интеллегенциянын алдынкы өкүлдөрү: Ж.Абдрахманов, Э.Арабаев, А.Сыдыков Кара-кыргыз автономиялуу областын Россиянын карамагына калтырууну сунуш кылышкан.

Бул маселе РКП БКнын Орто Азия бюросунун 1924-жыл 28-апрелиндеги чечимине ыайык Орто Азия регионун улуттук жактан бөлүштүрүүгө өзбек, түркмен, кыргыз, казак, тажик улуттарынын өкүлдөрүнөн турган убактылуу комиссия түзүлүп, бул маселенин иштелип чыгышы БАК сессиясында каралып, Кара-кыргыз автономиялык областы өз алдынча РСФСРдин карамагында калтырылып, келечекте өз алдынча мамлекет катары өнүгүүнүн жолдору ачылган шарттар түзүлгөн.

1924-жылдын 3-июлунан тартып, Кара-кыргыз илим комиссиясынын төрагасы болуп кайрадан шайланат.

1924- жылы «Эркин-Тоо» газетасынын алгачкы үч кишиден турган редколлегиясынын мүчөсү болгон. «Эркин-Тоо» деген атты да Э.Арабаев койгон. Газетанын биринчи санына «Эркин-Тоо» деген аталыштагы макаласын жазган.

1925-жылдын 25-майынан тартып, областык эл агартуу бөлүмүнүн коллегия мүчөсү жана илим комиссиясынын төрагасы болуп кайрадан шайланат.

1926-жылдан баштап Э. Арабаевге түрдүүчө саясый айып коюлган. Козголончу "Отуз» тобуна катыштын деп, партиядан чыгарат. Кыргыздын биринчи агартуучусунун артынан «улутчул», «динчил» деген шылтоолор менен жамандык издешет.

1933-жылы 9-майда Э.Арабаев – «Социал-туран» партиясынын мүчөсү, революцияга каршы иш жүргүзгөн деген жалаа менен камакка алынган. Ташкентке 6-июнда алып келинет. Төргөөчү С.В.Левшин сурак кылып кирип чыккан. Эртеси Э.Арабаев

камерасында өлүп жаткан болот. 8-июнда соттук медициналык экспертиза Э.Арабаевди «насвай менен ууланган» деген жыйынтык чыгарат.

1957-жылы 26-июнда кызыАккагаз менен уулу Эркин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик коопсуздук комитетине кайрылышып, атасынын ишин кароону өтүнүшөт. 1958-жылы 9-июнда Э.Арабаевдин иши боюнча актоо токтому чыгат.

**2.Арабай уулу Эшеналы** – алгачкы кыргыз интеллегенциясынын көч баштагандарынын бири. Өз замандаштары, кесиптештери жана илим-билимге жаңыдан сапар тарткандарга арка болгон. Ал эми китептери 20 кылымдагы жаңы жазма адабиятыбыздын башатын түзгөн. Анын өмүрүнө жана чыгармачылыгына байланыштуу тактала турган жактары бир топ экендиги байкалат. Ошентип, анын агартуучулук жана илимий жолун, саясий ишмердигин терең изилдөө келечектин иши жана милдети.

Эшенаалы Арабаев өз эл-жеринде мугалим болуп, балдарды окутуп жүргөн жаш кезинде эле эне тилинде жазылган балдар үчүн окуу китептеринин жоктугуна аябай кейип, болочокто эне тилде басылып чыга турган китептер менен балдарды камсыз кылуунун айланасында көпкө чейин ойлонгон.

Залкар Молдо Кылычтын «Кысса-и Зилзала» чыгармасын которуп, баш сөзүндө Э.Арабаев минтип жазат: «МолдоКылычтын казалын окуп, ойлочу элем: Кап, сени! Кудай таала бизди жарык дүйнөгө чыгарса, анын «Зар заманын» китеп кылып бастырып, элиме таратсам дечү элем. Балдарга алиппе китебин окутуп жатканда, анын мазмунуна түшүнбөй: «Молдоке,бул эмне деген сөз?» - деп сураганда, өзүбүз маанисине түшүнбөгөндүктөн, эмне деп жоо берерибизди билбей, башка нерселерди айтчубуз, жалгыз калганда көзүбүздөн жаш чыккан учурлар да болгон. Медреседе окуп жүргөн шакирттер менен биргелешип, азыр өз оюбузду ишке ашырууга киришип жатабыз».

Ошол оюн тумушка ашыруу үчүн 1909-жылы Константинополдо окуп, Мекке, Мединага зыярат жасап, ажы болуп келгенден кийин да унутпастан, эсинде болду. Алыскы шаарларга барып билимин жогорулатуу менен окуу-жазуусу өнүккөн маданияттуу, билимдүү элдердин окуу-методикалык китептеринен кеңири пайдалануу зарыл экендигин түшүнөт. Ошол максатта Оренбургда болуп, Казанда бир жылча окугандан кийин, Уфа шаарындагы медресеге кирет.

Жакшы окуу менен китеп жазуу жөнүндөгү көптөн берки тынчын алган ойлорун турмушка ашыруу үчүн көп даярдыктарды көргөн. Өзү менен бирге окуган Х. Сарсекеев менен бирге «Шарк» басмасынан «Төтө окуу» алиппесин китеп кылып бастырат. (Арабаев, Сарсекеев, Алифба йаки төтө окуу. Уфа, 1911) Мындай китептин кыргыз-казак балдарына арналып басылып чыгышынын педагогикалык баалуулугу, жалпы эле кыргызэлинин

тарыхында алган орду, маданий эстелик катары чоң мааниге ээ болгондугун бардыгыбыз окуп,билебиз.

«Төтө окуу» алиппесин жазуу үчүн Э.Арабаев түрк элдеринин жана орус тилинде басылып чыккан окуу китептерин, анын методикалык түзүлүшүнө карата өйдө-ылдый жактары бар экендигин талдоого алуу менен, арабча тамгасында жазылган алиппенин негизинде кыргыз алфавитин иштеп чыккан.

Бул алиппе кыргыз тилинде чыккан окуу китептеринин көч башы болгонун бөтөнчө белгилеп кетиш керек. Эң негизиси – окуу китебин жазууда ошол кездеги өзбек, татар, казак тилинде чыккан алиппе китептери, өзгөчө И.Алтынсариндин, И.Гаспринскийдин, ал аркылуу К.Д.Ушинскийдин китептерин үлгү катары пайдаланган.

«Төтө окуу» алиппеси 74 сабакка ылайык түзүлүп, 35 сабагы алиппе мезгилине, калганы алиппеден кийинки мезгилге арналган. Мында ар бир тамга 1 саатта өтүлбөй, кээде 1 эле саатта 2-3 тамга үйрөтүлгөн.

Биринчи сабакта а, б, т тамгалары өтүлсө, кийинкиде й, г, л, м, н, о, д, с, з тамгаларынын ар бирин өзүнчө сабак катары берилип, андан тышкары мурда өтүлгөнтамгалар да кайталанган.

Тигил же бул тамганы өтүүгө байланыштуу берилген муун жана сөздөрдүн саны да ар түрдүү болуп, биринде жалаң гана муундар берилсе, экинчисинде, андан тышкары бир катар сөздөр жана сөз айкаштары бар экендигин көрүүтө болот. Ар бир тамганы өтүүгө байланыштуу берилген сөздөрдүн саны да бирдей эмес. Мисалы, Д тамгасына караганда К тамгасында берилген сөздөрдүн саны көп.

Айрым тамгаларды бир саатта өтүү менен гана чектелсе, Н, Д, К, З, Ж тамгалары 2-3 сабакка чейин кайталанып, аны үйрөтүүгө берилген сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн саны да ошончо көбөйүп кеткен.

Ушуга байланыштуу, алиппеде ар бир тамганын оор-жеңилдиги, тилибизде көп колдонулушу толук эсепке алынбагандыктан, бир катар баш аламандыкка жол берилгендиги байкалат.

«Төтө окуу» жаңы усул менен окуткан мектептерге арналып, тыбыш метод менен жазылгандыктан, окуучулардын сабатсыздыгынын жоюлушун бир кыйла тездеткен.

Китепте ө, ү тамгалары, созулма үндүүлөр татар тилине ылайыкташып, созулма үндүүлөр катышкан сөздө кыска үндүүлөр менен ары (аары), таны (тааны), була (буула), сусар (суусар), окууга (окууга) болуп, же созулмалар эки башка үндүү тыбыштар менен коун, саук, жаолук, жалкао, санао, сексеул деп берилген.

Ошондой эле айрым сөздөрдөгү кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштардын ээрчишүүлөрү, уңгу жана мүчөнүн жазылышы эне тилибиздин адабий нормасына ылайык келбейт.

Алиппенин экинчи жарымында тигил же бул тема боюнча сөздөр жана окуучулар жеңил түшүнө тургандай кыска аңгемелер, тексттер тандалып алынган.

Алиппеден кийинки мезгилде үй шаймандары, жапайы айбандар, бак-дарактар, канаттуулар, жер-суунун аттары берилип, «Жалкоо менен ишкер бала», «Жакшы менен жаман бала», «Балдардын туулгандан баштап өсүшү» деген темада чакан тексттер берилип, окуучулардын сөзүн өстүрүү максатында «Бүркүт менен карга, «Бака менен чычкан», «Ач карышкыр», «Эки чымын» деген жомок-тамсилдер киргизилген. Алардан тшкары 28, 29, 30-сабактарда жер аттары, куш аттары, талаадагы аңдар берилген.

Авторлор китепке берилген текстердин мүмкүн болушунча көлөмү кыска, тарбиялык маанисинин чоң болушун эсепке алып, баланы шар окуп, мазмунун айтып берүүгө машыктыруу максатын көздөгөн.

«Төтө окуу алиппеси» окуучулардын сабатсыздыгын жоюуну тездеткен өтө керектүү окуу китеби болгон, ушуга байланыштуу элге билим берүүгө байланыштуу төмөнкү пикирди айтууга болот:

1. Кыргызстан Россиянын курамынакиргенден тартып элге билим берүү ишинде бир катар өзгөртүүлөр болуп, жаңы усулдагы мусулман, орус-тузем мектептери, училищалары, гимназиялар ачылып, окуу процессинде сабактарынан тышкары математика, тарых, география, табият тааану боюнча бир катар тиешелүү маалыматтар бериле баштады.
2. Алдынкы орус педагогдорунун, Түркстандан чыккан агартуучу-педагогдордун тажрыйбаларын жайылтуу менен, алардын таасири астында окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүүдө методикалык реформа жүргүзүлүп, тамга методунан тыбыш методуна өтүү менен балдардын сабатсыздыгынжоюунун жеңил, оңой жолуна түштү.
3. Эки усул менен окуткан дин китептерине караганда түрк тилдеринде жазылган бир катар жаңы окуу китептеринде жазылган бир катар жаңы окуу китептери артыкчылыкка ээ болгон, ошол кездеги педагогика жана методиканын абалын бир тепкичке жогорулатты.
4. Орто Азияда жана Казакстанда типографиялар, литографиялар ачылып, мезгилдүү басма сөздө, адабий жана педагогикалык мазмундагы китептерди басып чыгаруу жагы жакшыртылып, оригиналдуу жана котормо окуу китептеринин саны көбөйө баштады.

5. Эл агартууиштерине жүргүзүлгөн реформанын негизинде жаңы типте ачылган мектептерде окуу процессине алдыңкы мугалимдердин өз ишине болгон чыгармачылык мамилеси жакшырып, сабакты эне тилинде окутуунун натыйжасында бир катар жетишкендиктер болуп, ага И.Арабаев сыяктуу окумуштуу-агартуучулардын кошкон салымы зор болгон.

1912-жылы И.Арабаевдин «Жазуу өрнөктөрү» деген китепчеси Оренбург шаарындагы «Вахи» басмасынан жарыкка чыгат. Анын көлөмү кичине болуп 18-бетке чейин ар бир тамганын элементтери, туура жазуунун үлгүлөрү көрсөтүлсө, 35-бетине чейин көлөмү чакан тексттер берилген. Бардык маданий эстелиги катарында мааниси эң чоң. И.Арабаевдин «Жазуу өрнөктөрү» деген китепчеси эне тилине жакындаштырылып жазылган эң алгачкы окуу китеби болуп саналат.

1932-жылы Д.Шамгунов менен бирдикте жети жылдык мектептерге арналган «Табият таануу алиппеси» деген окуу китеби басылат.

Эл агартуу иштерин жакшыртуууга байланыштуу мектептерде окутуунун жаңы мазмуну киргизилип, окутуу системасын кайрадан түзүү менен ГУСтун программасы жетекчиликке алынат.

Ар бир сабактын мазмунун жаратылыш, коом, эмгек жөнүндөгү маалыматтардын түрүндө, комплекстик программанын негизинде окутулуп, бардык класстарда тарыхтагы эл массасынын ролуна, эстетикалык тарбияга өзгөчө көңүл бурулат.

Башталгыч класстарга арналган ГУСтун программасы биринчи жолу кыргыз тилинде 1927-жылы түзүлүп, анын негизги максаты окуучуларды коомдук турмушка активдүү катыштырып, окуучуну турмушка жакындатуу болгондуктан, анын «Метод жөнүндө эскерүүлөр», «Тил жөнүндөгү билимдерди иш жүзүндө колдонуу» деген бөлүмдөрүнө ар бир топко жаңы теманы кантип түшүндүрүүнүн жолдору, үйгө берилген тапшырманын түрлөрү, өтүлгөн теманы практикалык жактан өздөштүрүүнүн методикалык ыкмалары, суроо жана тапшырмаларды түзүүнүн жолдорун көрөткөн пайдалуу кеңештер берилген.

Анда окуучулар теманы канчалык өздөштүргөнүн айтып берүү менен гана чектелбей, оозеки жана жазуу иштерин жакшыртып, сүрөт иштөөгө, китептен жана мезгилдүү басма сөздөн окуганын айтып берүүгө, ар кандай иш кагаздарын жазууга үйрөтүүнүн мааниси чоң экендигин баса белгилеп көрсөткөн.

Э.Арабаев жаңы программалардын талабына ылайык 1928-жылдан тартып мектептерге жана чондорго арналган алиппе китептерин бүтүн сөз методунун негизинде жаза баштаган, жаңы методдун негизинде түзүлгөн математика, география окуу китептеринин бир тобу И.Арабаев тарабынан которулган. Билими жана тажрыйбасы чоң

болгондуктан, 3-4 класстарга арналган «Табият таануу алиппесин» түзүү Кыргызстан эл агартуу комиссариаты тарабынан Д. Шамгунов экөөнө тапшырылган.

Алар кол жазманы 1930-жылы бүтүрүп, китептин кол жазмасына карата жазылган ар кандай сын-пикирлер авторлор тарабынан оңдолуп, окуу-метод сектору тарабынан башталгыч класстарга жарактуу деп табылгандан кийин басмага беришкен. Кырмамбастын жолдомосу менен Москвага жөнөтүлүп, 1932-жылы 5000 нускада жарык көрөт. (түзүүчүлөр: И. Арабаев, Д. Шамгунов. Табият таануу алиппеси. СССР элдеринин басмасы жана Кырмамбас. – М., 1932. -264 бет.)

«Табият таануу алиппеси» мазмуну жана тематикасы жагынан абдан баалуу жана көп кырдуу окуу китеби. Кириш сөзүндө мындай пикирлер айтылат: Китептин көп материалдары коллектив тарабынан жазылып, 1930-жылы Татмамбас тарабынан басылган «Табияттын иш китебинен» алынган.

Мүмкүн болгон жеринде Кыргызстандын табиятынан көп материалдар кошулган, башталгыч класстарды 3-4 класстарынын программасына ылайык табиятты байкоо, текшерүү жолу менен үйрөнүүгө негизделип түзүлгөн, ар бир темага карата суроо-тапшырмалар берилген. Бул суроо-тапшырмаларды жөн эле окуп койбостон, мазмунун үйрөнүп, класстагы окуучуларды топторго бөлүштүрүп, ошол суроолорго жооп таап, жыйынтыгы боюнча өзүлөрү билгендерин жазып, окуп берүүгө тийиш экендиги көрсөтүлгөн.

Бул окуу китебинин дагы бир өзгөчөлүгү комплекстик методдун негизинде жазылып, окуучулардын өз бетинче иштөөлөрүн жакшыртуу максатында тигил же бул суроолорго ылайык жоопторду табууга ылайыктап, көп жактуу иштерди жүргүзгөн.

Бул окуу китебинин мазмуну менен таанышып, Москвадагы улуттук басмакананын кыргыз секциясынын редактору З.Бектенов, У. Абдукаимовдор кол жазмага мындай пикир айтышкан:

«Мектепте бала окутуу иштери жаңы методго туш келип, жаңы багыт алып,жаңы окуу китептери максатка ылайык түзүлүп жатат. Мектепте баланы окутуу жана тарбиялоонун жаңы талабына ылайык түзүлгөн жаңы окуу китебинин бири ушул китеп болуп саналат. Бул китеп кыргыз тилинде биринчи жолу 1930-жылы түзүлдү, кээ бир кемчиликтер: жеңил методдор менен түшүндүрүү, өзүнчө иштөө үчүн суроо-тапшырмалар берүү, суроого китептин өзүнөн жоопторду таап алуу ж.б. кеткени байкалат.

Ошондой болсо да, жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүү законун аткаруу жагы курч коюлуп жаткан учурда, бул өңдүү окуу китептеринин түзүлүшү биз үчүн олжо. Бул китеп башталгыч класстын окуучулары гана эмес, атайын билим берүүчү орто окуу

жайларынын даярдоо бөлүмдөрү жана кыска мөөнөттүү курстарды бүтүп¸мугалим иштегендер өз бетинче даярдануу жагынан да мааниси чоң болуп эсептелет.

Китептин жалпы көлөмү 264 бет мазмуну жагынан жалаң гана жаратылыштын кубулуштары жөнүндө эмес, айыл-кыштак чарбасы, токой чарбачылыгы, өнөр жай, кишинин дене түзүлүшү, ар кандай кеңештер ж.б. бөлүмдөр кошумчаланган. Бул сыяктуу китептерди көп чыгарышса, окуучулардын илимге болгон кызыгуусун өстүрүп аз болсо да бизди курчап турган экологиянын сырларына түшүнүп, окуучуладын кругозорун бир топ кеңейтип ар кандай илимдин тармактарынан тешелүү маалымат алууга жетишүүгө болот. Бул китептин мазмуну окуучуларга кеңири таралсын үчүн өнөр жайы, айыл чарба, илим жана техника, кишинин анатомиясы, физиологиясы, жер жана космос, жыл мезгилдеринин алмашып турушу, Кыргызстандын суулары, көлдөрү, өсүмдүгү, жаныбарлары, спорт, музыка, театр, искусство, китептердин тарыхы, электричество, медицина, радио, теле берүүлөр, ж.б. жөнүндө көлөмү чакан, ар кандай сүрөттөр менен кооздолгон, башталгыч класстардын окуучуларына түшүнүктүү, так, кыска, маанилүү кошумча маалымат берүүгө кошумча окуу куралдарын көбүрөөк басмадан чыгарууга жетишүү керек. Азыркы өнүккөн мезгил ушулдарды талап кылат.

Э.Арабаев менен Д.Шамгунов түзгөн «Табият таануу алиппеси» мазмуну, манииси эң зарыл болгон китеп. Китептеги ар бир бөлүмдө көргөзүлгөн материалдар окуучуларды көп пайдалуу нерселерди билүүгө, жаңылыктар менен тааныштырып, пайдалуу иштерди бүтүрүүгө, ден-соолук үчүн да пайдалуу кеңештерди берген. Бул китептин басылып чыкканына көп жыл болсо да, бүгүнкү күнгө чейин эскирбестен, окуучуларды кызыктырган пайдалуу материалдар берилген. «Табияттын иш китеби» деп аталса да, түзүүчүлөр аны «Табият таануу алиппеси» деп аталганы да ушуга байланыштуу.

Э.Арабаев араб тамгасынан пайдаланып, алгачкы алиппе китебин түзгөн. Толуктап, өзгөртүүлөр киргизип, 20 жылдан ашык мектеп окуучулары, чоң кишилер да ушул алиппеден сабаттуу болууга жетишкен.

«Табият таануу алиппеси» - комплекстик программага ылайыкталып, коом, эмгек, табияттын кубулуштарына арналган окуу китеби болгон. Анын жарык көрүшү чоң жаңылык катары коом тарабынан бааланган.

Биз жогоруда сөз кылган «Табият таануу алиппеси» кыргыз элине, журтчулугуна, аны ичинде мектеп окуучуларына эң зарыл, таза суу абадай керектүү китеп болгон. Бул китепте Э. Арабаев менен Д. Шамгунов экология, биология, мекен таануу, география, астрономия илимдеринин негизинде окуучулардын билимине, кабыл алуусуна багыттап, жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен жерди, кең байлыкты, жаратылышты сүйүү, коргоо, аны көздүн карегиндей сактоого, окуучуларды Ата Мекенди коргоого, сүйүүгө, эл-жерин

барктоого карата тарбиялоо жана окутуу маселелерине карата өзгөчөлүктөрдү эске алуу менениш жүргүзгөн.

Жарык көргөн эмгектери:

Китептери:

1. Арабай уулу Эшеналы, Сарсакеев Хафиз. Алипбэ йаки төтө окуу. – Уфа: Шарк, 1912. -52б.
2. Арабай уулу Эшеналы. Жазуу өрнөктөрү. – Оренбург: Вакыт, 1912.
3. Арабай уулу Эшеналы. Кыргы алиппеси. – Ташкент: Орто Азия мамлекеттик басмасы, 1924 – 58 б.
4. Арабай уулу Эшеналы. Кыргыз алиппеси. – Ондолуп. 2—бас.- М.: СССр калктарынын борбор. Басмасы, 1925. – 64 б.
5. Арабай уулу Эшеналы. Жазуу жолунда саамалык: (Эне тилинин жазуу өрнөгү боюнча мугалимдер үчүн колдонмо). – М.: СССР калктарынын борбордук басмасы, 1925. -24б.
6. Арабай уулу Эшеналы. Баштооч мектептерде эсеп үйрөтүү жолу. –М.: СССр калктарыные борбордук басмасы, 1925.
7. Арабай уулу Эшеналы. Кыргыз алппеси: (Башталгыч мектептер үчүн). -2-бас. – М.: СССР калктарынын борборук басмасы, 1925. -61.
8. Арабай уулу Эшеналы. Сабатсыздыкты жоюу алиппеси. –Пишпек. 1925. -106б.
9. Арабай уулу Эшеналы. Алиппе. – М: СССР калктарынын борбордук басмасы жана Кыргызмамбас, 1926 -84б.
10. Арабай уулу Эшеналы. Кыргыз алиппеси: (Башталгыч мектептер үчүн). – Оңдолуп-толукталып 3-бас. – Фрунзе:. Кыргызмамбас, 1928 б. (араб тамгасы менен).
11. Арабай уулу Эшеналы, Караай уулу Кусайын. Жаңылык: (Чоңдор үчүн алиппе). – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1928. -84 б, (латын тамгасы менен).
12. Арабай уулу Эшеналы, Нааат уулу Сатыбалды. Биздин мектеп: (Балдар алиппеси). – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1930. – 112 б. (латын тамгасы менен).
13. Арабай уулу Эшеналы. Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмо. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1931.
14. Арабай уулу Эшеналы, Шамгунов Д. Табият таануу: (Толук эмес орто мектептер үчүн). – М.: Центрздат, 1932.
15. Арабай уулу Эшеналы. Алгы сөз: (Молдо Кылычты эскерүүсүнөн). – Ала-Тоо. – 1989. - №12. -136-б.

Жыйнактарга, журналдарга, газеталарга жарыяланган макалалары:

16. Арабай уулу Эшеналы. Оренбургдан Ташкенге чейи: (Жол очерки) Айжан. – 1912. - №1.
17. Арабай уулу эшеналы. Бечара кргыз боорунарды унутпагыла! Казак. – 1917. – 7-ноябрь (№236)
18. Арабай уулу Эшеналы. Эркин-Тоо: (Публицистикалык макала) Эркин-Тоо. – 1924. - 7-ноябрь. - №1.

**Бастырып чыгарган, редакциялаган, түзгон эмгектери:**

1. Молдо кылыч Шамыркан уулу. Кысса-и Зилзала… - Казан. – 1911.
2. В. И. Ленин, анын өмур баяны жана иштегн иши. – Ташкент. – 1925. 9булжыйнакка Абылкасым Жутакеевдин «Ленин кошогу» деген чыгармасы киргизилген).
3. Актан уулуТыныбек. Элдик эпос – «Семетей». – М.: ЦИН СССр, 1925. – 185 б. (бул эмгекти Тыныбектин «Манасынын» өтө көркөм «Семетей» бөлүмүнөн үзүндүнү Тондук Д. Эсенаиевдин айтуусунан көчүртүп алга).
4. Жакыпбек уулу Боогачы. Секетбай. – М.: Центриздат, 1925. – 64б.

**Которгон эмгектери:**

1. Иванов Г.И. географиянын башталгыч курсу: (1-бөлүм). – М.: Центриздат, 1925. – 164. (орусчадан которгон).
2. Капринский О. эмгекчи дыйкандардын көмөсү. – М.: Ценриздат, 1925. – (орусчадан которгон).
3. Ленин. В.И, жаштар союзунун милдеттери. – М.: Центриздат 1926.
4. Метр чендери. – М., 1927. -28б.

**Катышкан съездери, курултайлары:**

1. 1921-жылы «Кошчу» союзунун 1-съездине делегат болуп катышкан.
2. 1922-ж. Москва шаарында өткөн Бүткүл Россиялык Советтердин 9-съездине делегат болуп катышат.
3. 1924-ж. июль айында Оренбург шаарында өткөн казак-кыргыз илимпоздорунун 1-съездине катышып, доклад жасайт, президиумдун составына шайланат.
4. 1926-ж. Баку шаарында өткөн 1-түркологиялык съездге Осмонкул Алиев. Касым Тыныстановдор менен катышат.

**Өмүр жолу, эмгектер, чыгармачылыгы жөнүндө:**

1. Арабаев Эшеналы \ Иссык-Куль, Нарын: (Энциклопедия). – Ф., 1991.-205-206-б.
2. Арабаев илимий окуулары: (өмүрү жана чыгармачылыгына, эстелигин ачууга арналган илимий оку баяндамаларынын тзистери, 23.12.1993). – Бишкек, 1993. -30б.
3. Асанов У. А., Жуманазарова А.З., Чоротегин Т.К. Кто есть кто в кыргызской науке. – Бишкек: Главная ред. Кыргызской энциклопдии, 1997. -33б.

4. Бектенов З. Окумуштуу-агартуучу И. Арабаев: (Кыргыздын алгачкы алфавитин, алипбээсин түзгөн) \ Кыргызстан маданияты. – 16.06.1998.
5. Бакинова Г. Эшеналы Арабай уулуу – Кочкор оворунун өкүлү, кыргыз адабий тилине негиз салуучу \ Ишеналы Арабаев: (туулган күнүнүн 110 жылдыгына рналган жыйнак). – Бишкек, 1993. – 92-98-б.
6. Бобулов К. кыргыздын күнөз ачкач \ эне тил. – 1993. – январь (үчтүн айы - № 1\37\). Бул макаласында автор Кыргыз мамлеттик педагогика институтуна И. Аорабаевдин атын берүү жөнүндө оюн айтйт).
7. Жапаров Ш. Арабай уулу Эшенаалынын жарык көргөн эмгектери. \ Арабаев илимий окуулары. – Бишкек, 199324-28-6.
8. Эшенаалы Арабаев: (Туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган жыйнак). – Бишкек: Илим, 1993 -116 б
9. Маанаев Э. Е. Арабаев – алачкы агартуучу, окуумуштуу жана саясий комдук ишмер – Бишкек, 1999. -46б.
10. Маанаев Э., Осмонкулов А. Э. Арабаев – Кыргыз элинин алгачкы агартуучу-окумуштуусу жана Бишкек, 1999. -46б.
11. Осмонкулов А. Э. Арабаев –көрүнүктүү агартуу. – Б.: Мектеп, 1989. 104 б.
12. Сыдыкбеков Т. Ишеналы Арабай уулу: (Кыргыздын туңгуч басма сөзү болуп калган кыргыздын алгачкы агартуучусунун тагдыры жана иши жөнүндө) \ Советти Кыргызстан, 23.06.1988.
13. Урстанбеков Б.У., Чороев Т. К. Кыргыз тарыхы: (Кыскача энциклопедялык сөздүк. Мектеп окуучулары үчүн). – Фрнзе: Кыргыз совет энциклопедиясынын башкы редакцияс, 1990 – 201-б.
14. Абдрахманов т., Кубатова А., Байдилдеев Ж. эки доор инсаны – Эшеналы Арабаев. – Бишкек, 2013. -244б.

**Арабаевдн араб, латын графикасынан кириллицага түшүрүлгөн мгектери:**

1. Арабай уулу Эшенаалы. Кыргыз алиппеси. – Ташкент: Орто Азия мамлекеттик басмасы, 1924 (редактор С. Рыспаев).
2. **Э.Арабаев. Алгачкы эмгектер:** Алифба йаки төтө окуу (1911), Кыргыз алипбеси (1924), Жазуу жолундагы саамалык (1925), Кыргыз алиппеси (1928).-1-2-басылыш.-Бишкек, 2011, 2012. Алиппенин 100 жылдыгына карата Э. Арабаевдин тунгуч араб графикасында жазылган эмгекткрин жалпы окурмандарга түшүнүктүү кирилица арибине которуп, басмага даярдаганда: С. Өжөрбаева, Ж. Эшманбетов, А. Акунова, Б. Чокошева.

3. **Арабай уулу Эшеналы, Карасай уулу Кусайын. Жаңылык. – бишкек, 2013. Арабай уулу Эшенаалы, Шамгунов Д. Табият таануу.** – Бишкек, 2013. Э. Арабаевдин 130 жылдыгына карата туңгуч агартуучунун латын графикасында жазылган эмгектерин кириллицага оодаргандар: Т. Абдырахманов, М. Эсенгулова, Э. Турсунова, Г. Исмаилова, Н. Рахматова.

Э.Арабаевдин агартуучулук ишин улантуучу – шакирттери катары К.Тыныстанов, К.Карасаев, С.Нааматов, М.Жаңыбаев, А.Идирисов, С.Бектенов, С.Турусбеков, Ж.Мукамбаев, К.Сартбаев, Б.Рысбекова ж.б. билим берүү тармагында ак ниети менен жигердүү эмгектенип жаткан бардык агартуу кызматкерлерин атоого болот.

## ЛЕКЦИЯ 5 (2 саат)

## Тема: Башталгыч мектепте мугалимдин кыргыз тили сабагына даярдануусу.

Маселелер:

1.Кыргызстандагы билим берүү системасы.

2.Башталгыч мектепте кыргыз тилинен сабак берген мугалим кандай методологияларга таянып иш алып барат?

3.Педагогикалык технологиялар.

**1.Кыргызстандагы билим берүү системасы.**

Азыркы мезгилде коомдогу тарбия жана билим берүү иши атайын түзүлгөн педагогикалык системалар аркылуу иш жүзүнө ашырылат.Бул системалар педагогика илиминин негизи жана өтө татаал объектиси болуп саналат.Ал эми системанын элементтеринин бири-бири менен болгон туруктуу байланыштары алардын структурасын түзөт.Ишмердүүлүгү белгилүү бир максатка баш ийдирилген аракетке келип жаткан структурадан анын системасы келип чыгат. Ишмердүүлүктүн тигил же бул түрүн биргелешип аткарууга катышкан жана алардын максаттарын иш жүзүнө ашырышкан адамдар да ошол системаны түзүшөт.Коомдогу мындай билим максатын иш жүзүнө ашыра турган система болуп билим берүү системасы эсептелет.Кыргызстанда билим берүү системасы бири-бири менен байланыштуу болгон:

• мамлекеттик билим берүү стандарты;

•билим берүү мекемелери;

•башкаруу бөлүмдөрү деген бөлүктөрдөн турат.

Мамлекеттик билим берүү стандарты ар бир билим берүү мекемесинин окуу программасынын мазмунун аныктайт.Мамлекеттик стандартжалпы жана кесиптик билим берүү болуп экиге бөлүнөт.

Жалпы билим берүү программасы:

•мектепке чейинки билим берүү;

•башталгыч билим берүү (1-4класс);

•негизги билим берүү(5-9класс);

•орто(толук) билим берүү(10-11-класс) болуп бөлүнөт.

Ал эми кесиптик билим берүү программасы:

•баштапкы кесиптик билим берүү;

•ортоңку кесиптик билим берүү;

•жогорку кесиптик билим берүү;

•кесиптик билим берүү болуп бөлүнөт.

Билим берүү мекемелерине:

•мектепке чейинки (бала-бакчалар);

•жалпы билим берүү(башталгыч,негизги жана орто окуу жайлары);

•кесиптик билим берүү (башталгыч,орто,жогорку,жогорудан кийинки);

•кошумча билим берүү (балдарга,чоңдорго факультатив курстар, семинарлар ж.б)

•коррекциялык атайын билим берүү (өнүгүүсү артта калган балдар үчүн);

•жетим балдар жана кароосуз калган балдарга билим берүү кирет.

Азыркы Кыргызстанда жалпы билим берүү мектептерден башка гимназия,лицей,колледж тереңдетилген билим берүү мектептери, автордук мектептер,“Бала-бакча-мектеп,»Мектеп-ЖОЖ» деген комплекстер, жогорку билим берүүчү күндүзгү, сырттан окуу, дистанттык мекемелер иштейт ЖОЖдор Болонья келишимине кол коюшуп,сааттарды кредиттештирүүгө өтүп жатышат.

Жогоруда аталган системалардын бири болуп башталгыч мектепте билим,тарбия берген мугалимдер жамааты менен билим, тарбия алган окуучулар жамааты эсептелет.Учурда билим берүү тармагында жүрүп жаткан реформалар, жаңылануулар башталгыч мектептин алдына коомдун мындан аркы өнүгүшүнүн талаптарына ылайык окуучуларга билим жана тарбия берүүнүн так, ачык концепцияларын аныктоо,методологиялык негиздерин тактоо сыяктуу талаптарды коюп жатат.Эң негизги максат болуп ар кандай көрүнүштөргө,кубулуштарга,чөйрөгө,коомдук, социалдык маселелерге өз бет алдынча мамиле жасай билген,бардык жагынан өсүп жетилген адамды тарбиялап чыгаруу процессин камсыз кылуу болуп саналат.Анткени муну турмуштун өзү талап кылып

жатат.Кандай гана предметтин мазмуну болбосун,билим берүүчү мекемелер инсанга билим жана тарбия берүү милдетин көздөшөт.Себеби,педагогика-бул тарбиялоо,окутуу жана билим берүү жөнүндө илим.Ал эми методика-педагогика илиминин бир тармагы.Демек,мугалим кайсы гана предметти окутпасын,инсан менен жогоруда айтылган 3 багыт боюнча иш алып барат.Аларга аныктама берсек :

1.**Окутуу**-бул мугалимдин жана окутуучунун жетекчилиги астында инсандын билимге,көнүмгө,адатка ээ болуусу. Ошонун негизинде таануучулук жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн,дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруу дегендик;

**2.Билим берүү**-системалуу түрдөгү билим, көнүм,адат, алардын системалаштырылган туундусу, мамлекеттин жаранга берген илимдеринин жыйындысы болуп саналат.

**3.Тарбия берүү**-бул коомдун таламдарына ылайык максаттуу түрдө жеке инсандын калыптанышын системалуу түрдө башкаруу дегендик.

Мына ушул багыттарды иш жүзүнө ашыруу башталгыч мектепте эмгектенген ар бир мугалимдин милдети,эми бул милдетти ишке ашырууда башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы кандай илимийметодологиялык негизге таянып иш жүргүзөт деген суроо туулат.

**2.Башталгыч мектепте кыргыз тилинен сабак берген мугалим кандай методологияга таянып иш алып барат?**

Илимдин методологиясы-бул тигил же бул илимде колдонуучу изилдөө ыктарынын жыйындысы,б.а, тигил же бул илимдин, предметтин колдонуучу илимий изилдөөнүн методдору жана принциптери.Илимдин өнүгүшү илимий таануунун ыктарын теориялык жактан негиздөө зарылдыгын жараткан. Илимий методологияны иштеп чыгуу 16-17 -кылымдарда эле башталган, ага англиялык философ- Френсис Бекон(1561-1626) жана француз философ-материалисти Деле Декард(1596-1650) негиз салышкан.Кандайдыр бир билимдер системасын үйрөнүп жаткан ар бир адам илимий методологиянын негиздерин билип,таянып билүүгө шыгы, жөндөмү болушу зарыл.Анткени башталгыч класстын мугалими өз кезинде окуучулардын билимдерин изилдөө, иликтөөиштеринде суроо-жооп ( интервью, анкета, тестирлөө),байкоо, рейтинг,өзүн-өзү баалоо эксперимент, анализ, синтез, индукция,дедукция , салыштыруу ж.б.у.с. педагогикалык изилдөө методдорун колдонот жана алардын көрсөткүчтөрү боюнча жыйынтык чыгарат.

Кыргыз тилин окутуунун методикасынын жаңы түзүлүп,калыптануу мезгилиндемына ушул жогоруда айтылган педагогикалык жетишкендиктерге таянып учурдун талабына, мезгилдин үнүнө шайкеш кылып, алымча-кошумча, өстүрүп-өркүндөтүү аркылуу өз ишмердүүлүгүбүздө пайдаланышыбыз керек.Бизге чейин прогрессивдүү педогогдор,

методисттер, көрүнүктүү ойчулдар тарабынан көп баалуу педогогикалык, методикалык идеялар айтылган. Илимий педагогиканын жана методиканын пайда болуш жана өнүгүш тарыхын билүү, илимдин азыркы учурдагы проблемаларын белгилөөдө жана чечүү үчүн негиз болуп саналат.Ошону менен бирге педагогикалык методологиялык принциптери жетекчиликке алынышы керек.Алар:

1.Системалуулук принциби-педагогикалык процессте окуу-тарбия максаты, мазмуну, усулдары жана түрлөрү, каражаты комплексттүү түрдө бири-бири менен тыгыз байланышта жана үзгүлтүксүз экендигин билдирет.

2.Курактык жекече өзгөчөлүктөрдү эске алуу принциби-инсанга багытталган,анын жекече жана жаш өзгөчөлүгүн эске алып,табигый шыгын өстүрүүгө шарт түзүү менен керт башынын эркиндигин сактоо инсан катары сыйлоо, кемсинтпөө, кызыкчылыгына, керектөөсүнө таянып иш-аракет жүргүзүү;

3.Инсандын өнүгүүсүнүн негизи, чечүүчү шарты жана каражаты болгон иш-аракеттерди уюштуруу принциби;

4.Инсанга багытталган окуу-тарбия жана иш-аракеттерди уюштурууда диолог байланышын түзүү принциби.Адамдар бири-бири менен баарлашпай маалымат алышпай, сүйлөшпөй иш жүргүзө алышпайт;

5.Маданий жетишкендиктерди өздөштөрүү жана жаратуу принциби.Ар бир адамды жарата билген чыгармачыл адам катары кароо дегендик;

6.Элдик педагогикалык принцип.Окуу жана тарбия процессинде ар бир улуттун бай тажрыйбасын ошол улуттун өкүлү катары жана дуйнөлүк нравалык,интеллектуалдык ойлорду өздөштүргөн инсан катары калыптанышын эске алуу менен педагогикалык иш-аракеттерди уюштуруу;

7.К.Д.Ушинский негиздеген антропология принциби.Ал адам жөнүндө бардык илимдердин жетишкендиктерин системалуу түрдө пайдалануу дегенди билдирет.

Бул саналган педагогикалык принциптердин негизинде башталгыч мектептин өзүнө тиешелүү дидактикалык принциптери келип чыгат.Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда окуп-үйрөнүнүн төмөнкүдөй жалпы дидактикалык принциптерин эске алуу максатка ылайык келет:

•окутуунун жалпы дидактикалык принциби болуп эсептелген жөнөкөйдөн татаалга, белгилүүдөн белгисизге карай принциби башталгыч класстарда окуп- үйрөнүүнүн эң негизи багыты болууга тийиш;

•окутуу жана тарбиялоону бири -бири менен тыгыз байланышта алып баруу принцибинин сакталышы;

•окутуунун илимийлүүлүгү, системалуулугу жана ырааттуулугунун бузулбашы;

•окутуунун көрсөтмөлүүлүк принциби;
•окуучуларга чың билим берүү принциби;
•жеткиликтүү(түшүнүктүүлүк) принциби;
•окуучулардын активдүүлүгүн жана чыгармачыл өз алдынчалуулугун камсыз кылуу принциби;
• инсанга багытталган окутуу принциби;
•билим берүүнүн гумандуулук принциби;

Ал эми башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы тиешелүү фактыларды,ошондой эле эне тилинин маалыматтарын(фонетика,лексикология, фразеология,морфология,синтаксис, стилистика, орфография, пунктуация ж.б боюнча) тил илиминен алат да, эне тилине байланыштуу окутула турган жогорудагы көрсөткөн конкреттүү бөлүктөрдү кандайтил менен үйрөтүүнүн ыкмаларын иштеп чыгат.Алардын ордун тактап, алардын натыйжалуу,ыңгайлуу жолдорун аныктайт.Башталгыч мектепте кыргыз тилинен сабак берген окутуучу педагогикалык чеберчилигин традициялык педагогиканын жана азыркы учурда колдонулуп жаткан окутуунун жаңы технологияларын терең өздөштүрүп,айкалыштыруу менен жогорулата алат.

«Метод»-педагогикалык категория катары өтүлө турган матариалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт.20-кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я.Галант болгон, кийинчерээк дидактар М.Н.Скаткин,Н.Я. Лернер,М.А.Даниловдор бул маселеге кайрылышкан.Ал эми академик Ю.К.Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясындагы:

1.Айтып берүү методдору (аңгеме,түшүндүрүү,лекция,аңгемелешүү,окуу китеби менен иштөө ж.б);

2.Көрсөтмөлүүлүк(таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм,кино демонстрациялоо,музейге, өндүрүшкө, жаратылышка, экскурция ж.б);

3.Практикалык ( көнүгүү, көнүктүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу , эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу ж.б)

Бул традициялык методдор менен катар азыркы учурда проблемалык, программалык, компьютердик, интерактивдүү ж.б методдор жана алардын ар кыл ыкмалары да активдүү колдонулууда.

Түрк педогогу Т.Мехмед жана А.Алимбеков окутуунун методдорун төмөнкүдөй сыпатташат:

Түздөн-түз түшүндүрүү, же айтып берүү-педагогикалык тажрыйбада эң көп колдонулган салттуу методдордун бири.Окутуучу борборунда турган метод катары программалык билимди пассивдүү абалда отурган студенттерге жеткирүүдө көп колдонулат.Түздөн-түз

түшүндүрүү методдорунун бири-семинар ыкмасы докладчынын бир теманы эң кеми жаарым саат түшүндүрүшү жана андан соң суроо-жооп аркылуу ишке ашырылган ыкма.Конференция ыкмасы болсо негизинен, адистин кандайдыр бир тема боюнча белгилүү бир угуучулар тобуна баяндама жасалышы аркылуу ишке ашырылат.

Талкуу методу студент таламдуу чөйрөдө студенттердин өз ойлорун эркин ортого сала билүү, башкалардын көз карашын сыйлай билүү, өз ара карым-катышта болуу сыяктуу жөндөмдөрүн өстүрүүгө багытталган. Бул методдун негизги ыкмаларынын бири- чоң тайпаларда талкуу жаргүзүү.Ал эми чакан топтордогу талкуу чоң топту чакан топторго бөлүү аркылуу ишке ашырылат. Мында 22- топ, 44 – топ, 60- топ сыяктуу иш чаларды аткарууга болот. Баарлашуу ыкмасы, негизинен алдын-ала аныкталган бир тема боюнча 5-9 кишилик бир чакан топто өткөрүлгөн талкуу аркылуу ишке ашырылат. Мындан талкуу, эреже аркылуу катары чоң топтун алдында өткөрүлөт.Жарыш сөз ыкмасында бир темага байланыштуу макул, же каршы көз караштарын жактаган эки топ түзүлөт.Топтор алдын-ала даярдыктан өткөрүлгөн соң калыстар тобунун алдында өз көз караштарын талкууга коюшат.Жеңип чыккан топ калыстар тарабынанжарыяланат. Талкуу методунда колдонулган ыкмалардын дагы бири-мээге чабуул деп аталат. Ал окуучулардын оюна келген пикирлерин ошол заматта талкууга коюлушун жана талкууланган пикирлердин окуучулар арасындаколдоого алышын камсыз кылат.Өз ара толуктама баарлашуу ыкмасы (окуянын тескерисин жаса же айт деген ыкма) суроо жана жооп берүүчү эки тайпада ишке ашырылат.Топтор адегендеберилген темага даярданышат. Андан соң суроочулар тобу даярдаган суроолорун берсе,жооп берүүчүлөр тобу берилген суроолорго жооп кайтарат.Суроо-жооптун натыйжасында ийгиликкежетишкен, топ аныкталат. Симпозиум ыкмасында кандайдыр бир темага байланыштуу эки же андан көп баяндамачы дайындалат да, алар угуучулардын алдында баяндама жасашат.Угуучулар суроо-жооп учурунда талкууга катышат.Талкуунун жыйынтыгы баяндаманын мазмуну жана суроо-жооптун натыйжасы боюнча чыгарылат. Тегерек стол ыкмасында 10-15 студент уй мүйүз тарта отургузулат.Ар бир студент өзүнө берилген суроого жооп кайтарат.Алты калпактуу ыкмада класска алты башка маани ыйгарылган алты калпак тартылат.Талкууда ар ким өз калпагына туура келген көз караштарын билдирет.Максат: ар кандай пикирлерди айтуу жана талкууга алуу.

Суроо-жооп методу сабакта окуучулардын активдүүлүгүн жандандыруу максатында карым-катыш түзүүдө колдонулган метод болуп эсептелет.Суроолор максатына, жооптун түрүнө, үйрөтүү методуна, берилиш формасына жана кимге багытталгынына карай бири – биринен айырмаланат.Алар киришүү, сабакка багыттоо тести, сабакка даярдануу, сабак ичи, баалама жана кер байланыш суроолору болуп түркүмдөлөт.Бардык учурда

мугалимдин таасирлүү суроо бере билүүсү, б.а бул ыкманы натыйжалуу колдоно билүүсү талап кылынат.

Долбоор методу-кандайдыр бир маселенин жеке адам же жамаат тарабынан колго алынып жашоо турмушка өзгөчө зарыл болгон натыйжаларга жетүү максатын көздөгөн метод.

Маселе чечүү методу маселе чечүүнүн илимий негиздерин жетекчиликке алуу аркылуу студенттерге практикалык мүнөздөгү маселелерди чечүүнүн жол-жоболорун үйрөтүү максатын аркалайт.Көрсөтүп жасатуу методу кандайдыр бир иш-аракетти адегенде көрсөтүп андан окуучулардын өздөрүнө жасатууну көзөмөлдөп турат.Өрнөк окуя методу болуп өткөн же боло турган бир окуяны же кубулушту студенттерге айтып берүү жана ал окуяда баяндалган маселени суроо-жооп формасында талкуулоо аркылуу өткөрүлөт.Жеринде байкоо методу максаттуу жана пландуу түрдө мектептен башка бир чөйрөгө алып баруу жана жеринде байкоо жүргүзүү аркылуу студенттерди кандайдыр бир ишке үйрөтүү максатын аркалайт.

Роль ойноо методу роль аткаруу аркылуу студенттин туюм-сезимдерин жана ой жүгүртүүсүнөнүктүрүүгө багытталат.Окшоштуруу методу бир окуяны же маселени ар кандай өнүттөн талкуулоо, бир документти талдоо үчүн кандайдыр бир эрежелердин негизинде окшоштук белгилерди табууга, андай белгилердин моделин түзүүгө багытталган метод.Драма методу-окуяларды кайсы шартта кандай аракеттенүү керектигин өздөрүнө аткаруу аркылуу үйрөткөн ыкма.Анын табигый драма жана формалдык драма деген эки түрү бар.

Долбоор методу-кандайдыр бир маселенин жеке адам же жамаат тарабынан колго алынып жашоо-турмушка өзгөчө зарыл болгон натыйжаларга жетүү максатын көздөгөн метод.Программаны үйрөтүм методу жеке адамдын өз алдынча үйрөнүү өзгөчөлүктөрүн жетекчиликке алган жана программанын 2-мазмунун үйрөтүүгө жеңил болгонбөлүктөргө бөлүп, аларды ыраатуу жана белгилүү бир тартипте жайгаштыруу аркылуу сунуштаган, ошондой эле мурдагысын жакшылап үйрөнгөнгө чейин жаңы маалымат бербөөнү негиз туткан метод.Микро үйрөтүм-мугалимдерди даярдоодо көп колдонулган жана сынчыл-негизги үйрөтүм жөндөмдөрүн болочок мугалимге үйрөтүү максатын көздөгөн метод.

Окутуунун түшүндүрүп-иллюстрациялоо түрү окутуунун башка турлөрүнө караганда бир катар артыкчылыкка ээ.Эң башкысы өтүлгөн тема боюнча негизги материалды эстеп калуу жагын жакшы чечкен.Окутуунун мындай түрү ЖОЖдордо узактан бери колдонулуп, аны дагы өркүндөтүү менен ар кандай көрсөтмөлүктөр көп пайдаланылып, жаңыдан өтүлө турган теманы түшүндүрүүгө болот.»Кемчилиги» көбүнчө студенттерди «даяр» далилдерди гана айтып берүүгө үйрөтүп, өз бетинче иштөөгө, анынтегерегинде, изденүүгө түртө алабайт.

**3.Педогогикалык технологиялар.**

«Педогогикалык технология» термининин бир нече аныктамалары бар:

- «…ыкмалардын биримдиги-педагогикалык ишмердүүлүктүн терең процессинчагылдырган,алардын өз ара таасир этүүлөрүн көрсөткөн, ошондой негиз кылганда окуу- тарбия процессине натыйжалуулугун көтөрүүгө шарт даярдап берген педагогикалык билимдердин тармагы» (Основы педагогических технологий:Краткий тольковый словарь.Урал.Гос.Пед.Ун-т.Екатрренбург,1995.19-бет);
- «… билим берүү процессинин өзгөрүп жаткан шарттарында(адистик жогорку билим берүүгүн стандарты) ага прогноз жана диагностика берүү үчүн инструментарий даярдаган процедуралык, операциялык, кыймыл-аракеттеринин биримдиги;
- «-социалдык тажрыйбаларды чагылдыруунун форма, ыкма, метод жана каражаттарынын биримдик байланышы , ошол процесстин техникалык жактан ишке ашырылыш жолу» (Психоло-педагогичекский словарь- справочник для учителей ируководителей тбщеобразательных учреждейний.Ростов-на-Дону:Феникс, 1998, 463-бет
  - «-окуу-таанып билүү процессин уюштуруунун жолдорунун биримдиги же алдыга койгон максатка жетүүгө багытталган мугалимдин конкреттүү ишмердүүлүгү менен байланышкан белгилүү бир кыймыл-аракеттердин, операциялардын ырааттуулугу. (Байкова Л.А.,ГребенкинаЛ.К.Педагогический мастерство и педагогические технологии.М.:Пед.Об-во России,2001,9-бет)

Педагогикалык технологияны бүтүндөй илимий багыт, агым катары карагандарда бар:

- «-окутуунун бир кыйла рационалдуу жолдорун изилдеген илим» (Селевко Г.К. Современные образавательные технологии.-М.:Народнөе образование ,1988,15-бет);
- «- билим берүү системасынын конструктурлоо, окутуу процессин проектиилөө жолу мененшугурланган педагогика илимдеги жаңы(50-жылдан тартып) багыт» (Коджаспирова Г.М, Коджаспирова А.Ю. Педагогический словарь. -М.:Академия,2000,149-160-бет);
- «-окуу-тарбия процессинин эффективдүүлугун арттырууга багытталган, анын жогорку деңгээлин гарантиялаган, мына ошондо белгилүү максат-ниеттерге жетишүүнү камсыз кылган педагогика идиминдеги (прикладдык педагогика) атайын багыт» (Байкова Л.С. Гребенкина Л.К. Педагогическое мастерство и педогогическая технологии. М :Пед.общество России,2001,9-бет).

Ушундай пикирлерге кошумча Уралмампедуниверситетинин профессору, педагогикалык илимдердин доктору Е.В.Каратаева педагогикалык технологияларды классификациялоого аракет кылып негизги үч топко бөлөт.

**1.Окутуунун активдүү методдору менен формаларын колдонгон педагогикалык технологиялар.**

Оюн технологиялары,проблемалык окутуу , өстүрүп-өнүктүрүп окутуу технологиялары, программа окутуу технологиялары, интерактивдүү окутуу,окутуунун комьютердик технологиялары, модулду окутуу,окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн активдештирип окутуу ж.б

**2.Адептивдүү педагогикалык технологиялар:** түрдүү деңгээлин карап окутуу; окутуунун жекелештирилиши;вальдоф педагогикасы;суггестивдүү технологиялар; окутууга аудиовизуалдык мамиле кылуу;адептивдүү мектеп(Е.Ямбург), мектеп-парк(Балабан; агромектеп (А.Католикова) ж.б

**3.Окутуунун автордук мектеби катары сунуш этилген педтехнологиялар:** Ш.А.Амонашвили, Е.И. Ильин,С.Н.Лысенкова;Никитиндердин үй-бүлөлүктарбия системасы;В.Ф.Шаталов ж.б(Коротаева Е.В.Обучающие технологии в познавательности школьников: Библ. Журнала «Директор школы // 2003,21-22 б

Барнуал шаарынын А.В.Петров20 кылымдын соңунда Россияда саясий, социалдык, экономикалык тармактарда кризис болбостон, билим берүү тармагында олуттуу кризис болгондугун айтып келип, азыркы учурда мектептер жана ЖОЖдо төмөнкүдөй технологияларды практикага активдүү киргизип жаткандыгын белгилейт:

- Проблемалык окутуу.Анын маңызы, максаты үйрөнүп жаткандын алдына бара-бара жана атайын максат менен билимди активдүү өздөштүрүү үчүн таанып билүүчү милдеттерди коюунун механизмдерин колдонуу;
- Модулдук окутуу.Өз алдынча окуу программасы менен үйрөнүүчүнүн жекече ишмердигин өнүктүрүшү.Анын максатка жетүү механизми-окутуунун индивидуалдуу темпи жана проблемалуу мамиле.
- Концентирленген окутуу.Анын маңызы, максаты- билим блокторун бириктирип окуу менен предметтерди терең өздөштүрүүгө аракет кылуу, мында максатка жетүүнүн башкы жолу- үйрөнүүчүнүн иш жөндөмдүүлүгүн динамикасын өстүрүүчү ыкмаларды колдонуунун механизмдерин пайдалануу;
- Өнүктүрүп-өстүрүүчү окутуу.Мунун маңызы-үйрөтүүчү адамдын потенциалдык мүмкүнчүлүгүнө жана анын реализацияланышына негизденип билим берүү.Максатка жетүү механизми- үйрөнүүчүнү ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрүнө салып, максатка алып баруу.

• Дифференцирлеп окутуу.Анын маңызы-уйрөнүүчүнүн жалпыга милдеттүү стандарттан төмөн түшүп кетпеген ар түрдүү пландалган деңгээлдеги программалык материалдарды окуп үйрөнүү.Максатка жетүү механизми-индивидуалдуу окутуу методдорун колдонуу.

•Активдүү окутуу .Анын маңызы-келечектеги адистин ишмердүүлүгү үчүн предметтик жана социалдык мазмундуу моделдештирүү.Максатка жетүү механизми-активдүүокутуунун методдору.

• Оюнга незиздеп окутуу.Анын маңызы- билим берүүчү маалыматтарды издеп табуу, иштеп чыгуу жана өздөштүрүү ишмердүүлүгүнө багытталган жумуштарды өз алдынча ишке ашыруу.Максатка жетүү механизми-үйрөнүүчү чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу үчүн оюн ыкмаларын колдонуу».

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктоо менен учурда заманбап башталгыч мектептин кыргыз тилинен сабак берген мугалими компьютердик технологияларды колдонуу менен салттуу жана жаңычыл окутууну жуурулуштуруу менен өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп жатат.

## ЛЕКЦИЯ 6 (2 саат)

## БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН ФОРМАЛАРЫ, МЕТОДДОРУ, КАРАЖАТТАРЫ.

1. Сабак-кырыгыз тили боюнча окуу процессин уюштуруунун негизги формасы.
2. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методдору, ыкмалары.
3. Башталгыч мектепте кыргыз тили сабагында колдонулуучу каражаттар.
4. Кыргыз тил сабагыгынын түзүлүш элементтери.

**1. Сабак кыргыз тили боюнча окуу процессин уюштуруунун негизги формасы.** Ар бир сабакка даярдануу жана аны өтүү–бул В.А.Сухомлинскийдин ою боюнча мугалимдин жалпы жана педагогикалык маданиятынын күзгүсү, анын интеллектуалдык байлыгынын чени, билиминин жана эрудициясынын көрсөткүчү болгон чыгармачылык процесс. Мугалим сабакты чыгармачылык менен өтүү менен бирге окуучулардын өз алдынча ойлонуусуна да, жыйынтык чыгара билишине да, билимди даяр түрдө гана албастан, биргелешкен активдүү аракеттер менен далалат кылуусуна да көңүл буруусу зарыл. Бул - азыркы педагогиканын талабы.

Сабактын бир типтүүлүгү окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жоготот, окуу процессинин эффективдүүлүгүн азайтат. Башталгыч класстын окуучуларына топто иштөө методу жагымдуу таасир кылып, билим алууларына ыңгайлуу, инсанды өнүктүрүүчүлүк

максатын көздөйт. Алсак, сүрөттөр балдарды өз оюн башкалар менен кеңешип айтууга үйрөтөт.

Латын тилинен которгондо «форма» термини бул сырткы көрүнүш, сырткы мүнөздөмө деген маанини түшүндүрөт. Окутуунун уюштуруу формалары булар:

- Стандарттуу;
- Стандарттуу эмес.

Стандарттык сабак нормативдик документтер менен коштолуп, максаты, милдети өтүү ирети алдын – ала аныкталган окуу формасы болуп саналат.

Стандарт сабактар төмөндөгүдөй бөлүнөт:

- аралаш сабак;
- жаңы билимди өздөштүрүү сабагы;
- алган билимдерди бышыктоо сабагы;
- билгичтик, көндүмдөрдү өздөштүрүү сабагы;
- алган билимдерди толуктоо, жалпылоо, системага келтирүү сабагы;
- алган билимин, билгичтигин жана көндүмүн текшерүү жана баалоо сабагы.

Стандарттык эмес сабакты уюштуруунун максаты, өтүү ирээти, алардын байланыштары, милдеттери ар бир педагогдун чыгармачыл изденүүсүнөн улам аныкталат. Мындай сабак адатта, кайсы бир деңгээлде өтүлгөн материалдарды жалпылоо үчүн, аныкталган системаны иштеп чыгуу үчүн өтүлөт. Ошондуктан стандарттык жана стандарттык эмес сабактарды бири - бири менен айкалыштырып, окуу мазмунунун татаалдынына ылайыктап өтүү зарыл.

Сабактын стандарттык эмес түрү окутуу процессин натыйжалуу уюштуруу максатында өзгөрмөлүү жана кайталангыз түзүлүшкө ээ болгон формасы катары окуу процессинде көптөгөн жаңылыктарды жана күтүлбөстүктөрдү алып келип, окуучулардын жалпы кызыгуусун арттырат.

Стандарттык эмес сабактын кээ бир түрлөрү төмөнкүлөр:

- сабак - оюн;
- сабак – мелдеш;
- сабак – диспут;
- сабак – конференция;
- сабак – экскурсия.

Буларга кошумча дагы окутуунун уюштуруу формалары катары төмөнкүлөрдү атоо ылайык:

- өз алдынча иштөө, жупта иштөө, топто иштөө;
- талкуу, дебат, ток шоу, интервью, презентация, пресс конференциялар;

- лекция сабак, семинар, зачет сабак, сабак – практикум, сахна сабак, сабак – жомок, ролдук оюн, теле көпүрө сабагы, сабак – экскурсия ж.б.

*Топто иштөөнүн максаты* – окуучуларга өз ойлорун бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берүү, ошол эле убакытта окуучулар топтогу башка окуучулардан үйрөнгөндүгүндө.

*Топторду уюштуруунун жана топтордо иштөөнүн жолдору*:

1. Окуучулардын тизмеси боюнча;
2. Окуучулардын каалаган түстөрү боюнча (мугалим канча түрдүү түс колдонот, өзү чечет);
3. Окуучулардын кызыкчылыктары боюнча;
4. Жыл мезгилдери боюнча;
5. Проблемаларды талкуулоо жана чечүү;
6. Топтун презентациясы (жактоо);
7. Топтор ичинде иш – аракеттерди жалпы талкуулоо;
8. Рефлексия.

*Жуп менен иштөө.* Бул иш кызматташуу катары уюшулган, бир окуучу ишти аткарат, экинчиси байкоочу жана биринчи окуучуга жардам берет:каталарын оңдойт, жаңы идеяларды, өзгөрүүлөрдү киргизет. Бул стратегия учурунда мугалим байкоочу жана сыйлоочу оң карым катнашта пикир алышат, мында алынуучу жыйынтык ишке ашат.

Мектеп программасында берилген темалардын грамматикалык эрежелерин окуучуларга китептен окуп, жаттатып гана тим болбостон, мугалим өзү терең талдап билип, аны практикада мисалдар менен айкалыштырып, окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүүнүн жолдорун ойлонуштуруп табуусу керек. Мугалим окутуунун эффективдүүлүгүн көтөрүүдө учурдун талабы болгон окутуунун активдүү формаларын, адатка айланбаган стандарт эмес сабактарды кеңири практикалоосу зарыл.

Адатка айланбаган сабакты өткөрүү үчүн мугалим төмөнкүлөрдү эске тутуусу керек:

- Адатка айланбаган сабак окутуу – тарбиялоонун негизги каражаттарынын бири болуп саналат. Ошондуктан мугалим сабактын билим – тарбия берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк максатын жакшы билүүлөрү керек.
- Адатка айланбаган сабактын максатына мугалим чыгармачылык менен жыл боюнча ийгиликтүү иштегенде гана жетише алат.
- Адатка айланбаган сабакты өткөрүүдө ар бир окуучунун жана коллективдин (класстын) жекече өзгөчөлүктөрүн толук эсепке алуулары, алардын ар бирине туура мамиле кыла билүүлөрү керек.
- Адатка айланбаган сабакты өткөрүүдө ошол мектепте, райондо, республикада иштеген чыгармачыл мугалимдердин алдыңкытажрыйбаларын пайдаланууну талап кылат.

- Сабакта окутуунун DVD, телевизор, аудио – видео техникалык каражаттарды ж.б көбүрөөк пайдалануу керек. Сабакты өткөрүүгө окумуштуулар жанаметодисттер, чыгармачыл мугалимдер көбүрөөк жардам берүүгө тийиш.
- Адатка айланбаган сабактын кайсы түрүн өтөрүн, теманын, материалдардын максатына, көлөмүнө карай тандап алат.
- Адатка айланбаган сабактын активдүү формаларын туура уюштуруу жана коюлган максатына жеткирүү үчүн мугалим алардын методикасын жакшы билүүлөрү аздык кылат, аны чыгармачылык менен иштөө гана керек.

Мындай сабактарга мисал катары төмөнкүлөрдү келтирсек болот:

1) Сабак – жомок;
2) Сабак – аңгеме;
3) Сабак – конференция;
4) Сабак – пресс – конференция;
5) Сабак – семинар;
6) Сабак – сынак (зачет);
7) Сабак – таймаш (мелдеш);
8) Сабак - комплекс;
9) Сабак – лекция;
10) Сабак – экскурсия;
11) Сабак – консультация (жардам берүү сабагы);
12) Сабак – практикум.

Бирок, бул сабактардын бардык эле түрүн башталгыч мектепте колдонууга болбойт. Башталгыч класстарда кеңири практикаланып жүргөн жана окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келүү менен алардын билимге болгон кызыгууларын туудуруп, өтүлө турган материалдын өздөштүрүлүүсүнө оң таасирин тийгизген, көпчүлүк мугалимдер тарабынан жактырылган сабактын формалары башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууда сунушталат.

**2.Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методдору, ыкмалары.**

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда тиешелүү фактылар эне тилинин илимий маалыматтарынан (фонетика, лексикология, морфология, синтаксис, стилистика, орфография, пунктуация ж.б боюнча) алынат. Кыргыз тил илимине таянуу менен, башталгыч класстарда эне тилине байланыштуу окутула турган конкреттүү бөлүмүн үйрөтүүнүн ыкмалары иштелип чыгат. Алардын орду такталып, методдордун натыйжалуу, ыңгайлуу жолдору аныкталат. Орто мектептин башталгыч класстарында кыргыз тилинен сабак берген мугалим педагогикалык чеберчилигин традициялык педагогиканын жана азыркы учурда колдонулуп

жаткан окутуунун жаңы технологияларын терең өздөштүрүп, айкалыштыруу менен жогорулата алат.

Метод – педагогикалык категория катары каралып, Е.Я. Галант, М.Н. Скаткин, И.Я.Лернер, М.А.Данилов, Ю.К.Бабанский ж.б.лар өздөрүнүн эмгектеринде изилдешкен жана окутуунун методдорунун классификацияларын түзүшкөн. Бул эмгектерде берилген классификацияларды жалпылаштырып, азыркы учурда башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууда методисттер окутуунун төмөнкүдөй методдорун колдонууну сунушташат:

1. Айтып берүү методдору ( аңгеме, түшүндүрүү, окуу китеби менен иштөө ж.б. ыкмалары);
2. Көрмөтмөлүүлүк методдору (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, компьютердик технологияларды колдонуу, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б ыкмалары);
3. Практикалык методдор (көнүгүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, байкоо, салыштыруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу ж.б ыкмалары).
4. Инсанга багытталган окутуунун методдору жана ыкмалары.
5. Активдүү жана интерактивдүү методдор жана ыкмалары.

Эне тилин окутууга карата коммуникативдик ишмердүүлүк мамиле интерактивдүү окутуудагы окуучулардын тынымсыз өз ара баарлашуулары, карым – катнаш жасоо менен пикир алышуулары аркылуу ишке ашырылат. Бул багытта окутуу ишин уюштуруу үчүн атайын зарыл шарттарды түзүү зарыл. Мындай учурда окуучулар өзүн – өзү, коомдук жана дегеле дүйнөнү таанып билүү менен турмушка карата болгон туура көз караштары калыптанат жана предметтик, түйүндүү компетенттүүлүктөргө ээ болушат. Интерактивдик окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп – үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт. Интерактивдүү окутууга өз алдынча иштөө, жуп менен иштөө, топ менен иштөө, талкуулар, презентациялар кирет. Интерактивдүү окутуунун артыкчылыктары:

- окуучулар өздөрүн эркин сезип, «туура эмес жооп берипалам» деген коркунучунан алыс болуп, активдүүлүктөрү артат;
- ар бир окуучу өзүнүн жөндөмүн, шыгын, билимин көрсөтүүгө далалаттанат;
- жуп менен, топ менен иштегенге машыгат;
- мугалим менен, бири – бири менен тыгыз карым – катнашта пикир алышуу ашат;
- окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанат;
- тапшырманы аткарууда бири – биринин тажрыйбаларын пайдаланууга, жаңы идеяларды жаратууга шарт түзүлөт;
- мугалим көзөмөлдөөчү катары багыт берип, окуучу менен достук мамиледе болот.

**Байкоо жана салыштыруу методу.** Байкоо жана салыштыруу методу окуучулардын кептик, тилдик, маданият таануучулук ошондой эле, маалыматтык жана социалдык – коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталат. Буга кластер, синквейн, Венндин диаграммасы ж.б кирет.

Бул методдордун жардамы менен окуучулар маалыматтардыбайкоого, ыраатташтырууга, салыштырууга, баалоого, жалпылаштырууга же бөлүштүрүүгө көнүгүшөт.

**1.Кластер** – тилдик, кептик темалар боюнча идеяларды ачык жана эркин ойлонуп жыйынтыктоосуна жардам берет. Анда темага байланыштуу ар кандай идеяларды графикалык түрдө сүрөттөлөт. Кластердин төмөнкүдөй түрлөрү бар:

- «суроолору менен кластер» - идеялардын ордуна суроолор жазылат жана жооптору класстердин тегерегине кыскача жазылат;
- «кластер табышмак» - класстердеги тегеректер же тик бурчтуктар жазылбай бош калтырылат. Аларды жазып толтуруу менен жетишпеген түшүнүктөр аныкталып, кластер түзүлөт.

Кластер кандайча түзүлөт?

- темага байланыштуу оюна келген нерсенин баарын жаза берүү;
- алардын сапатына көңүл бурбоо;
- орфографиялык каталарын эске албоо;
- эгерде оюна эч нерсе келбесе, жаңы идея келгиче сүрөт тартып туру;
- мүмкүн болушунча байланыштарды көбүрөөк көрсөтүүгө аракеттенүү. Өткөрүүнүн тартиби төмөнкүдөй:
- мугалим тапшырманы түшүндүрөт;
- окуучуларга тема айтылат жана ал тема боюнча суроо же текст берилет;
- ар бири өз алдынча билгендерин же тексттен пайдаланып жазышат;
- жуп менен иштешет: бири – бирине көргөзүп, толукташат;
- топ менен иштешет: жазгандарын кезектешип окуп берип, доскага жазышат;
- маанилерине карата категорияларга бөлүшөт;
- алар боюнча кластер түзүшөт.

**Кластер-** окуучулардын кандайдыр бир тема боюнча идеяларды ачык жана эркин ойлонуп жыйынтыктоосуна жардам бере турган педагогикалык стратегия. Ал темага байланыштуу ар кандай идеяларды графикалык сүрөттөө менен баракка белгилөөгө мүмкүндүк берет. Кластердин булардан башка дагы ар кандай түрлөрү бар: «кластер суроолору менен»,(идеялардын ордуна суроолор жазылат жана жооптору кластердин тегерегине кыскача жазылат). «кластер табышмак» (кластердеги тегеректер же тик бурчтуктар

жазылбай бош калтырылат. Ошол тегеректерди жазып толтуруу менен жетишпеген түшүнүктөр аныкталып кластер түзүлөт.

**Өткөрүүнүн тартиби:**

- Мугалим тапшырманы түшүндүрөт.
- Окучуларга тема жарыяланат жана ал тема боюнча суроо же текст берилет.
- Өз алдынча иштөө: ар бири өз билгендерин же тексттен пайдаланып жазышат.
- Кошуна менен иштөө: түгөйлөрү менен бири – бирине көргөзүшүп толукташат.
- Группа менен иштөө: жазгандарын кезектешип окуп беришет. Алар доскага жазылат.
- Кластер түзүү.

**Болжолдуу үлгүсү:**




2. **Синквейн түзүү.** Максаты: окуучулардын ой – жүгүртүүсүн жана сынчыл ойломун өстүрөт. Синквейн француз тилинен которгондо «беш сап ыр» дегенди билдирет.

Синквейн түзүүнүн эрежелери:

1 – сапта тема бир сөз менен аталат. Адатта бул зат атооч болот, (ким? Эмне?)

2 – сап – бул теманын эки сөз менен сапталышы болот, ( 2 сын атооч, кандай? Кайсы?)

3 – сап - бул аракетти теманын алкагында 3 сөз менен берүү, (3 этиш, эмне кылат? Эмне кылып жатат?)

4 – сап – бул темага карата мамилени билдирген 4 сөздөн турган сүйлөм,

5 – сап – бул теманын мани – маңызын кайталоочу 1 сөздөн турган синоним.

**Болжолдуу үлгүсү:**

Ат

Кара, күлүк

Оттойт, чуркайт, кишенейт

Ат – адамдын канаты делет.

Жылкы.

**3. Венндин диаграммасы.**

Венндиндиаграммасынын максаты – тилдик, кептик түшүнүктөрдүн айырмачылыктарын жана окшоштуктарын салыштыруу. Өткөрүүнүн тартиби төмөнкүдөй:

- мугалим тапшырманы түшүндүрөт;
- ар бири өз алдынча билгендерин жазышат;
- жуп менен иштешип, бири – бирине көргөзүп, толукташат;
- топто иштешип, жазгандарын кезектешип окуп беришет, доскага жазышат;
- диаграмманы толукташат. Жекече жана жуп менен иштегенден кийин ар бир жуптан бирден окуучу жазгандарын окуп берип, диаграмманы толтурушса да болот.

**Өткөрүүнүн тартиби:**

- Мугалим тапшырманы түшүндүрөт.
- Ар бири өз билгендерин жазышат. (өз алдынча).
- Коңшулары менен бири – бирине көргөзүп толукташат (түгөйү менен иштөө).
- Жазгандарын кезектешип окуп беришет. Алар доскага жазылат (жалпы группада иштөө).
- Диаграмманы толукташат.

**Болжолдуу үлгүсү:***(диаграмма чийилет)*

*Айырмачылыктары:*

Жөнөкөй сүйлөм

1 гана сүйлөмдөн турат: жалаң жана жайылма деген түрү бар.

Татаал сүйлөм

2 же андан көп сүйлөмдөн турат; сүйлөмдөрдүн ортосунда үтүр же байламта болот.

*Окшоштуктары:*

Экөө тең сүйлөм; Сөздөрдөн куралат аягына чекит, суроо же илеп белгилери коюлат.

**Пирамидалык окуя**

1 – сап 1 сөз. Окуянын каарманы.

2 – сап 2 сөз. Каарманды сыпаттаган сөздөр.

3 – сап 3 сөз. Окуянын болгон жери.

4 – сап 4 сөз. Окуянын чыгышына себеп болгон проблема.

5 – сап 5 сөз. Окуянын чыгышынын 1 – себеби.

6 – сап 6 сөз. Окуянын чыгышынын 2 – себеби.

7 – сап 7 сөз. Окуянын чечилишине эмне себеп болду?

8 – сап 8 сөз. Окуянын чечилиши.

**Кунт коюу менен түшүнүп окуу.** Кунт коюп түшүнүп окуу методу текст менен иштөөнүн жаңы ыкмасы катары саналып, окутуу процессине бардык окуучуларды тартууга, окулуп жаткан темага карата кызыгууну жогорулатууга, балдардын ой жүгүртүү ишмердүүлүктөрүн ылдамдатууга жардам берет. алар кептик, тилдик ошондой эле, социалдык–коммуникативдик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган. Буларга: эки бөлүктүү күндөлүк, инсерт, адашкан логикалык чынжыр кирет. Бул ыкмалардын ичинен башталгыч класстарда эне тилин окутууда колдонуу үчүн эң ыңгайлуусу инсерт болуп саналат.

**Инсерт** – бул эффективдүү окуу жана үйрөнүү үчүн белги коюнун интерактивдүү системасы болуп эсептелет (англис тилиндеги сөз айкашынын аббревиатурасынын кириллица менен жазылышы). Бул ыкманы Воган жана Эстес 1986–ж. ойлоп тапкан. Ал окуучуларга окуу процессинде өз түшүнгөндөрүн өздөрү сезип, туя билүүгө мүмкүнчүлүк берип, мурдагы алган билимдерин эске түшүрүү үчүн колдонулат. Инсерт – текст менен иштөөдөгү активдүүлүктү колдоо инструменти. Барак бетине белги коюунун интерактивдүү системасы.

Инсерттиөткөрүүнүн тартиби төмөндөгүдөй:

- окуучуларга тема берилет да ал тема боюнча 3 – 5 мүнөттүн ичинде билгендеринин баарын өз алдынча жазып чыгышат;
- жазгандарын туурабы же туура эмеспи эч кандай мааниге ээ болбогондуктан, көбүрөөк жазуу керек;
- жазгандарын жупта бири – бири менен талкуулап, толукташат;
- топтун мүчөлөрү талкуу бүткөндөн кийин аткарган иштери тууралуу ой бөлүшүп, аларды окуп беришет;
- ойлорун доскага же ватманга жазышат;
- андан кийин бул тема боюнча текст таратылат;
- окуучулар ал текстти окуп жатып, төмөнкү белгилерди коюшат:

«V» - билем;

«+» - жаңы билдим;

”-” - окугандарым билгендериме карама-каршы;

«?» - түшүнгөн жокмун. Ар бир сүйлөмдү белгилей берүүнүн зарылдыгы жок. Окуучулар бул белгилердин жардамы менен өздөрүнүн маалыматтуулук деңгээлин аныкташат. Ар бир абзацка 1-2 же 3-4 белги туура келет. Текст окулуп, белгилери коюлгандан кийин жуптары менен талкуулашат:

- кандай жаңы маалыматтар кездешти?

- кайсылары силердин билгендериңерге карама-каршы болду?
- кандай суроолор пайда болду?
- кызыктуу маалыматтар болдубу?

Талкуулап бүткөн соң, текстти дагы бир жолу окуп, койгон белгилерин карап чыгышат жана ал белгилерди пайдаланып, таблица түзүп, ага тексттеги белгиленген сүйлөмдөрдү кыскача жазуу менен токтолушат “-”, «?» белгилерине башкалардан суроо аркылуу жооп алышат:

| «V»- билем | «+» - жаңы билдим | «-» - окугандарым билгендериме карама-каршы | «?» - түшүнгөн жокмун |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Жазуу кесибин же жазуу маданиятын өнүктүрүү.** Балдардын жазуу маданиятын, кол жазмасын, грамматикасын жана тексттин структурасын, стилин жакшылап өздөштүрүү үчүн мугалим төмөнкүдөй Чуркап жазган жат жазууну да колдонсо болот:

**1-**этапта – 8 же 10 окуучудан турган топко бөлүнөт;

**2-**этапта – үч же 10-15 сүйлөмдөн турган кыска текст ар кандай түстөгү барактарга жазылат жана сүйлөмдөргө бөлүнөт (кыркылып бөлүнөт);

**3-**этапта – ал сүйлөмдөр үч тарапка илинет;

**4-**этапта – ар бир команданын окуучулары өз алдынча тапшырма алышат, мисалы: бир окуучу чуркап өзүнүн тобунун сүйлөмүн алып келет жана ал сүйлөмдү экинчи окуучуга окуп берет, ал окуучу сүйлөмдү бир баракка жазат, үчүнчү окуучу ал сүйлөмдөрдү топтоштуруп текст түзөт. Бул метод тексттин түзүлүшүн жакшы өздөштүрүүгө да жардам берет.

Өз алдынча текст түзүүгө карата ар кыл иштердин түрлөрү ар бир окуучуда өзгөчө терең түшүнүүнү пайда кылып алардын бир кыйла байкагычтыгын өнүктүрөт. Туура, сабаттуу, логикалуу жаза билүү маданиятына үйрөтүү менен жаза билүүдө өзүнүн жекече стилин, манерасын, көз карашын табууга жардам берет, өзүнүн жекече ойлорун жана тажрыйбаларын урматтоосун өнүктүрөт. Ошондой эле:

- окуучуларга жазган текстин кайра карап чыгуу, редакциялоо, көчүрүп жазуу көндүмдөрүн өнүктүрөт;
- өз ойлорун жазуу жөнүндө баяндоону дайыма практикалоого мүмкүндүк түзөт;
- мындан ары кайра окуп чыгууга жана пайдаланууга мүмкүн болгон материалды дайыма топтоого мүмкүндүк берет;
- окуучуларга жазуу иштеринин натыйжаларына көз салып турууга шарт түзөт;
- оозеки кебинде пайдаланылбай калган сөз, сүйлөмдөрдү колдонууга мүмкүндүк түзөт;

- ар кандай сабактарды, тилдерди үйрөнүү үчүн пайдалуу көндүмдөрдү өнүктүрөт.

Булар кептик, маданият таануучулук жана социалдык – коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Буларга жат жазуу, баяндама, дилбаян, дилбаяндын элементтери камтылган баяндама, беш-он минуттук эссе, аргументтештирилген эссе ж.б кирет. Мисалы дилбаян жазуунун же дегеле жазуу жумушунун процесси:

- теманы тандап алуу: дилбаянда эмне жөнүндө кеп болот?
- өз аудиторияңды аныктап алуу: аны кимдер окуйт?
- дилбаяндын максатын жана керектүү стилди аныктап алуу: мен эмне үчүн ушул дилбаянды же жазуу жумушун жазып жатам? Мага кандай стил керек: баяндоочу, анекдоттук, расмий, турмуш-тиричиликтик ж.б.
- дилбаян же жазуу жумушу жооп бере турган суроолорду тактап алуу;
- толук планды түзүү;
- планды оңдоо;
- маалымат чогултуу;
- текстти болжолдуу жазуу;
- биринчи жолу кайра окуп чыгуу;
- оңдоо;
- экинчи ирет кайра окуп чыгуу;
- механикалык каталарды текшерүү: орфография, тыныш белгилер, стили, грамматикасы;
- дилбаян же жазуу жумушун башкалардын окуп чыгып, текшериши;
- акыркы варианты: биротоло жазып бүтүрүү.

**Окуучулардын изилдөөчүлүк – ишмердүүлүк методу.** Башталгыч класстарда эне тилин окутууда окуучуларды изилдөөчүлүк ишмердүүлүккө тартуунун негизги максаты тилдик компетенттүүлүгүн жана өзүн – өзү уюштуруу, проблемаларды өз алдынча чечүү компетентүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Долбоор методу, документалдык булактарды изилдөө методу, илимий маанилүү маалыматтарды алуу жана жыйноо методу, портфолио, интервью ж.б изилдөө ишмердүүлүгүнүн негизин түзөт.

*Долбоор методу* белгилүү бир теманы өз алдынча окуп – үйрөнүп жатканда алар менен чыгармачылык иштерди жүргүзүүгө багытталган. Долбоордо окуучулар өз алдынча жана топ менен иштей алышат. Долбоор методунда турмушта өтө зарыл, актуалдуу тема тандалуусу керек. Мугалим долбоордун жетекчиси катары кеңешин айтып, багыт берет. Ал эми окуучу байкоочу, изилдөөчү катары проблеманы чечүүнүн жолдорун таап, материалды жыйноосу зарыл. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын сунуштоо, долбоорду жактоо бул окуучунун же топтун чыгармачылык иши болуп саналат. Күтүлүүчү натыйжа – окуучуларда

өз алдынча иштөө ыкмалары, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү өнүгөт. Алган билимдерин класстан тышкаркы окууда пайдаланып, чыгармачылык иште өзүнүн тажрыйбасын алмаша алат.

*Портфолио*- окуучунун жеке иштери сактала турган папка. Бул портфолио окуучунун иш аткаруу учурундагы аракети, бир нече предметтер боюнча өсүшүн, жетишкендиктерин көрсөтүүчү, максаттуу түрдө чогултулган иш.

*Портфолио түзүүнүн этаптары.*

*1-этап: Уюштуруу жана пландоо-* бул портфолио түзүүнүн алгачкы этабы. Мында окуучу мугали менен биргеликте портфолионун кандай болоорун, ага эмнелер киригизилиши керектигин чечишет. Портфолио түзүүдөгү негизги суроолорго жооп берип жатып окуучу портфолиого кирүүчү иштерди жана материалдарды тандоонун максатын толугу менен түшүнөт. Портфолио бул өзүнүн өсүшүн байкоо жана баалоо үчүн керектигин окуучу билет. Окуучу төмөнкү суроолорго жооп берүүсү керек:

1) предмет боюнча эмнелерди окуп үйрөнүп жатканымды чагылдыруу үчүн мен материалды качан жана кантип иргеп алышым керек?
2) Өзүм чогулткан материалды мен кандайча жайгаштырып, көрсөтүүнү каалайм?
3) Портфолио кандайча түзүлөт? Мазмуну кандай болот жана кайда сакталат?

*2- этап: Материалдарды жыйноо, чогултуу* – маанилүү, олуттуу иштерди, окуу максаттарын жана окуучулардын жетишкендиктерин чагылдыруучу иштерди чогултуу процесси. Портфолионун атайын милдеттер менен максаттарга негизделген мазмуну ушул этапта аныкталат. Материалдар жана иштер төмөндөгүлөрдү эске алуу менен тандалат:

1) Конкреттүү теманын мазмунун;
2) Окутуу процессин;
3) Атайын долбоорду, темаларды же бөлүмдөрдү.

Портфолио үчүн тандалган материалдардын баарында баалоо критерийлери менен стандарттар чагылдырылат.

*3-этап: Ой жүгүртүү* этабында окуу процесси жана негизги билимдерменен көндүмдөрдү өзү кандай түшүнөрүн иликтөө боюнча окуучунун ой жүгүртүүлөрүн көрсөткөн далилдер болот. Ой жүгүртүү окуучулар кайсы бир мезгил ичинде тигил же бул маселени чечүү үчүн колдонгон мисалы, тапшырма аткаруу, идеяларды жазуу, күндөлүк жүргүзүү, эссе жазуу ж.б формаларында болот. Буга окуучунун портфолиосундагы иштер жана алардын жүрүшү жөнүндөгү мугалимдердин же ата-энелердин ойлору да камтылышы керек.

*Портфолионун түрлөрү.* Портфолионун ар кыл түрү бар. Алар окуу программасынын жана баалоонун бөлүгү катары атайын максаттарда колдонулат. Айрым бир өтө көп кездешүүчү портфолионун түрлөрү булар:

*Документтик (жумуштук) портфолиого* окуунун белгилүү бир мезгилиндеги тандалган иштер камтылат да окуучунун тандалган натыйжалар боюнча өсүшүң жана ийгиликтерин көрсөтөт. Документтик портфолиого акыл чабуулундагы жазылган идеялардан, черновиктерден тартып, толук бүтүрүлгөн баяндамалар, дилбаяндар, эсселер, жазуу жумуштарынын бары камтылышы мүмкүн. Тандалган материалдар билим берүүнүнмаксаттарына дал келсе портфолио артыкча мааниге ээ болот. Ага начар да, мыкты да иштер камтылат.

*Процесстин порфолиосунда* аталышы эле айтып тургандай, окуу процесстеринин бардык жактары документтештирилет. Портфолионун бул түрү окуу процессин бүт бойдон документтештирүү учурунда айрыкча пайдалуу. Ал окуучунун билимдерди, көңдүмдөрдү кантип өздөштүрүп, мурдагыдан жогорулап жаткандыгын көрсөтөт. Бул портфолио окуучуга окуу үйрөнүү процессии тууралуу ой жүгүртүүгө түрткү берет. Мында окуучунун күндөлүккө жазган ойлору, кагазга түшүргөн идеялары ж.б ой жүгүртүүлөрү камтылышы мүмкүн.

*Көрсөтмөлүү портфолиону* жыйынтыктоочу баалоодо колдонгон ылайык. Мында окуучунун мугалим менен бирдикте тандап алган мыкты жана бүтүрүлгөн иштери гана камтылат. Көрсөтмөлүү каражаттар, фотосүрөттөр, видеожазуулар, компьютерге терилген отчеттор менен толукталат. Бул портфолиого эмнени киргизүү тууралуу окуучунун ойлору да сакталат. Ошондой эле, портфолиону окуучулар өздөрү жазган ыр саптары менен толуктап ал ырларды класстын алдында окуп берүүсү да чечендик чеберчиликке үйрөтөт. Класстагы балдар ал ырларга баа беришет.

Балдардын китеп окууга болгон сүйүүсүн өнүктүрүү үчүн төмөнкү методду колдонууга сунушталат: мисалы балдар үйүнөн гезит, журналдарды алып келишип, алардын ичиндеги макалаларды топторго бөлүнүп, биргелешип окушат, же мугалим өзү балдарга макала окуп берет. Же болбосо,мугалим өзүнүн окуп жаткан китебинин бир бөлүгүн окуучуларга окуп калган бөлүктөрүн окуучуларга өз алдынча окууга тапшырат.

Ар кандай дебаттарды уюштуруу балдардын кеп маданиятын өнүктүрүүгө, эл алдына тартынбай чыгып сүйлөөгө, чечендик кептин ыкмаларына машыктырат. Ошол эле учурда дебат аркылуу окуучулар абадан көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн жолдорун ойлонушат. Мисалы азыркы учурда мобилдик телефон аркылуу смс жазуудагы, «Агент» байланышы жаштардын бири - бири мененбайланышуусуна, тилин кандай оң жана терс жактарын тийгизип, кеп маданиятынын өнүгүүсүнө зыян келтирип жаткандыгы тууралуу талкуу, дебат өткөрүүгө болот. Бул методдор өтүлүп жаткан тилдик жана кептик материалдар менен тыгыз байланышта тыгыз ишке ашырылганда гана натыйжа алып келет.

**Биргелешип окутуу.** Бул метод окуучуларга өз ара бири – бири менен маалымат алышып, баарлашууга, коюлган милдеттерди чечүү үчүн жамаатта, комнатада, топто өз ара

мамилелешүүнүн ыкмаларына, өзүнүн көз карашын далилдей алуу менен талкууга катыша билүү маданиятына ээ болот. Алар кептик, социалдык – коммуникативдик жана өзүн өзү уюштуруу менен маселе чече билүүчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Буга акыл чабуулу (мээге чабуул), жупта, кичи топто иштөө, мозаика, ар кыл талкуулардын түрлөрү ж.б кирет.

*Акыл чабуулу* – бул кеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялардын бардыгын, сындалбастан иштелип чыгат. Акыл чабуулунда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат. Интеллектуалык жактан өнүгүшөт. Өткөрүүнүн тартиби төмөндөгүдөй:

- окуучулар өздөрүн эркин алып отуруусу зарыл;
- идеяларды жазуу үчүн ватман же доска даяр болсун;
- теманы жана убакытты жарылоо;
- окуучулар айткан идяларды доскага жаздырып туру;
- мугалим да өзүнүн идеясын айтуу менен окуучуларды жаңы идея айтууга үндөө;
- идеяларды талкуулоо, баа берүү.

Акыл чабуулун өткөрүүнүн негизги эрежелери:

- айтылган идея, ойлордун бары баалуу;
- теманын тегерегинде эске түшкөндүн барын айта берүү;
- алар сындалбайт, бааланбайт;
- идеяларды жалпылоо, өнүктүрүү;
- идея айткандарды колдоо;
- идеялардын саны көбөйүп, сапатка өтөт;
- мыкты идеялар макталат;
- идеялар жыйынтыкталып,алардын темага жооп бергендиги аныкталат.

## 4. Кыргыз тил сабагынын түзүлүш элеметтери.

Стандарттуу жана стандарттуу эмес сабактар жана алардын план- конспектилерин иштеп чыгууда мугалим сабактын максатын жана тибин эске алуу зарыл. Стандарттуу салтка айланган сабактардын түзүлүшү биз билгендей, уюштуруу, үй тапшырмасын текшерүү, жаңы теманы түшүндүрүү, жаңы теманы бышыктоо, окуучулардын жетишкендиктерин баалоо, үй тапшырмасын берүү жана сабакты жыйынтыктоо деген сабактын элементтеринен турат. Биз төмөндө сабактын стандарт эмес түзүлүштөрүнөнмисалдарды келтиребиз:

**Чейректик жана жылдык кайталоо сабактары ( 2-класс)**

**Сабактын максаты:**

| **Билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **Тарбия берүүчүлүк** |
|---|---|---|
| 1. Окуучулар чейрек ичинде алаган билим, билгичтик, көндүмдөрүн көрсөтүшөт. | 2.Алган билимдерин кайталап,бышыктап, системага келтиришет. Каталарынын үстүндө иштешет. | 3.Тырышчаактыкка максат коюп ага жетүүгө, классташташтарына жардам берүүгө тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз,

| | | |
|---|---|---|
| Эгерде окуучу 2-класста алган билимдерин эске түшүрө алса. | Эгерде окуучу өткөн жылдагы окуу материалынын негизинде тыбыш, сөз, сүйлөмдөргө талдоо жүргүзө алса. | Эгерде окуучулар жуп, топтордо иштөөдө бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алышса. |

| Сабактын фрагменти | Сунушталган методдор | Мугалимдин жана окуучунун иш - аракеттери | Жабдылышы |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу | «муз жаргыч» ыкмасы | Мугалим окуучуларды сабакка көңүл буруусун камсыз кылуу үчүн «Комплимент?» ыкмасын колдонсо болот.<br>Окуучулар чынжырча түрүндө улам бири – бирине комплимент, мактоо, кубаттоо сөздөрүн айтышат. М: бүгүн Жылдыз жакшынакай болуп келиптир. Айбек бүгүн тартиптүү болду.Айгүл – боорукер кыз ж.б. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Тапшырмалардын максатын түшүндүрүү. | Айтып берүү, түшүндүрүү, суроо-жооп | Мугалим чейректе өтүлгөн темаларды бышыктоо, текшерүү үчүн аткарылуучу тапшырмалардын шартын түшүндүрөт.<br>Окуучулар берилген текстти окуп чыгышат. Ага карата түзүлгөн суроолорго жоп жазышат, айрымдарын оозеки жооп беришет. (Жыйынтыктоочу жылдык текшерүү тест менен жүргүзүлөт). | Окуу китеби |
| Окуучулардын тапшырмаларды аткаруусу. | Өз алдынча иштөө, байкоо, талдоо. | Мугалим сабактын максатын айтуу менен суроо-жооп аркылуу окуучулардын чейрек ичинде алган билимдерин кайталап эске түшүрөт.<br>Окуучулар чейректик, жылдык текшерүү иштерд аткарууга даярданышат, мугалимдин түшүндүрүүсүн кабы алышат. Суроолорго жооп беришет. | Окуу китеби. |
| Окуучулардын оозеки жооптору. | Суроо-жооп,айтып берүү. | Мугалим айрым окуучулардын окуу процессин байкоо жүргүзүүсүнүн натыйжасында зарыл деген окуучуларга атайын түзүлгөн (окуу китебинде сунушталган тапшырмалар жеңил же оор; оозеки кебин өөрчүтүү үчүн ж.б.) карточка таратып оозеки жоопторду берүүсүн сурайт. | Карточка, жекече тапшырмалар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуучу берилген тапшырма, суроого карата өзүнүн билимин, билгичтигин көрсөтөт. | |
| Тапшырмаларды текшерүү. | Өзүн-өзү текшерүү. Бири-бирин текшерүү. Мугалимдин текшерүүсү. | Мугалим тапшырмалар аткарылып бүткөн соң, өзүн-өзү, бири- бирин текшерүү баракчаларын таратат. Убакыт белгилейт. Өзү жыйынтыгын чыгарат.<br>Окуучулар текшерүү баракчаларын толтурушат. | Текшерүү баракчалары. |
| Тапшырмаларды баалоо. | Өзүн-өзү баалоо. Бири-бирин баалоо. Мугалимдин баалоосу. | Мугалим текшерүү баракчаларын толтурулуп бүткөн соң, өзүн-өзү, бири-бирин баалоо баракчаларын толтуруусуна тапшырат. Өзү жыйынтык чыгарат.<br>Окуучулар өзү парталаш отурган курбусунун ишине баа коет. | Баалоо баракчалары. |
| Физминутка | Оюн | «Тым-тырс», «Күн-түн» оюндары | |
| Үй тапшырма. | Түшүндүрүү, өз алдынча иштөө. | Мугалим окуучуларга каникул учурунда иштей турган тапшырмалардын шартын түшүндүрөт. Мисалы: өз алдынча китеп окуу, түшүнгөнүн айтып берүү, сүрөт боюнча аңгеме түзүү, жаңылмач, табышмак, ырлардан жаттоо, өтүлгөн материалдарды кайталоо. | Доскага тапшырманын жазылышы.Эскертүү баракчалары. |

2. **Текстке негиздеп кыргыз тилин окутуу сабактары.** Мугалим эне тилин тексттин жардамы менен окуучулардын байланыштуу кебин калыптандырууда сабактын төмөндөгүдөй структурасын жетекчиликке алууга тийиш:

I. Даярдоо.
   1. Даярдоонун алды.
   2. Акыл даярдыгы.

II. Түшүнүү.
   1. Угуу,окуу жана визуалдык окуу иштери;
   2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө;
   3. Текстти изилдөө;
   4. Сөз байлыгын өстүрүү.

III. Тексттин негизинде үйрөтүү.
   1. Эрежелерге баш ийүү.
   2. Изилдөө.
   3. Турмуш менен байланыштыруу.
   4. Предмет аралык байланыш.

IV. Өзүн-өзү таануу.

V. Өлчөө жана баалоо.

VI. Улантуу.

Көрүнүп тургандай, текст аркылуу же эне тилин үйрөтүү процессинде мугалим негизги көңүлдү окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө, алган билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн турмуш менен байланышта карап, аларды иш жүзүндө колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусуна бөлөт. Албетте грамматикалык эрежелерге да олутту көңүл бурулут. Алар тексттин негизинде талданып үйрөтүлөт.

Төмөндө ткст аркылуу эне тилин үйрөтүү сабагынын пландаштырылышы алгач толук, ар бир иш-аракетке токтолуу менен иштелип чыгып, ал эми кийинки сабактардын иштелмелери кыскартылган формада берилди, анткени сабактын баскычтары сабактан- сабакка кайталанып жүрүп отурат. Алар:

Төмөндө бул баскычтарда эмне иштерди аткарарыңыз жөнүндө маалымат берилет жана аларды билүүгө тийишсиз.



1. **Даярдоо.**

I. **Даярдоонун алды**. Сабак башталаардан мурунку даярдыктарды өз ичине камтыйт.

- Сабакта колдонулуучу каражаттар, материалдар мурдатан даярдалышы маанилүү.
- Сабактарды баштоодон мурда сабактын планын дагы бир ирет карап, өздөштүрүп, даярданып алуу зарыл.
- Сабак үчүн кошумча каражаттар ылайык тандалуу керек.
- Окуучуларды сабакты кабыл алууга даяр абалга алып келүү, уюштуруу.
- Керек болгондо материалды жакшы түшүнүү үчүн окуучулар окуй турган ордун алмаштырып койсо болот (китепкана, экскурсия, жаратылыш ж.б).

2. **Акыл даярдыгы:** жаңы теманы өтөөрдөн мурун окуучуларга:

- Күнүмдүк жашоодо кездешкен теманын тегерегиндеги суроолордон берүү;
- Темага багыт алдырууга даярдоочу суроолорду берүү;
- Өзүнө тааныш чөйрө боюнча текстке байланыштуу кызыктыруучу суроолорду берүү.

II. **Түшүнүү.**

1. **Угуу, окуу жана визуалдык окуу.**

**Угуу**: Окуучуларды угуп үйрөнүүгө даярдоо, отурганда рахат алып, эркин отурууга көнүктүрүү угууга даяр абалга алык келүү. Угуу куралдарын туура колдонуу ( аудио- видео уктуруулар).

**Окуу:** Окууда китеп менен көз аралыгы, жарыктын берилиши туура болушу керек. Мугалим ушул багытта окуучулардын жардамчысы болууга тийиш. Белгиленген окуу методун сактоо зарыл. Өтө катуу окугандан көрө, көркөм окуу пайдалуу. Керек учурларда текстти токтотуп, окуучулардан «Андан ары эмне болот?» деп суроо керек.

**Визуалдык окуу.** Сүрөттөр боюнча тема тааныштырылып бүткөндөн соң, суроолор берилет. Аларды өзүңөр да түзсөңөр болот. Мисалы:

- Сүрөттөр тексттин мазмунун чагылдырабы? Туура тартылдыбы?
- Сүрөттөрдүн саны жетиштүүбү?
- Сен сүрөтчүнүн ордунда болсоң дагы кандай сүрөт тартмаксың?
- Кайсы сүрөттөр жакты? Эмне үчүн?

- Боёктору кандай?
- Сүрөттөгү адамдардын эмоциясы кандай?

**Сөз өстүрүү.**

- Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө;
- Окуучулардын сөз байлыктарын кеңейтүү.

III. **Текст аркылуу үйрөтүү.**




- Эрежелерге баш ийүү;
- Изилдөө;
- Күнүмдүк турмушка көнүктүрүү;
- Предмет аралык байланыш.

IV. **Өзүн – өзү таануу.** Ар бир сабакта, ар бир окуучуга таанып билүү деңгээлине карата ыңгайлуу формада (мисалы, карточка түрүндө: жөнөкөй суроолор, орточо суроолор, татаал суроолор):

- Алгачкы билимдерин кыймылга келтирүүгө, аларды тартынбай айтууга;
- Максатты аныктоо, көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын түшүнүүгө;
- Түр жана тартуулоо формасын тандоого жардам берүү, багыттоо, шарт түзүү.

Окуучу ар бир сабакта каралып жаткан маселе боюнча:

- Айта турган нерселерди ойлонуп алуусу;
- Сөз байлыктарын колдонуусу;
- Темага ылайыктуу сөздөрдү колдонуусу;
- Жаңы сөздөрдү колдонуусу;
- Өзүнүн мүмкүнчүлүгүн ачып көрсөтүүсү суралат, шартталат.

V. **Улантуу.** Класста алганбилим, билгичтиктерди окуучулар көндүм адаттарга жеткирүү үчүн машыгууларды үйдөн да жүргүзүүсү зарыл. Окуу китебинде көрсөтүлгөн жана мугалим тарабынан сунушталган ар кандай деңгээлдеги, түрдүү тапшырмаларды окуучу өз алдынча жана үйдөгүлөрдүн жардамы менен аткарат. Чыгармачылыкта жаралган китепчелер, сүрөттөр жазуу иштери ж.б тапшырмалар боюнча материалдар портфолиого чогултулуп, окуучунун ишмердүүлүгүнүн деңгээлин баалоого мугалимге көмөкчү болот.

Улантуу баскычындагы иш-аракеттер:




Мына ушул стандарт жана стандар эмес түзүлүштөгү сабактардын жогорудагы окуу баскычтарынын жардамы менен кырыгыз тилиндеги сабактарды уюштуруунун төрт тибинде:

1. Жаңы билидерди калыптандыруу сабактары;
2. Билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандыруу сабатары;
3. Кайталоо жана билимдерди жалпылоо сабактары;
4. Текшерүү жана окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрүн каттоо сабактары боюча төмөндөгүдөй формадагы:

1. практикум сабак;
2. изилдөө сабак;
3. интерактивдүү сабак;
4. мелдеш сабак;
5. конкурс сабак;
6. саякат сабак;
7. инсцинировка сабак;
8. консультация сабак;
9. чыгармачылык сабак;
10. билимдерди каттоо сабактардын түрдүү иш – пландарын иштеп чыгууга болот.

## ЛЕКЦИЯ 7 (2 саат)

### Тема: Башталгыч мектепте кыргыз тили сабагын куррикулумдун негизинде окутуу

**Маселелер:**

1.Башталгыч мектептин куррикулумунда кыргыз тили сабагына коюлган талаптар.

2.Кыргыз тилин окутуунун мазмундук багыттары.

3.Окуу материалдарынын мазмуну жана класстар боюнча бөлүнүшү.

4."Кыргыз тилинин" тематикалык бөлүмдөрү жана окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар.

5.Окуу материалдарын пландаштыруу.

**1.Башталгыч мектептин куррикулумунда кыргыз тили сабагына коюлган талаптар.**

Куррикулум-коомдун социалдык заказына шайкеш келген окуу процессин уюштурууга багытталган,жөнгө салып жана багыт берип туруучу документтердин системасы.Куррикулум өз ичине буларды камтыйт;Алкактык Улуттук куррикулум,мектеп куррикулуму,предметтик куррикулумдар,окуу пландары,окуу-методикалык комплекстер жана башка.Куррикулумда билим берүү системасындагы иштин натыйжасы чагылдырылып,ага ылайык окутуу иштери жана системанын ишин баалоо жүргүзүлөт.

Мектеп куррикулуму-билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгуучу жана бекитилүүчү документ.Мектеп куррикулуму Алкактык Улуттук куррикулумдун нормативдерин ишке ашырат жана өз компетенциясынын чегинде ошол билим берүү уюмунун өзгөчөлүгүн чагылдырган билимдин мазмунун өз ичине камтыйт.Ал ошол билим берүү уюмунда окуу-тарбия ишин жүргүзүү үчүн негиз болуп саналат.(Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Алкактык Улуттук куррикулуму.Бишек-2010.-66б)

Жалпы орто билим берүүнүн Алкактык Улуттук куррикулумунда төмөнкү негизги түшүнүктөргө мындайча аныктамалар берилет:

Компетенттүүлүк-адамдын ар түрдүү билимдерин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттердин ыкмаларын белгилүү кырдаалда(окуу,инсандык,кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү. Компетенция – (латын. Competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү) – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

Компетенттүүлүктөр негизги жана предметтик болуп бөлүнөт.Алкактык Улуттук куррикулумунда негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун тандоо принциптери,тизмеси жана деңгээлдери аныкталган. Предметтик компетенттүүлүктөр предметтик куррикулумда аныкталат.

Негизги компетенттүүлүктөр -баардык предметтер үчүн предметтик мазмунда ишке ашырылуучу билимдердин натыйжалары.Алар көп функционалдуулугу жана предметтин кеңирилиги менен мүнөздөлөт.

Алар:

•автономдуу жана рефлексивдүү иштөөгө:

•ар түрдүү каражаттарды интерактивдүү колдонууга:

•социалдык ар кандай топторго кирүүгө жана алардын ичиндеиштөөгө мүмкүндүк түзөт.

Негизги компетенттүүлүктөр окуучулар өздөштүргөн турмуштук иш ыкмаларын теориялык жана практикалык милдеттерди чечүүдө колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Предметтик компетенттүүлүктөр- негизги компетенттүүлүктөргө карата алганда жекече болуп саналат.

Куррикулумдун негизги максаты-теориялык билимдерге басым жасабастан,ошол алган билимдерди практикада колдоно билүүгө машыктыруу.Биздин максат-азыркы маалымат технологиялар заманына жана коомдун өтө тез өзгөрүүлөрүнө бат ылайыкташа ала турган коммуникабелдүү,мобилдүү өз билимин практикада колдоно ала турган, сөз көндүмдөрүнө ээ келечек муундарды окутуп-тарбиялап чыгаруу.

1.Коммуникативдик;

2.Социалдык көндүмдөр;

3.Маданият;

4.Байланыш компетенцияларын ишке ашыруунун оптималдуу жолдору иштелип чыгуусу зарыл. Алсак;

**Бөлүмдөр.**

Алиппе мезгилинин биринчи экинчи баскычындагы сөздөргө караганда, бул баскыч бир аз татаалдашкан сөздөрду муун боюнча окуучуларга окутуу , аны жаздыруу жумуштары практика жузундө жургузулөт.Мисалы, алып жататар нерсе ж.б.

Эки унсуз катар келуучу сөздөр : станция, трактор, кырк, төрт ж.б. Алиппе мезгилинде окуучулар грамматикалык элементтерден иш жузундө төмөндөгулөрду билуулөру керек: суйлөм, сөз, муун, тыбыш, тамга жана ундуу тамгалардын муун тузө ала тургандыгы байкатылат.Ошондой так, ачык, жабык жана туюк муундуу сөздөрду окуп жана жазууга жетишет.

## ЛЕКЦИЯ 10 (2 саат)
## БАЛДАРДЫ ОКУУ ЖАНА ЖАЗУУ ИШТЕРИНЕ КАЛЫПТАНДЫРУУНУННЕГИЗГИ БАСКЫЧТАРЫ

Маселелер:

1. Алиппеге чейинки мезгил.
2. Алиппе мезгили.
3. Алиппеден кийинки мезгил.

1.**Алиппеге чейинки мезгил.** Бул мезгил окуу-жазууга даярдык керүү мезгили болуп эсептелет. Бул мезгилде мектепке келүү, кетүү, мектептеөзүн кандай алып жүрүүнүн элементардык эрежеси менен тааныштырылат. Мугалимдин окуганын же оозеки айтканын кунт коюп угууга үйрөтөт. Речибиз сүйлөмдөн, сүйлөм айрым сөздөн, сөз айрым муундан, муун айрым тыбыштан куралгандыгын жана ар бир тыбыштын өзүнчө тамгасы бар экендигин билдирет. Окуучуларга оозеки түрдө иштетилип, иш жүзүндө байкатылат. Ансыз алиппени окутууга мүмкүн эмес. Кыскасын айтканда, талдоо-жыйноо жолу менен окуучуларды окуу-жазууга үйрөтөбүз.

***Сүйлөм түздүрүү.***Биринчи күнү сабак башталганда, мугалим өзүнүн, атасынын аты менен тааныштырат, окуучунун аты, фамилиясы менен таанышат. Ошондой эле партада олтуруу, туруу, эшиктен кирүү, эшикке чыгуу, окуу убактарында кандай олтуруу, дем алыш убагында кандай тартипте жүрүү ж.б. мектептин ички-тышкы тартиби менен окуучуларды тааныштырат. Мугалим тарабынан кызыктуу жомок, же кызыктуу аңгемелерден камдалып келинет да, аны айтып же окуп берет, балдардын билгендеринен да айттырууга болот ж.б. ушул сыяктуу иштер жүргүзүлөт.

Экинчи, жеүчүнчү күнү сүйлөм үстүндө иштөө жумуштары башталат. Мисалы: Бала мектепке келди. Ал окуду. Айшада карандаш бар. Атам гезит окуду. Апам радио укту- деген сыяктуу бир нече сүйлөм түздүрүлөт да, ошол сүйлөмгө карата мугалимдин берген суроосуна бала жооп кайтарат. Андан кийин ал, сүйлөмдөрдү балдар кайталап айтып чыгышат. Мугалим бул айтылган сүйлөмдөрдү окуучуларга оозеки түрдө саналат. Канча сүйлөм экенин айттырат.

***Сүйлөмдү сөзгө ажыратуу.*** Сүрөт боюнча ангеме жүргүзүп, ошол ангеменин ичинен бир сүйлөмдү бөлүп алат да, ошол сүйлөмдүн ичинде канча сөз бар экендиги таптырылат. Сүйлөмдү, сөзгөажыратканда ар бир сөздүбөлүп, кол менен санап көрсөтөт. Мисалы: класс жөнүндө ангеме жүргүзөт да, бир нече сүйлөм түздүрүлөт.Алар: Класс чон. Биздин класс жарык. Класста парталар бар. Партада окуучулар олтурушат -деген сыяктуу бир нече сүйлөм түздүрүлөт да, ал сүйлөмдөрдү оозеки түрдө ажыратат. Мында класс жөнүндө айтылган ангемеде канча сүйлөм бар экендигин бирден санап көрсөтөт. Андан кийин ошол сүйлөмдөрдүн ичинен бир сүйлөмдү бөлүп алат да, анда канча сөз бар экендиги таптырылат.

**Мисалы**: Биздин класс таза. Мында үч сөз бар деп, мугалим биринчи сөзү—биздин, экинчи сөзү—класс, үчүнчү сөзү—таза деп кол менен санап көрсөтөт. Андан кийин бир сүйлөмдү окуучуга кайталатып айттырат. Жогорку формада окуучулар сөздү санап көрсөтүп айтышат.

Маселен мугалим китептеги сүрөттү көрсөтүп:

— Бул кимдин сүрөтү?

— Бул баланын сүрөтү.

— Бала эмне кылып жатат?

—Бала окуп жатат, — деп жооп берет. Мындан, бала окуп жатат деген сүйлөмдү бөлүп алат да, сөзгө ажыратат. Мына ушул тартипте сүйлөм сөзгө ажыратылат. Мында окуучулар сүйлөм түзүлөрүн, сүйлөмдө бир нече сөз бар экендигин айтышат.

***Сөздү муунга ажыратуу.*** Сүйлөмдү сөзгө ажыратууга караганда сөздү муунга ажыратуу жумуштары бала үчүн татаалыраак болот. Башкача айтканда, сөздүмуунга ажыратуу иши канча баскыч болуп эсептелет. Сөздү муунга бөлөбаштаганын эн мурда речтен сүйлөмдү, сүйлөмдөн сөздү бөлүп алып, окуучулардын көз алдына элестетип, андан кийин сөздү муунга ажыратуу жумуштары башталат.

Мында мугалим эки-үч сөздөн турган сүйлөмдү алат. Мисалы: Алым жазат. Белек оку. Биринчи, экинчи сүйлемдү, анын нчиндеги сездердү балдарга таптырып ажыраттырат. Андан кийин мугалим: Балдар, биз сүйлемдү түздүк. Аны сөзгө ажыраттык. Демек, бир сүйлөмдө эки да, андан да көп сөздөр болот. Эми балдар, сөз муундан түзүлөт. Муун колдо да бар. Кана, баарынар колунардын муунун көрсөткүлөчү. Бардык балдар колдорунун муунун көрсөтөт. Муун чөптө да бар деп, чөптүн муунак-муунак болуп бөлүнүп турган жерин көрсөтөт. Балдар байкап карайт.

Мугалим: Балдар, демек муунак-муунак болуп бөлүнүп турган жерди муун дейт экенбиз. Сөздө да муун болот. Мен бир сөз айтайын, силер угуп тургула. Ошол сөздөүндүн бөлүнүп чыккан жерин муун деп түшүнгүлө. Азыр мен **апа** деген сөздү айтамын. Силер тыншап тургула. А-па деп, муунга болуп айтат. '

—А-па деген сөздү канчага бөлүп айттым?

—А-па деген сөздү экиге бөлүп айттыныз.

— Демек, сөздүн бөлүнүп чыккан жерин эмне деп айтчу элек?

—Сөздүн бөлүнүп айтылган жерин муун деп айтабыз.

—А-па деген сөздө канча муун бар экен?

.- А-па деген сөздө эки муун бар экен. Эки муунду эки балага айттырат.

Ушундай кылып эки-үч муундуу сөздөрдү алууга болот (ата, арпа, алма ж. б.) Муунга ажыратуу жумуштары да оозеки түрдө гана жүргүзүлөт. Мында балдар сөз муундан түзүлөт деп түшүнүшөт. Сөздү тандап алганда адегенде муунга оной бөлүнүүчү ачык муундуу, андан кийин жабык муундуу сөздөрдөн тандап алуу керек.

Сөздү муунга ажыратууда оюн катарында тандап алууга болот. Мисалы, мугалим; мен биринчи муунун айтайын, силер экинчи муунун айткыла. Бул убакта балдар чуулдабай колду көтөрүүсүн гана талап кылат. (Мугалим *а*десе, балдардын бирөө-*та* дейт. Мында *а-та* деген сөз пайда болду.)

Балдар ушул сыяктуу кылып бир, эки муундуу сөздү талдап көргөндөн кийин, үч-төрт муундуу сөздөрдү талдоого аз-азда көнүгө баштайт. Ушул формада окуучуларды сөзгө муун кошууну жана муунга ажыратууну үйрөтсөк, бир нече муунду; сөздү оной эле ажыратып шар окуй алууга жетишет. Ушул көрсөтүлгөндөй эле бир түрдүү формада сөздү муунга ажырата берсе, бала үчүн көнүлсүз болот. Ошондуктан, ар түркүн кылып ар бир бала сөзгө тиешелүү муунду таап кошууну, же сөз таап ал сөздү муунга ажыратууну ж. б. ушул сыяктуу кылып, ар түрдүү жолду колдонуу керек.

**Тыбышка ажыратуу**. Сөздөн тыбышты бөлүп алуу иши сабаттуулукка үйрөтүүнүн эн жооптуу жери болуп эсептелет. Бул баскычта айрым тыбышты айтуу, ал тыбыштын тамгасын жазуу, окуу- жазууга балдарды көндүрүү болот. Иштин мындай- түрү тыбыштын окулушуна жана жазылышына практика түрүндөүйрөтүү менен ал тыбышты сөздүн муунунан бөлүп алууну жана ал тыбыштан курулган сөздөрдү окуунун техникасын үйрөтөт. Сөз ичиндеги тыбышты, ал тыбыштын тамгасын байкап ажырата билсе, үйрөнсө, окуунун келечектеги процессии женилдетет. Муундагы тыбыштарды ажыратып, окулушун билсе, жазууну катасыз жазат.

Мына ошондуктан сөздүн муунунан тыбышты бөлүп алууга жөнөкөйдөн татаалга карай деген принцип колдонулат да, бир эле эки муундуу сөздөрдөн (копчүлүгү ачык муундуу сөздөрдөн) алыпталдатылышы зарыл.

Мисалы: ат, апа, ата, бала ж. б. үндүү тыбыштын созулуп айтылышы, анын өзүнчө муун жасай алышы тыбышка ажыратууда бала үчүн женил болот.

Айрым тыбышты бөлүп алуу, аны балага билдирүү иши жөнөкөй, оной гана жол менен түшүндүрүлүшү керек. Экинчи сөз менен айтканда, балага тааныш,өзүнүн чөйрөсүндө колдонулуп жүргөн сөз менен түшүндүрүүгө тийиш. Мисалы: Столду карандаш менен акырын тык эттирип уруп:

— Балдар, кандай үн чыкты?

Балдар: — Тык, же тук деген үн чыкты, — деп жооп беришет. ошол эле сыяктуу балага тааныш үн, тыбыштардан да айтып көрсөтүү керек.

Мисалы: Баланын а, аа, ааа, аа, а деп үн чыгарышы, койдун маараганы, суунун шылдыраганы, машина же трактордун дүрүлдөгөнү, же күндүн күркүрөгөнү, шамалдын дуулдаганы, ж.б. алып мына ушул айтылгандарды тыбыш дейбиз, деп түшүндүрүү керек. Алиппеге чейинки мезгилде а,о тыбыштары менен тааныштырылат.

**Жазууга көнүктүрүү**. Сөздүн муунунан тыбышты ажыратууta көнүктүрүү менен бирге, жазуу ишине да көнүктүрүлөт (талдоо-жыйноо жолунун системасы боюнча окуу-жазуу иши бирдей жүргүзүлөт). Мында адегенде жазуу куралдары:

карандаш, калем сап, калем уч, сыя челек, пенал ж.б. менен тааныштырылат. Эн мурда, жазуу мезгилинде, партада кандай олтуруу керектигин, карандашты кандай кармоонун тартибин тааныштырат. Карандашты үч манжа менен кармашты,үчөөнүн кандай абалда болушу, көп катуу басып кармабай, бош кармоону үйрөтүү. Көп катуу кармаса үч манжанын талып кетиши эскертилет.

Андан кийин дептер менен тааныштырат. Жазуу дептеринин сызыктары көрсөтүлөт жана эсеп дептери менен жазуу дептеринин айырмасы эскертилет. Азыр балдардын кепчүлүгү 1-класска келгенде окуу, жазуу куралдары менен келет. Кайсы бирөөлөрү тамга, сандар менен таанышкан болот. Ошентсе да болжолдуу кенүктүрүү иштерин жүргүзөберүү керек. Алиппенин бетиндеги түз таякчаларды тарттыруу. Кыйгач сызык менен түз кеткен эки жарыш сызыктын кошулган жерине чекиттерди койдуруу, топ-тобу менен кыска таякчаларды жаздыруу. Жогорку, төмөнкү элкин сызыкка жеткирип узун таякчаларды тарттыруу ж. б. ушул сыяктуу жумуштар жүргүзүлөт.

Алиппе мезгилиндеги иштердин уюштурулушу жана жаны сөздөрдү окуунун жолдору. Биз алиппеге чейинки мезгилдеүндүү, үнсүз тыбыштардан эң кеминдеүч-төрт тыбыш менен тааныштырылат дедик эле. Ошол окуучуларга тааныштырылган тыбыштардан сөз түзүлөт. Мына ушундан тартып алиппе мезгили деп аталат. Башкача айтканда, алиппеде а, о, т, тыбыштарын өткөндөн кийин а-та, ат, от деген сөздөр пайда боло баштайт, демек алиппе мезгили мына ушул жерден башталат экен.

Мындагы эн негизги максат жаны өтүлгөн тыбышты сөзгө катыштырып окууга баланы үйрөтүү.

Мисалы; кесме тамгадан, же жаны өтүлгөн тыбыштарды катыштырып оозеки түрде сөз түздүрүү, алиппеден окутуу ж. б. ушул сыяктуу иштер жүргүзүлөт.

Алиппенин ар бир бетиндеги жаны өтүлүүчү тыбышка карата сүрөт берилген. Мындагы негизги максат ошол сүрөт боюнча суроо-жооп иретинде ангеме жүргүзүү, ошол ангеменин ичинен бир сүйлөмдү бөлүп алуу, ошол сүйлөмдү созгө, сөздү муунга бөлдүрүп, ошол муундун ичинен жаны тыбышты таптыруу, ал тыбыштын тамгасын көрсөтүү жумуштары жүргүзүлөт. Андан кийин ошол жаны тыбышты катыштырып, кесме тамгадан набордук полотного сөз түздүрүү, аны окутуу,айттыруу иштери болот. Бул жумуштардан кийин алиппеден окутуу иштери башталат.

Алиппеде сүрөттүн алдына тик таякчалар тартылган, ал таякчанын эки жанына муунга бөлүнгөн тендер берилген. Ал сөздөр баланын тили так келип оной айтылуучу гана бир-эки муундуу сөздөрдөн болот. Мында ошол жаны өтүлүп жаткан тыбышты сөздүн башына, ортосуна, аягына коюу ушул сыяктуу кылып ар турдуу жол менен ал жаны үйренүлүп жаткан тыбыш сөзгөкатыштырып окутуу, баланын тилин жатыктыруу, көз каныктыруу ж.б. ушул сыяктуу иштер жүргүзүлөт.

Мисалы: **б** тыбышын балдарга билдирүүүчүн алиппеде таякчанын эки жагындагы сөздөр кайсы формада экендигин *үлгү* катарында берип көрөлү.

| | | |
|---|---|---|
| бар | а-ба | ар-па |
| пар | са-ба | ал-ба |
| бал-та | са-бы | ма-ла |

Мында, биринчиден, **б**тыбышы менен п тыбышы салыштырылып көрсөтүлсө, экинчиден, **б** тыбышын сөздүн ар түрдүү муунуна алмаштырып берип, ар түрдүүүн менен **б** тыбышын байкатуу болот. Андан кийин ошол тамгаларга негизделип текст формасындагы сүйлөмдөр берилет.

Бул айтылгандарды алиппеден окутарда эн мурда мугалим үлгү катарында муун боюнча өзү окуп берет да, андан кийин балдарды так ошол формада окутат. Бирок балдарга окутканда китептин бетин бүт бир балага окутпастан, бөлүп-бөлүп бир нече балага окутуу керек. Ал эми ошол окулганына аз да болсо, түшүнгөнүн айтып берүү иши сезимдүү окуунун негизин түзөт.Мына ошондуктан окуганын аз-аздан айтып берүүгө баланы адат алдыруу зарыл. Мына ушул жол менен үтүр кенитилип олтурулат.

**Үндүү, үнсүз тыбыштар жана алардын тамгалары менен тааныштыруу.**

Окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүү процессиндеүндүү, үнсүз тыбыштар жана алардын тамгалары тааныштырылат.

Качан окуучулар айрым тыбыштарды үйрөнө баштаганда ошол үйрөтүлгөн тыбыштар класска илинип коюлат (үндүү тыбыштын тамгасын кызыл менен, үнсүз тыбыштын тамгасын кара менен боёп өзүнчө илүү керек).

Мында окуучулар аз да болсо, экөөнүн айырмачылыгын сезе баштайт.

Үндүү, үнсүз тыбыштардын айырмасы качан 3—4 үндүү тыбышты (а, о, ы, у) жана 5—6, же андан да көбүрөөк үнсүз тыбыштарды (т, л, м, р, с) өткөндөн кийин көрсөтүлөт. Бул айтылгандарды практикалык түрдө иштеп, өздөрүнө айттыруу менен гана тааныштырабыз.

Мисалы, үндүү тыбыштын эки түрдүү белгисин алып түшүндүрүүгө болот.

1. үндүү тыбышты айтканда үндү канчалык созсо, ошончо созула берери окуучуларга байкалат.
2. Сездеканча муун болсо, ошончо ундуу тыбыштын бар экендиги айтылат. Булар окуучуларга иш жүзүндө көрсөтүлөт.

Ошону менен бирге окуучуларды үнсүз тыбыштар менен да тааныштырат. Мында үнсүз тыбыштар үндүү тыбыштардын жардамы менен гана оной айтыла тургандыгы жана үндүүлөрдүн жардамы менен гана муундун түзүлүшү, үнсүздөрөз алдынча муун-тузө албай тургандыгы байкалат. Бирок ошондой болсо да, үнсүздөр деген терминди кийинчерээк айтууга болот. Бул айтылган тыбыштардан башка ё, **я, ю** тамгалары алиппенин эн кийинки баскычында үйрөтүлөт.

Тыбыштардын мындай тартипте жайланышы окуучулардын женил жана теренөздөштүрүшүнө алып келет ж. б.

**Сөздү окууга үйрөтүү**. Окуу, жазууга үйрөтүү иши бирдей жүргүзүлөт. Бала жаныдан үйрөнгөн тыбышка мурдагы үйрөнгөн тыбышты кошуп, сөздү, сүйлөмдү муун боюнча окууга үйрөтүлсө, ошондой эле жазууга да үйрөтүлөт.

Ал эми сөздү окуганда бирден тамганын атын айтып эжелеп окубастан, муун боюнча гана окуп көнүгүү керек. Мындай окуу тамганы таштабай, же бир тамганы экинчи тамга менен алмаштырбай окууга көндүрөт. Бул туура окуунун алгачкы негизин түзөт. Ал эми окуганы жонүндө аз да болсо, айтып берүү иши сезимдүү окууга багыт ачат. Мына ошондуктан баланы биринчи эле окууга үйрөтө баштаганда окуунун мындай тұрүн эстен чыгарбай, экөөнү бир алып кетүү керек.

Окуунун техникасына үйрөтүү, туура илимге ээ кылуу үчүн ар түрдүү нерселерди колдонуу зарыл. Маселен, кесме тамгаларды туура пайдаланып, аны

иштете билүү. Ошондой эле жаны өтүлүүчү тыбышка ылайыктуу, балдардын тилине так айтылуучу сөздөрдөн таап окутуу ж. б. көңүлгө алуу керек**Кесме тамга менен иштөө.** Кесме тамгадан сөз түздүрүп окутуу иши сабаттуулукка үйрөтүүнүн эн алгачкы кадамы болот. Тамга кассасындагы кесме тамгадан набордук полотного сөз тұздүрүп окутуу, ал сөздү талдатуу, андан жаны үйротүлгөн тыбышты билдирүү—бул алиппе мезгилиндеги эн орчундуу иштин бири болуп эсептелет. Кыскасын айтканда, тамга кассасы жана набордук полотносу жок алиппени окутууга мүмкүн эмес. Тамга кассасындагы кесме тамгадан иштетүү жумуштары баланы туура окууга көндүрүүнүн жолу болот.

*Ал эми кесме тамгалар аркылуу кандай жумуштар иштелет?* деген суроого төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө туура келет.

Качан окуучуларга жаңы тыбышты жана анын тамгасын тааныштыргандан кийин, бала ошол тамганы мурдагы өтүлгөн тамгага кошуп сөздү окуй да, жаза да алат. Ошол жаны өтүлгөн тыбыштын тамгасын балага билдирүү, өздөштүртүү, ал тамганы катыштырып сөз түздүрүүүчүн кесме тамганын ролу чон.

— Эгерде**м** тыбышын окуучуларга үйрөтсөк, м тыбышын кошуп сөз түздүрөбүз да, ошол сөзгө талдоо жасатабыз. Мисалы: «Ал-ма» деген сездү алып көрөлү. Мугалим: Ал деген муундун биринчи тыбышы кайсы?
— Ал деген муундун биринчи тыбышы — а.
— Экинчи тыбышы кайсы?
— Экинчи тыбышы —л.
— Демек, биринчи, экинчи муунунда кандай тыбыштар бар экен?
— Ал деген муунда — а, л тыбыштары бар экен.
— Ошол тыбыштын тамгалары кайсы эле?

—Ошол тыбыштын тамгалары а, л болчу, — деп окуучулар өздөрүнүн набордук полотносуна коюшат. Андан кийин ошол ал деген муунду окуучулар жалпы хор менен айтышат (ал, ал). Ал-ма деген создүда ушул тартипте иштөөгө болот. Мугалимдин тапшыруусу боюнча окуучулар эн мурда муун, андан кийин бүт сөздү окушат. Ошол жаны үйрөтүлгөн тыбышты жакшы өздөштүртүү баланын тилин жатыктыруу үчүн, ошол тыбышты катыштырып кесме тамгадан ар түрдүү формада муунду түздүрүп окутуу керек. Мисалга жаны үйрөтүлгөн м тыбышын алып көрөлү — ма, мы, мо, му, ым, ум, ом. Ошол жаңы өтүлгөн тыбышты окуучуларга дагы жакшы билдирүүүчүн ал тыбышты сөздүн башына (мал), ортосуна ал-ма), аягына (там) келтирип окутуу иши жүргүзүлөт.

Сөздөгү бир тамганын ордун алмаштырса, же ошол тамганын ордуна башка бир тамга келип түшсө, сөздүн мааниси өзгөрөрүн да иш жүзүндө көрсөтүүгө болот. Мисалы: мал-мол, там-таш ж. б.

Мына ушул сыяктуу кесме тамга менен иштетүү жумуштарын жүргүзүү керек. Кыскасын айтканда, кесме тамганы жакшы иштетпей, баланын сабатсыздыгын жоюуга мүмкүн эмес. Ошондуктан жогорку айтылгандарды толук колдонуу, дагыар түрдүү жол менен иштетүү иши дайыма талап кылынат.

Мына ошондуктан тамга кассасы, андагы кесме тамгалар ар бир окуучуда болушу зарыл. Аны жасоо (уюштуруу) иши жалгыз гана мугалимге тиешелүү болот. Ал темендегүче: алиппеде кесме муундар, кесме тамгалар бар. Мугалим окуучуларга жана ар бир окуучунун ата-энелерине айтып, чүпүректен тамга кассасын жасатуу керек. Ал тамга кассасына кыргыздын 36 тамгасына ылайык 36

чентекче жасап, анын сыртына алфавит тартиби боюнча жазып коёт. Мына ушул кассага алиппедеги кесме муун, тамгаларды кестирип салдырат. Ошол кесилген тамгадан набордук полотного сез түздүрүү жумуштары үзгүлтүксүз жүргүзүлет:
Балдардын тамга кассасы

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| А | Б | в | г | д | Е |
| Е | Ж | З | й | й | к |
| **Л** | **М** | н | н | о | 0 |
| 11 | Р | с | т | У | Y |
| Ф | Х | ц | ч | ш | Щ |
| ъ | ы | ь | э | ю | Я |

Мындан башка мугалимдин өзүнөе да тамга кассасы классттык кесме тамгалар жана доскада набордук полотно болот.

2. **Алиппе мезгили.**
   1. А тамгасынын жазма түрү менен окуучуларды тааныштыруу.
   2. А тамгасынын элементин жаздыруу.
   3. А тамгасынын өзүн жазуу.

**Сабактын жүрүшү.**

1. Мугалим а тамгасынын элементин жазат жана эки элементтен тургандыгын түшүндүрүп айтат. Жарым овалдан (жарым тегерек) сол жана төмөн жагына он жакка ийилген кыска таякчадан турат.
2. Мугалим жана балдар жарым овалды абага жазышат (мугалимди ээрчип балдар жазышат). Андан кийин мугалимдин уруксаты боюнча балдар дептердин жарым жолуна чейин жазышат. Анданкийин дагы мугалимдин көрсөтүүсү боюнча, дептердин кийинки калган жарым сабына төмөн жагынан сол жакка ийилген кыска таякчаны жазышат: *и и.*
3. Мугалим **а** тыбышынын тамгасын абага жазып көрсөтөт. Балдар байкап, карап турат. Андан кийин мугалимди ээрчип бардыгы абага жазышат.
4. Мугалимдин айтуу боюнча **а** тыбышынын үч тамгасын жазышат.
5. Мугалим бардыгын аралап көрүп чыгат. Доскага дагы бир жолу жазат, балдар болсо мугалимдин колунун кыймылын ээрчип карап турушат.
6. Андан кийин окуучулар дагы үч жолу **а** тамгасын дептерине жазышат.
7. Мугалим партаны аралап чыккандан кийин, ошол саптын аягына чейин а тамгасын жазууга уруксат берет, окуучулар жазып чыгышат. Жазуу сабагында мугалим дайыма балдардын отурушуна жана жазууга керектелүүчү буюмдардын туура колдонулушуна көз салат, эскертүү дайыма болот.

**Үйгөтапшырма:** алиппенин бетиндеги кол жазма түрүндөгү**а**тамгасын элементи менен жазыпкелүү.

Алиппеге чейинки мезгилде бир нече тыбыш жана анын тамгасы менен тааныштырылат деп мурда айтылды эле. Ошол тааныштырылган тыбыштардан сөз пайда боло баштаган учуру ***алиппе мезгили*** деп аталат. Бул алиппе мезгилинин биринчи башталышы сабаттуулукка үйрөтүүнүн эн негизги учуру болуп эсептелет.

Биз алиппеге чейинки мезгилде**а, о**тыбыштарын билгенбиз.

Ошол тыбышка **т** тыбышын кошуп, биринчи эле ат, ата деген сөз үйрөтүлөт.

Ушул алиппе мезгилиндеөткөзүлөтурган биринчи сабакты мугалим өтө жоопкерчилик менен карап, ал сабакты ийне-жибине чейин ойлонуу керек. Мына ошондуктан, эн биринчи эле сабактын жабдылышында төмөндөгүлөр талап коюлат. Кесме тамга, набордук полотно, указка, алиппе, боёлгон борлор ж. б. болуу керек. Ошондой эле мугалим окуучуларды төмөнкүлөргө адат алдыруу зарыл.

1. Мугалимден уруксатсыз эч нерсени албоого же китептин бетин ачпоого, сүйлөшпөөгө, дайыма түз отурууга, колу-бутун туура коюуга баланы адат алдырат.
2. Мугалим ангемеөткөрүп жана сүйлөмгө, сөзгө талдоо жүргүзүп жаткан учурда, аны көңүл коюп угуп, мугалимди карап, анын кыймыл-аракетин байкап отуруу жактарына окуучуларды көндүрөт.
3. Набордук полотнодон, же китептен окуп жаткан учурда, ошол окуп жаткан баланын, же мугалимдин үнүн угуп, өздөрүнүн китебин ж. б. карап ээрчип, ичтеринен окуп отурууга баланы адат алдырууга зарыл.
4. Мугалим айткан учурда бардык окуучу партаны калдыратпай, бир мезгилде алиппесин, же тамга кассасын же набордук полотносун бирдей жаап, бирдей жыйнагандай болсун.
5. Бардык окуучу өздөрүнүн тамга кассасынан кесме тамганы алып, набордук полотного сез түзүп, аны муун боюнча окууга кенүксүн ж. б.

Мына ушул айтылгандар мугалим тарабынан дайым талап кылынат да, окуучуларды ошого кендүрет.

Биз сабаттуулукка үйретүүдегү сабактын системасы деген белүмде, алиппе мезгилинде, тамганын оор. женилдигине карай үч баскычка белүнет, ошол боюнча алиппе китеби түзүлөт деп мурда айттык эле. Ошол боюнча азыр сабактын үлгүлөрүн беребиз.

## АЛИППЕ МЕЗГИЛИНИН БИРИНЧИ БАСКЫЧЫНДАГЫ САБАКТЫН ҮЛГҮСҮ

**Сабактын темасы**: Т тыбышын, анын тамгасын окуучуларга үйрөтүү, ат, от, ата деген сөздөрдү окутуу.

Сабактын жабдылышы: алиппе китеби, тамга кассасы, набордук полотно, ар түрдүү сүрөттөр жана таблица, схемалар, боёлгон борлор ж. б.

Сабактын жүрүшү.

I. Окуучуларды сабакка уюштуруу. Окуучулар алиппени, тамга кассасын жана указканы даярдап коёт. Алиппе ар бир окуучунун алдында жатат, бирок мугалимден уруксатсыз аны ачууга болбойт.

II. Алиппедеги сүрөт боюнча суроо-жооп иретинде ангеме жүргүзүү (т тыбышына карата берилген сүрөттү кара).

**Мугалим:** Балдар, алиппеңерди ачкыла (окуучулар ачат), сүрөттүн астына указканарды коюп, сүрөттү байкап карагыла. Мугалим тапшырылган иштин аткарылышын партаны кыдырууга карап чыгат.

Окуучулар сүреттү бир аз байкап карагандан кийин, мугалим темендегүче суроо-жооп иретинде сүрет боюнча ангеме жүргүзет.

— Биринчи сүрөттө эмне турат?

— Биринчи сүрөттө ат турат.

— Ат эмне кылып турат?

— Туруп турат.

- А тиги жерде эмне куйуп жатат? -От.

Ушул сыяктуу бир нече суроолор берилип, окуучуларга: жообу айттырылат. Ошол ангеменин ичинен «Ат турат» деген бир сүйлемдү болуп алат да, аны талдатат. Ошол талдатуунун алдында алиппени жаптырып коёт.

Ошол сүйлөмдөгү сөздү, сөздөгү муундарды таап, анализдөө жумуштары жүргүзүлөт.

Сездү муунга, муунду тыбышка ажыратуу үчүн, мугалимдин, тапшыруусу боюнча, бир окуучу доска жакка чыгат.

Мугалим: *Ат турат* деген эмне болду? *(суйлөм болду).*-Кана, ошол сүйлөмдү баарыбыз хор менен айтып көрөлү.

Балдар хор менен айтышат.

— Ушул сүйлөмдө канча сөз бар?

— Сүйлөмдө эки сөз бар.

— *Ат турат* деген сүйлөмдүн биринчи сөзү кайсы?

— Ат.

—Экинчи сөзү кайсы?

— Турат.

— Ат деген сөздө канча муун бар?

— Ат деген сөздө бир гана муун бар.

— Ушул ат деген сөздөн силер кайсы тыбышты билесинер?

— *А* тыбышын.

Эми жаны үйрөнө турган тыбышыбыз кайсы экен, мен айтайын, силер жакшы тыңшап тургула деп, мугалим а тыбышын кыска, т тыбышын созуп окуучуларга билгизе айтат (аттт, атттт, аттт), Ошондой эле от, а-та деген сездерду да талдатып айттырып, т тыбышын таптырат.

Мугалим: Балдар, биз кайсы тыбышты үйрөндүк?

— Биз бүгүн т тыбышын үйрөндүк.

— Туура, биз бугун т тыбышын үйрөндүк.

Кана, азыр ошол т тыбышын жалпы хор менен айтып көрөлү деп, жалпы окуучуларга хор менен айттырат (т, т, т, т).

Мугалим: Балдар, ушул т тыбышынын тамгасы мына бул деп көрсөтөт. Андан кийин мугалимдин тапшыруусу боюнча, тамга кассасынан т тамгасын алып, ар бир окуучу өзүнчө байкап көрөт. Набордук полотного ат, а-та деген сөздөрдү түздүрөт.

Мугалим: Балдар, а тыбышынын тамгасын алгыла, набордук полотного койгула, эми т тамгасын алгыла, а тамгасынын катарына койгула. Кана, сен оку деп балага окутат. Андан кийин а- та деген сөздүөздөрүнө кесме тамгадан набордук полотного түздүрөт. Мугалимдин тапшыруусу боюнча бир бала доска жакка келип, набордук полотного ата деген сөздү түзөт. Калган окуучулар өздөрүнүн тамга кассасынан а, т тамгасын алып, ата деген сөздү түзүшөт. Доска жактагы бала түзүп бүткөндөн кийин, жалпы окуучу өзүнүкүнө салыштырып, текшерип чыгышат. Ата деген сөздү окуйт. Башка окуучулар байкап, карап турат. Андан кийин тамга кассасын жаптырып, алиппеден окутуу жумушуна өтөт.

Мугалимдин тапшыруусу боюнча окуучулар алиппесин алып партанын үстүнө коёт.

Мугалим: Алиппенерди ачкыла.

Бардыгы ачат. Ат деген сөздүн астына указканы койгула. Тапшырылган иштин аткарылышын мугалим кыдырып текшерип чыгат.

Мугалим: Мен окуюн, силер карап тургула деп ачык, так кылып муун боюнча алипеден окуп берет. Андан кийин балдарга окутат. Бири окуганда утур окуган сөздүн астына указканы жылдырып коюп, ээрчип ичинен окуп отурат.

Мугалим:

— Кана, Т.,-сен оку - ат
— С, сен оку—от.
— Б., сен оку.
— А-та.
— Эми баарыбыз жалпы окуйлу деп, хор менен окуйт (ат, от, ата)

Сабактын жыйынтыгы.

— Бүгүн биз кайсы тыбышты үйрөндүк?
— Т тыбышын.
— Кайсы сөздү окудук?
— Ат, от, ата деген сөздү.

Үйгө ташпырма: Алиппенердин ушул бетин окуп, ат деген сөздү кесме тамгадан набордук полотного түзүп келгиле.

**Жазуу**

Сабактын темасы: т тыбышынын тамгасын жана ат, от деген сездү жаздыруу.

I. Окуучуларды сабакка уюштуруу. Мугалимдин тапшыруусу боюнча балдар дептерди, калем сапты, указка, уч тазалагычты сумкасынан алат да, дептердин төмөнку сол жак бурчу көкүрөккө тушма-туш кылып коюлат (уч тазалагычты партанын бурчуна, калем сапты партанын үстүнө коёт).

II. Окуучуларга сабактын максаты түшүндүрүлөт. Мында т тамгасынын элементин, өзүн жана ат, от деген сөздөрдү жаздыруу (билдирүү).

III. Мугалим үлгү катарында т тамгасынын элементин, өзүн доскага жазып көрсөтүү (мында т тамгасынын үч элементтен тургандыгы, ал элементти бириктирип жазуунун жолдору жана ал элементтердин кайсы жеринде басым бар, кайсы жеринде басым жок экендигин ачык, так кылып көрсөтөт.

Мугалим: Балдар, түздөнүп отургула. Дептеринерди партанын үстүнө койгула. Калем сапты алгыла, калем саптын жогорку учу он ийинге тушташ турсун. Азыр т тамгасынын элементин абага жазабыз. Баарынар даяр болгула, менин колумду карап, ээрчип жазгыла" деп калем сапты карматып туруп, абага жаздырат.

IV. Андан кийин окуучулар, мугалимдин көрсөтүүсү боюнча дептерлерине жаза башташат.

Мугалим балдардын отурушун, калем сапты кармашын, дептердин сол жакка кыйшайыпкоюлушун байкап, партаны аралап көрүп чыгат. Туура жазбагандарына үлгү катарында көрсөтөт.

V. Окуучулардын жазгандарын доскадагы жазылгандарга салыштырып текшертүү.

Мугалим: Калем сабыңарды партанын үстүн койгула. Өзүнөрдүн жазганынарды текшерип,доскадагы жазууга салыштырып көргүлө, т тамгасы туура жазылганбы, байкагыла. Окуучулар текшерип чыккандаи кийин, кемчилигин эскертет. Дагы уч тамганы (т жазуу жумуштары тапшырылат, ошол мезгилде окуучулардын отурушун дагы текшерип, туура отурбагандарын эскертип,

айрымдарына көрсөтөт жана калем саптын, дептердин ж. б. туура коюлушун, кармалышын окуучуларга көрсөтөт. Окуучулар мугалимдин айтканын аткарат. Мугалим партаны дагы аралап, начар жазган окуучуларга көрсөтөт.

Ат, от деген сөздөрдү жаздыруу, Мугалим окуучулардын көңүлүн сүрөткөбурат да, төмөнкүдөй суроолорду берет:

— Бул эмненин сүрөтү?
— Аттын сүрөтү.
— А тиги эмненин сүрөтү?
— Оттун сүрөтү.
— Ат деген сөздө кайсы тыбыштар бар?
— а, т.
— От деген сөздө кайсы тыбыштар бар?
— о, т.

Ат, от деген сөздөгү тыбыштарды айтып көргүлөчү. Окуучулар ааат, атт, ат, ат оот, ооот, оот, отт, опт, оттт, отт. от деп жалпы айтышат.

Андан кийин мугалим ат деген сөздү доскага жазат. Окуучулар ал сөздү окушат.

Мугалим: Балдар, азыр жазабыз. Түз отургула, дептеринерди туура койгула, калем сайты кандай кармачу элек, туура кармагыла деп көрсөтөт. Эми доскадагы жазылган сөздү карагыла, ошол үлгү боюнча жазгыла. Окуучулар жаза башташат. Ошол үчүн мугалим партаны аралап карап чыгат. Ат деген сөздүүч жолу жазгандан кийин, окуучулардын жазгандарын доскадагы жазууга салыштырып чыгат. Кемчиликтерин көрсөтүп, ат деген сөздү дагы үч жолу жазуу жумуштары тапшырылат. Балдар жазып бүтөт.

Мугалим: Калем сабтарды партанын үстүнө койгула, ат деген сөздү окугула. Алар окушат.

VII. От деген сөздү жаздыруу.

Мугалим: Эми от деген сөздү доскадан байкап карагыла. Окуучулар байкап карашат. Бир-эки окуучуга окутат. Эми түздөнүп отургула, калем сапты туура кармагыла, доскадагы үлгү боюнча жазгыла, Балдар от деп, эки сөз жазат. Мугалим партаны аралап көрүп чыгат, кемчилигин көрсөтөт, Дагы үйден жазып келүүгө тапшырат.

VIII. Сабактын жыйынгыгы:

— Биз бүгүн эмне жаздык?

— Биз бүгүн т тамгасынын элементин, өзүн жана ат, от деген сөздөрдүжаздык.

3.**Алиппеден кийинки мезгил.** Окуучулардын турмушуна байланыштуу ангемелер, мезгилге карата табият кубулушунун өзгөрүшү: өлкөбүз, улуу адамдар, эл акындары ж. б. жөнүндө ачык-так, кыска фактылар менен алиппеге берилип, сүрөттөр аркылуу окуучуларга элестетилгендей болушу керек.

Ал эми ал материалдарды мугалим окутканда эн мурда сүрөт боюнча ангеме жүргүзүп, окуучулардын көз алдына элестетет да, андан кийип текстти окута баштайт. Эгерде тексттин ичинде балдарга түшүнүксүз сөз болсо, ал сөздүн мааниси аныктатылат. Үлгү катарында мугалим ачык, так, салмак менен уккулуктуу кылып окуп берет. Андан кийин бөлүп-бөлүп окуучуларга окутат,

окуганын айттырат, муундап окуудан шар окууга, сезимдүү окууга көнүктүрөт.Алиппеден кийинки мезгилде окуу китебинде берилген тексттерди окутуунун тартиби төмөндөгүчө:

а) Сабакка даярдануу. Мугалим жаны өтө турган макаланы тыкандык менен карап чыгат. Эгерде макала эн эле узун болсо, аны бөлүмчөлөргөбөлөт. Ал бөлүмчөлөрдүн ар бирине ылайыктап ат коёт (темаларга ат коюу). Тексттин ичиндеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин аныктоочу сөздөрдү даярдап коюу, сабактын планын түзүү (айрыкча ал планга үйгө берилген тапшырмалар үчүн, жаны түшүндүрүлгөн темалар үчүн текшерүүчү суроолорду ойлоп таап жазып коюу) көрсөтмө куралдарды даярдоо: сүрөттер, макеттер, таблицалар ж.б.;

б) сабактын жүрүшүн ийне-жибине чейин ойлонуп, мугалим өзүнүн оюн бүт ошол сабакты кандай өткөзүү жагына топтоого тийиш. Кыскасын айтканда, сабактын бардык жүрүшү мугалимдин көз алдына элестеп тургандай денгээлде болуу керек.

«Сабак мугалимдин башында канчалык ачык болуп көрүнүп турса, окуучуга ошончолук айкын (ачык) болот. Эгер ал сабак мугалимге анчалык ачык болбосо, ал окуучу үчүнкарангы туман болот» деп К.Д.Ушинский көрсөткөн. Мына ошондуктан, мугалим сабакка кылдаттык менен даярданып келүүсү зарыл.

в)сабактын жүрүшүндө төмөндөгүдөй негизги учурларды эске алуу керек.

1. Өткөн теманы кайталап бүткөндөн кийин, жаны өтүлүүчү темага карата суроо-жооп иретинде болжолдуу ангеме жүргүзүү.
2. Жаны өтүлүүчү макаланы мугалим окуп берет. Мугалимдин окуганын окуучулар өз китептеринен байкап олтурушат.
3. Сөздүк жумуштары боюнча түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин аныктатат (түшүндүрөт).
4. Бөлүмчөлөргө бөлүп окуучуларга окутат.
5. Окулган материалдардын мазмунун окуучуларга аныктайт
6. Окулган ангемени бөлүмчөлөргө бөлүп, суроолорду түзөт.
7. Ар бир бөлүмчөлөрдү бири-бири менен байланыштырат. *Окуучулур*көз астына элестетет.
8. Жыйынтыктоо. Ошол жыйынтыктоодо тексттин тапшырмалуу ролун, идеясын турмушка байланыштырып көрсөтүү керек.
9. Үйгөтапшырма берүү. Үйгө берилген тапшырмага окуучулардын кандай түшүнгөндүгүн текшерип көрүү. Текстти шар окууга машыгуу жумуштары жүргүзүлөт

Өзүндү текшер!

1. Алиппеге чейинки мезгилдин максаты
2. Алиппе мезгилинин уюштулушу жана андан күтүлүүчү натыйжалар.
3. Алиппе мезгилиндеги сабактын үлгүсүн колдонуп өз алдынча бир сабактын үлгүсүн түз.

4. Алиппеден кийинки мезгилдеги мугалим жана окуучулардынөз-аракеттери.
5. Учурдагы «Алиппе» окуу-методикалык комплекси тууралуу маалымат. Алардын компоненттери жана аткара турган милдеттерин айтып берүү.

## ЛЕКЦИЯ 11 (2 саат

## Жазууга үйрөтүүгө даярдануу

**Маселелер:**

1. Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн мааниси.
2. Жазуу куралдары жана аларды пайдалануу
3. Жаңыдан жаза баштаган окуучунун жазуудагы психологиялык өзгөчөлүгү.

**1.Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн мааниси.** Окуучуларды коллиграфиялык туура жазууга адат алдыруунун педагогикалык жана коомдук зор мааниси бар.

Башталгыч мектептин окуучуларын туура, сулуу жазууга, каллиграфиялык стиль боюнча жазуунун көндүмдөргө көнүктүрүү – эң олуттуу жана машакаттуу иш. Ал мугалимден абдан чымырканып иштөөнү жана дайыма көнүгүүлөрдү жүргүзүп турууну талап кылат.

Бирок бул көндүмдөр көнүктүрүүдөгү, балдарды көңүл коюга жана аларды тыкандуулукка үйрөтүүдөгү кыйынчылыктардын бардыгы жазуу ишине чоң маани берүүнүн аркасында гана жоюлууга тийиш.

Мектеп практикасында жакшы жазылган жазуу балдардын сабаттуулугуна да таасирин тийгизе тургандыгы бизге белгилүү. Ошондой эле жакшы жазылган жазууну окуу да жеңил болот, ошону менен бирге коомдук турмуштун бардык тармагындагы адамдардын жазуу жүзүндө кеңири байланышына жакшы өбөлгө түзөт.

Жакшы жазган окуучу жазуу иштерин аткарган убакта кызыгып, ынтаасын коюп жазат, ошондуктан ал катаны да жибербейт. Булганыч жана начар жазган окуучу, тескерисинче, жазууга көңүл коштук менен мамиле кылып, катаны көбүрөөк жиберет. Мугалим жазуу иштерин таза жана так аткарууга үйрөтүү менен бирге окуучуларды өзүлөрүнүн эмгегин баалай билүүгө, аткарып жаткан тапшырмага жоопкерчилик менен мамиле кылууга, тазалыкты сактоого жана тартиптүүлүккө тарбиялайт. Мына ошондуктан, мугалим окуучуларды дайыма таза, даана жана тез жазууга үйрөтүүгө тийиш, анткени ар бир окуучунун окуудагы ийгилиги белгилүү бир деңгээлде анын таза, даана жана туура жаза билишине байланыштуу болот.

Таза жазуунун зор мааниси бар экендигине орустун атактуу педагогу К.Д. Ушинский көп көңүл бурган. Ал, орфографиянын алгачкы ыктарына үйрөтүүдө мугалимге зор роль таандык экендигин көрсөткөн. Ошол эле ойду советтик педагогдор да андан ары өнүктүрүп, методист С.П.

Редозубов мындай деп жазат: “Таза жазуу жана таза дептер үчүн күрөшүү менен, биз, чындыгында, окуучулардын сабаттуулугу үчүн күрөшөбүз”.

Окуучуну туура жазууга үйрөтүү жана адаттандыруу иши жазуу жумуштарынын алгачкы учурунан тартып эле башталат. Ошондуктан, үйрөтүүнүн бул учуру айрыкча I жана II класстын окуучуларынын жазуусуна мугалимдин өзгөчө көңүл буруусун талап кылат.

Баланын омурткасынын кыйшайып кетиши жана көзүнүн алыстагыны көрбөй калышы (близорукость) көбүнчө ушул кезинде пайда болот. Буга китеп окууда, жазуу ишин аткарууда партада туура отуруунун тийиштүү эрежесин баланын сактабай коюшу себеп болушу мүмкүн. Мындай кемчиликтерди болтурбас үчүн, кенже класстардын балдарына окуу, жазуу учурунда олтуруунун үлгүсүн көрсөтүп, аны аткарууга дайыма контрольдук кылуу, аларды эрежени сактоого өнөкөт алдыруу, мугалимдин окуучунун ден соолугу жөнүндө кам көргөндүгү болуп эсептелет.

Жазуу сабактары программанын негизинде жана анын талабына ылайык, атайын айрым сабак ирээтинде жүргүзүлөт. Таза жазуу сабактары окуу планында көрсөтүлгөн кыргыз тилинин эсебинен II-III класстарда жумасына бир сааттан өткөрүлөт. Таза жазуу сабагы I класста окуу жылынын биринчи жарымында сабаттуулукка үйрөтүү менен бирдикте жүргүзүлөт, ал эми окуу жылынын экинчи жарымында жумасына бир жолу атайын өзүнчө сабак болуп айрым өтүлөт.

Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн милдети – окуунун бардык жылдарында тең бир катар уюштуруу иштерин аткарууну талап кылат. Бул милдет төмөнкү жазуу куралдары менен жазуу процессиндеги гигиенанын сакталышына тиешелүү.

**2.Жазуу куралдары жана аларды пайдалануу.**

Жазуу куралдарына дептер, карандаш, калем сап кирет. I жана II класстардын дептерлеринин сызыктары бирдей болот. Алар төмөн түшкөн кыйгач (жантык) тор сызыктарынын аралыгы 3,3 мм, горизонталдык (түз) сызыктарынын аралыгы 5мм болгон эки сызыктуу дептерге жазышат. II класстын окуучулары окуу жылынын экинчи жарымында да ошол эле эки сызыктуу дептерге жазышат, бирок бул дептердин кыйгач түшкөн ( жантык ) тор сызыктары жыш болбостон, тамгалардын жантайыңкы сызылышынын багытын көрсөтүүчү сейрек кездеше турган (аралыгы 25мм) сызыктары гана болот. III класста биринчи жарым жылдыкта эки сызыктуу ( багыт берүүчү  сейрек кездеше турган сызыктары болбогон) дептерге жазышат. Ал эми экинчи жарым жылдыктан баштап, бир сызыктуу дептерге жазууга өтүшөт. Бир сызыкта жазууга өтүү менен, тамгалардын көлөмү кичирейтилип (бийиктиги 3мм), окуучуларды тез жазууга машыктыруу иши адаттандырыла баштайт.

Алиппе мезгилге чейинки жүргүзүлүүчү жазууга даярдык көрүү көнүгүүлөрү балдар тарабынан карандаш менен аткарылса болот. Карандаш жумшак болуш керек, анткени катуу

карандаш менен жазган убакта колдун булчуңдарына күч келип, анын кыймылын жылдырбай коёт да, колдун бат чарчап кетишине себеп болот.

Алиппе мезгилине өтүүнүн алдында карандаш менен жазууга машыктырылат. Карандаш менен жаздыруу калем сапка караганда таза болот, бирок карандаш менен жазган учурда кагазга жакын эңкейип жазууга туура келет, бул болсо алыстан көрбөчүүлүкө дуушар кылуучу себептердин бири болуп саналат. Ошондой эле, карандаш менен жазууну көп убакытка созуу, тамгалардын жана анын элементтеринин туура жазылышына карата болгон балдардын мамилелеринин бошоңдоп кетишине алып келет.

Кенже класстарда тамгаларды туура жана сулуу жазууну камсыз кылуу үчүн калем сап негизги курал катарында чоң ролду ойнойт. Жазууда жыгач калем сап колдонулат. Калем саптын узундугу 15 см, жоондугу 8мм, формасы жумуру болуш керек. Калем сап жоон болсо, тамгаларга басым түшүрүп жазууда оордук келтирет.

Бала калем сап менен жаза баштагандан тартып эле, анын туура кармашына мугалим дайыма көз салуу керек. Анткени, айрым учурларда жазуу процессинде кездеше турган кээ бир кемчиликтердин жана кыйынчылыктардын пайда болушу,окуучунун калем сапты туура эмес кармашынан келип чыгат.

Калем сап үч манжа менен кармалат, тагыраак айтканда, бармак жана орто менен кармалып, сөөмөй чийимдерди ичке, жоон кылыш үчүн калем саптын үстүн бош кысып, тийиштүү басымды жасайт. Калем саптын учунан сөөмөйгө чейинки аралык болжол менен 3,5-4см болуш керек. Аты жок менен чыпалак ортонго ыкташып, алаканды көздөй ийилип турат. Алардын экөө тең колго таяныч берип, жазган учурда манжалардын жылып туруш жөндөмдүүлүгүн арттырат.

Жазып жаткан учурда калем сап кармаган манжаларды өтө бүкүрөйтүп ийип, же өтө түз кармоого жол берилбейт.

Колдун манжалары эркин абалда болууга тийиш. Ошондой эле калем сапты катуу кыспастан, эркин кармоо керек. Калем сапты катуу кысып кармоо-жазуунун басымсыз жазылышына алып келет. Жазуу убагында калем саптын аягы оң ийинге тушташ келгендей болсун.

Жазуунун алдында окуучулардын дайыма калем сапты туура кармагандыгын көрсөтүү талап кылынат. Балдар колдорун көтөрүшүп, калем сапты кандай кармагандыктарын көрсөтүшүп, сөөмөйлөрүн өйдө-ылдый кыймылга келтиришет. Мугалим калем саптын бармак менен ортон бармак аркылуу кармагандыгын текшерип чыгат.

Ошондой эле колдун манжа сөөктөрүнүн өсүшү үчүн гимнастиканын да пайдасы чоң: *а)колду столдун үстүнө чыканактатып коюп, манжаларды ары-бери кыймылга келтирүү; б)*

*калем сап кармаган манжаларды жумуп, ачып кыймылга келтирүү; в) эки колду тең алдыга сунуп туруп, манжаларды жумуу жана ачуу кыймылдары.*

**Жазуунун гигиенасы.** Жазуу-моторлошкон татаал процесс. Окуучуну туура жана сулуу жазууга үйрөтүү-мугалимдин системалуу жана чыдамдуу эмгектенишин талап кылат. Ал эми туура эмес жазганга көнүп калган окуучуну тамгаларды туура жана сулуу жазууга үйрөтүп, өнөкөт алдыруу андан да түйшүктүү иш болот. Ошондуктан, балдарды жазууга үйрөтүүнүн эң негизги учурунан баштап эле жазуунун техникасынын жана гигиенасынын эрежесин сактоого өзгөчө көңүл буруу керек. Жазуунун техникасын бузуу- балдардын ден соолугуна зыян келтирүүгө мүмкүн.

Жазуу учурунда талап кылынуучу төмөнкү негизги гигиеналык эрежелер колдонулат.

1. Парталар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталганы болушу керек.
2. Окуучунун өзүнүн колу дептердин бетиндеги жазып жаткан жерди караңгылабас үчүн, дептерге жарык сол жагынан түшүп тургандай болсун.
3. Жазуу учурунда балдар туура отургузулууга тийиш. Окуучунун эки буту тең полгп же партанын бут койгучуна текши коюлган болот.

Денени түз кармоо менен бирге, көкүрөктү партанын кырына таябоо керек. Көкурөк менен партанын кырынын ортосунда 3-4см ачык аралык болууга тийиш.

Башты өтө эңкейтип жазуу алыстан көрбөчүүлүктү (близорукость) пайда кылат жана туура эмес олтуруу окуучуну омурткасынын кыйшайып кетишине себепчи болот.

Ошондой эле өтө эңкейип жазуудан көкүрөк сөөктөр ийилип, өпкөнү кысат да дем алууну кыйындатат. Бул болсо, баланын ден соолугун бузуп өпкөнү учук оорусу менен ооруга түрткү берет.

4. Жазууда башты оң же сол ийинди көздөй кыйшайтып олтурууга жол берилбейт. Жазып жаткан кезде, дептерди көздөй баш бир аз ийилген түрдө болот. Ал эми ушул учурдагы көз менен дептердин ортосундагы аралык 25-30смден аз болбошу керек.

5. Жазуу учурунда партанын үстүндөгү ачып коюлган дептердин төмөнку сол бурчу окуучунун көкурөгүнө тушташ келгендей болсун. Дептердин төмөнкү бурчу менен партанын кырынын ортосундагы пайда болгон бурч 25 °ка барабар болуу керек. Баланын эки колу тең партанын үстүндө жатат да чыканактын томпогу гана партанын кырынан бир аз ашып турат. Сол көз болсо, жазган убакта, барактарды жылдырбаш үчун дептердин четинен коомай басып турат жана аны улам жогору көздөй жылдырып, актай жерди жазууга ыңгайлуу шарт түзөт.

6. Балдарды тынымсыз жаздыра берип, чарчатпоо керек. Тынымсыз жаздыруунун болжолдуу созулушу: I класстын биринчи чейрегинде 10 минута, кийинки чейректерде 15 минута, II класста- 20 минута, III жана IV класста-20-30 минутадан ашпоого тийиш.

Тынымсыз узагыраак жазууну аткарууда, балдар чарчап кетпеши үчүн, жазуунун орто ченинде балдарды бир-эки минута дем алдырып, анда дене кыймылдарын, оюндарды ойноттуруу керек.

**Жазуунун өлчөмү.** Окуучулардын жазуу жумуштарына карата коюлуучу талаптарга төмөнкүлөр кирет:

1. Жазууда баш жана ошондой эле кичине тамгалардын туура формасынын сакталышы.
2. Тамгалардын бийиктиги дептердеги сызыктарга ылайык I жана II класстарда 5мм, III жана IV 3-4мм болушу;
3. Эки сызыктуу тор сызыкка жазган убакта тамгалардын жогорку жана төмөнкү туура сызыктарга жеткирилип жазылышы.
4. Тамгалардын бирине-бири туура кошулуп жазылышы;
5. Сөздү жазууда тамгалардын байланыш аралыктары жана сап ичиндеги сөз менен сөздүн ортосундагы ачык аралыктардын бир калыпта болушунун сакталышы.
6. Тамгалардын бир келки тегиздикте жеңил басым түшүрүлүп жазылышы;
7. Баардык тамгалардын жогорку бөлүгүн оң жакка 60-70° чамасында кыйгач жазуу.

**3.Жаңыдан жаза баштаган окуучунун жазуудагы психологиялык өзгөчөлүгү.**

Сабаттуу адам кат жазган убакта көпчүлүк учурда анын көңүлүн мазмунуна жана ойдун стилистикалык жактан түшүнүктүү болуп түзүлүшүнө бурат. Кээде орфографиялык жана пунктуациялык белгилери жөнүндө да ойлойт. Ал эми тамгалардын графикалык түзүлүшү, алардын бири менен биринин кошулушу көкурокко жат болуп автоматташып кеткендиктен, жазып жаткан адам булар жөнундө таптакыр ойлобойт, анткени адамга көп жылдык тажрыйбанын натыйжасында даражасына жеткен машыгуу пайда болот. Ошондой эле жазып жаткан убакта өзүнүн денесин туура тутуу, колдун кызмат кылуу абалы жана калем сапты кармоонун ыгы чоңдор үчүн көнүмүш адатка айланып калат. Чоң кишилер жазууда анын графикалык жана техникалык жагына эч кандай түйшүкту жумшабайт, анткени жазуудагы автоматизм кол жазманын бир калыпта туруктуу болушуна алып келет.

Ал эми балдардын жазуу процесси таптакыр башкача. Алардын жазуусу али автоматтташпаган. Өзүнө тааныш эмес тамганы жазууга үйрөнүп жаткан баланы көз алдыга элестетип көрөлүчү. Ал тамганын формасын туура келтирип жазууну, аны дептердин клеткасына туура жайгаштырууну жана басымды туура келтирип жазууну билүү керек. Ошону менен бирге бала жазуунун техникасына жана гигиенасына да таандык болгон бир катар эрежелерди аткарат: туура отуруу, колду туура коюуу, калем сапты туура кармоо, дептерди, сыя челекти пайдалана билүү. Мына ушулардын бардыгы бала үчүн али айлана элек учур болуп саналат. Ошондуктан, анын ар бирин аткаруу үчүн сезимдүү аракет талап кылынат.

Бала билүүгө тийиш болгон жана жазуу убагында аткара турган эрежелердин көптүгүнө байланыштуу алар айрым эрежелерди көңүлдөн чыгарып коюлары ыктымал. Бирок мындай учурлар жазуу процессинде тигил же бул эреже жөнүндө балдарга дайыма эскертип: “Түз отур”, “Дептерди туура кой”, “Тамгага басым түшүрүп жаз” деген сыяктуу сөздөрдү кайталап айтып турууга мугалимди мажбур кылат. Ал эми эрежелердин жазуу процессине тийиштүү болгон талаптардын кээ бирөөлөрүнүн аткарылбай калышы – жазуу ишине тетири таасир кылып, мугалимдин түйшүгүнүн көбөйүшүнө себепчи болот. Чоңдордун жазуусуна караганда, балдардын жазуусу өтө туруксуз келет. Мисалы: бала бир эле саптагы сөздөрдө бир тамганын кайталанганын ар түрдүү көрүнүштө жазган учурлар практикада кездешет. Психолог Е.В. Гурьянов: “ Бул туруксуздуктун себебин, биринчиден, көнүгүүнүн же болбосо, жазуунун графикалык жана техникалык эрежелерин автоматтуу түрдө бала аткара албагандыгынан, экинчиден, окуучунун тез чарчашынан көрөт”.

Ошону менен бирге ал, окуучунун тамганы жазууда мугалим жазып берген үлгүгө салыштырарын жана өзү жазган тамгаларынын туура эмес жерин көрүп, ал тамганы экинчи жолу жазганда, кетирген кемчиликтерин четтетүүгө аракеттерин да көрсөттү.

Бул келтирилген фактылар тамганы экинчи жолу жазган убакта окуучу үчүн жалаң гана механикалык процесс болбостон, аң-сезимдүү зарыл аракет болуп санала тургандыгын көрсөтөт. Мына ушул аң-сезимдүү аракет көнүгүүлөрдүн психологиялык негизи болуп жазуунун ыгына ээ болуу ишинде механикалык кайталоо эмес, аң сезимдүү көнугүүнүн чечүүчү фактору боло тургандыгын жогорууда биз айтып өткөн автор туура аныктаган. Бирок бул жерде көнүгүүлөрдү кайталооого да жол бере тургандыгы өзүнөн өзү белгилүү.

Ошентип, жазуудагы автоматизм аң сезимдүү көнүгүүлөрдүн, жазуунун татаал процесстеринин айрым элементтерине ээ болуунун аракеттеринин натыйжасында жетишилет.

## ЛЕКЦИЯ 12 (2 саат)

**Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасынын негизги жоболору**

**Маселелер:**

1.Жазууга үйрөтүүнүн методдору.

- Сызыктуу метод.
- Генетикалык метод.
- Тактикалык метод
- Копиясын түшүрүү методу.

2. Жазууга даярдоого атайын көнүгүүлөр.
3. Таза жазуу сабактарында тамгаларды, анын элементтерин жана сөздү жазууга үйрөтүү.
4. Окуучунун дептерине коюлуучу талаптар.

5. Жазуу ылдамдыгын калыптандыруу.

**1. Жазууга үйрөтүүнүн методдору.**

Жаңыдан жазууга үйрөтүүчүлөрдүн жазуу процессиндеги психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ошондой эле дидактиканын негизги жоболоруна ылайык балдарды жазууга үйрөтүүнүн методикасына тиешелүү белгилүү талаптар келип чыгат.

Мындай белгилүү талаптардын бири –жазууга үйрөтүүнүн системалуулугу жана жөнөкөйдөн татаалга өтүүнүн ырааттуулугу болуп саналат. Ушуга ылайык таза жазуунун программасынын көрсөтүүсү боюнча темаларды жазууну үйрөнүү, алфавит тартиби менен өтүшүн талап кылат. Алиппе таанышкырылат. Андан кийин жазуу сабагында ушул өтүлгөн тамганын жазылышын үйрөнүшөт.

Жазууга үйрөнүү убагында бала ар түрдүү көп эрежелерди билүүгө тийиш болгондуктан, балдарды жазуунун татаал процесстерин үйрөнүүгө даярдай турган көнүгүүлөрдү системалуу түрдө жүргүзүп, машыктыруунун мааниси зор. Ошондуктан, мындай даярдык көнүгүүлөргө олуттуу көңүл бурууну К.Д.Ушинский туруктуулук менен сунуш кылгандыгы кокусунан эмес.

К.Д.Ушинскийдин түшүнүгү боюнча, бул алдын ала жүргүзүлүүчү даярдык көнүгүүлөр темаларды, эң жөнөкөй элементтерин жаза билүүнүн алгачкы ыктарын балдарга үйрөтөт. Муну менен бирге мугалимдер балдарды жазуунун гигиеналык жана техникалык эрежелерин сактоого үйрөтүүнү да дайыма көңүлгө туруулары зарыл. Бул жөнүндө К .Д.Ушинский мындай деп жазган. Мына бул даярдык көнүгүүлөрдүн учурунда жазуунун гигиеналык жана техникалык эрежелерин сактоого адат алдыруу баланын ден соолугу үчүн жана окуунун жүрүшү үчүн чоң мааниси бар. Ал адаттар биринчи жөнөкөй көнүгүүлөрдүн учурунда жеңил өздөштүрүлөт.

Улуу орус педагогунун көрсөтмөлөрү балдарды жазууга үйрөтүп жаткан советтик мугалимдер үчүн да мааниси бар. Мына ошондуктан, мектепте жазууга үйрөтүү системасында даярдоо көнүгүүлөр өзүнүн закондуу ордун ээлөөгө тийиш.

Балдардын кол жазмасын каллиграфиянын талаптарына жооп бере алгыдай кылып жазууга жетишүүдө мугалимдин өзүнүн жазуусунун каллиграфиялык көрүнүштө болушу балдардын үйрөнүшүнө чоң таасир берет. Мына ошондуктан мугалим балдар үчүн үлгү боло турган деңгээлде жазууга жетишүү керек.

Балдар жазууга үйрөтүүчү көнүгүүлөрдү мугалимдин жазып берген үлгүсү боюнча анын маанисин, техникасын түшүнбөстөн туруп, механикалык түрдө көчүрүү менен чектелбөөгө тийиш. Тамгаларды сулуу жазууга балдарды үйрөтүүчү көнүгүүлөр, машыгуулар системалуу түрдөжүргүзүлүшү сөзсүз керек. Бирок алардын маанисин окуучулар түшүнүп жана аны сезимдүү мамиледе аткарууга мугалимдин жетишүүсү зарыл. Башкача айтканда,

мейли тамганы жазганда болсун, мейли сөздү жазганда болсун, мугалим анын үлгүсүн гана көрсөтүп коюу менен чектелбестен, тигил же бул тамганы, же сөздү кандай жазуу керектиги жөнүндө толук түшүнүк берип практикада көбүрөөк кездешүүчү каталарды эскертет.

Башталгыч класстарда окуучуларды таза жазууга үйрөтүүнүн милдети, баарынан мурда, аны үйрөтүүнүн методикасын билүүнү талап кылат. Мунсуз жана аны жакшы билбей туруп, окуучуларга таза жазууну коюлган талаптын деңгээлинде үйрөтүү кыйын болот.Таза жазуунун методикасы тарабынан көрсөтүлгөн жазууга үйрөтүүнүн бир нече методдоруна кыскача обзор беребиз. Алардын ичинен көбүрөөк белгилүүлөрү төмөнкүлөр:

**Сызыктуу метод.** Сызык боюнча жазууга үйрөтүү сыяктуу метод деп аталат. Окуучуларга кандайдыр бир тамганын жазылышын үйрөтүү үчүн, алды менен ал тамганын канча элементтен турганын, ал элементтердин бири-бирине кандайча уланып кошула тургандыгын жана алардын өлчөмүн билүү талап кылынат.

Бул талаптарды камсыз кылуу үчүн, дептердин барактары горизонталдык (жанаша жарыш ) жана кыйгачынан тик сызылган тор сызыктар менен сызылат. Окуучулар мындай жыш тор сызыктардын ичине тамгалардын узундугун ( бийиктигин ), жазылыгын жана аралыгын ошол сызыктардын өлчөмүндө жазууга үйрөнүшөт. Мындай жыш тор сызыктар боюнча тамгалардын формаларын туура жана сулуу жазууну окуучулар жеңил өздөштүрүшөт жана бул сызыктар ар бир тамганын жазылышын элементтерин,алардын формасын түшүндүрүп, үйрөтүү үчүн мугалимге көп, жеңилдик берет. Ошондуктан, сызыктуу метод жазууга үйрөтүүнүн эң негизгиси болуп эсептелет.

Мына ушуну колдонуунун негизинде, мугалим окуу жылынын биринчи күнүнөн тартып эле жазууну сызык боюнча жазууга окуучуларды конуктурө баштайт.

Кыйгач жыш тор сызыктар боюнча жазууга үйрөтүүнүн бир топ ыңгайлуу жактары менен бирге, анын бир катар кемчиликтери да бар. Алар төмөнкүлөр:

а)Жыш тор сызыктарга жазган убакта бала көп тоскоолдуктарга учурайт: тамгаларды клеткага сыйлыгыштыруу, бир жагынан тамганын формасын туура берүү үчүн колдун кыймылына көз салуу, экинчи жагынан жазып жаткан убакта тамганын сызыктан чыгып кетишине жол бербөө.

б)Клетка боюнча балдар тез жазууга машыга алышпайт жана машыгууга да мүмкүн эмес. Ошондуктан окуучулар тамганын элементтеринин негизгипропорциялуу өздөштүргөндөн кийин, 2- класстын окуучулары андан ары жыш тор клеткага жазышкан, окуу жылынын экинчи жарымынан баштап сейрек кездеше турган кыйгач сызыгы бар эки сызыктуу дептерге жазууга өтүшөт.

**Генетикалык метод.** Таза жазууга үйрөтүүнүн негизги методу болуп саналат. Бул метод боюнча таза жазууга үйрөтүү процесси тийиштүү ирettүүлүктү сактоо менен женилден

оорго өтүү принципте жүргүзүлөт. Ошон үчүн, окуучулар  тамгаларды жана анын элементтерин жазууну алфавиттин тартиби боюнча таанышпастан, тамгалардын жазылышынын генетикалык түзүлүшүндөгү кыйынчылыктары боюнча таанышышат. Башкача айтканда, окуучулар алды менен түзүлүшү өтө жөнөкөй жана жазууну үйрөнүшөт. Ушундай ырааттулуктун натыйжасында окуучулар бир-эки элементти үйрөнгөндөн кийин дароо эле формасы жагынан өтө жөнөкөй тамганы жазууга өтүшөт. Мындан кийин жаңы элементтин кошулушу менен формасы жагынан татаалыраак болгон тамгаларды жазууну үйрөнүшөт.

Эгерде кандайдыр бир элементти же тамганы жазылышын окуучулар туура келтире алышпаса анда ошол элементти же тамганы үйрөтүүгө токтоп ага карата көнүгүүлөрдү жүргүзүп анын жазылышын өздөштүргөндөн кийин гана сөздү жазууга өтүү зарыл.

Сөздү жазууда да адегенде эң жөнөкөй андан кийин татаалыраак элементтен турган сөздөрдү жаздыруу талап кылынат.

**Тактикалык метод.**Бул метод тамганы такт ( саноо) боюнча жазууга үйрөтөт. Таза жазууга үйрөтүүчү көнүгүүлөрдү такт аркылуу жүргүзүү пайдалуу жана ишти жеңилдетет. Такт боюнча окуучулар элементтерди тамгаларды жана сөздү мугалимдин бир эки үч деген саноо астында жазышат. Ушундай саноо менен жаздыруу колду кыймылга шамдагай келтирип салмак менен таза жана тез жазышка үйрөтөт. Ошону менен бирге класстагы бардык окуучулар бир убакта жана бирдей жазууга жетишет. Натыйжада класстагы тартиптүүлүк толук сакталат жазууну баары бир убакта бүтөт класста иш жандуу жана көңүлдүү өтөт.

Калем сапты басыңкы жазышты талап кыла турган тамгалардын жооноюп жазылуучу бөлүгү такт менен жазылат. Такт боюнча саноону адегенде мугалимдин өзү жүргүзөт. Андан кийин окуучулардын өздөрү такт боюнча санап жазууну үйрөнүшөт. Тамганын элементерин жана тамганын формасын сөлөкөтүн жазууну үйрөнгөндөн кийин аны тартынбай жана шамдагай жазышка үйрөтүү үчүн да такт колдонулат.

1- Класста окуу жылынын башында жазуу жумуштарынын ар бир көнүгүүсү жай аткарылат башкача айтканда бир минутада 4- 5 тамганы гана жазышкан болот. Ушинтип акырындык менен тез жазуунун процессин үйрөнүүнүн натыйжасында окуучулар окуу жылынын аягында бир минутада 10- 12 тамганы жазууга үлгүрүшөт. 2- класста окуу жылынын башында бир минутада 15- 20 тамга жазышса ал эми окуу жылынын аягында 30 тамгага чейин тез жазууга жетишет.

3 жана 4 класстарда тез жазуунун темпи улам өсүп отурат да, минутасына 50- 60 тамганы жазууга жетишет.

Тамганы жана сөздү такт менен жазып үйрөнүү өтө маанилүү. Эгерде жазууга үйрөтүү иши такт ( саноо) менен өтүлбөсө, анда окуучулар тамгалардын бирин мурун, бирин кийин, бирин шашылып жана туура жаза албай калышы мүмкүн. Ошондуктан такт менен жаздырууда буга окшогон кемчиликтер чектетилип, окуучулар сулуу жана тез жазышты ырааттуулук менен тийиштүү темпте үйрөнүшөт.

**Копировкалоо методу.** Бул метод Октябрь революциясына чейинки мектептерде колдонулуп келинген. Мугалим окуучулардын дептерлерине белгилүү тартипте тамганы жана сөздү карандаш же чекиттер менен белгилеп жазып берчү. Окуучулар ошол жазуунун үстүнөн бастырып, сыя менен жазышкан. Жазуунун мындай кылып окутуу мугалимдин көп убактысын алган. Ошол себептүү кийинчирээк класста жаздыруу үчүн тамганын элементтерин, тамганы жана сөздөрдү билинер билинбес боёк менен баскан атайын дептерлер чыгарылган. Окуучулар ошол жазуу боюнча жазышкан. Бул метод боюнча балдарды массалык түрдө жазууга үйрөтүүнү камсыз кыла албай турган практика катарында советтик мектеп четке каккан. Мында, биринчиден, даяр үлгү боюнча басып жазууга көнүп алышып, тамганы өзүнчө жазууну өтө жай өздөштүрүшкөн, экинчиден , окуучунун жазуусу ишенимсиз, эссиз жазылып келген. Ошондуктан, бул метод боюнча окуучулар туруктуу жазууга ээ боло алышкан эмес.

Ошондой болсо да, копиясын түшүрүү методу азыркы мектептерде айрым учурларда колдонулушу мүмкүн. Кээ бир окуучулар кандайдыр бир тамганы жана анын кошулушун туура келтирип жаза алышпайт. Ушул убакта мугалим окуучулардын дептерине тамганы жана сөздү карандаш менен жазып коёт. Окуучу басымды туура пайдаланып, жазуунун үстүнөн калем учу менен жазуу керек. Бул болсо, белгилүү бир өлчөмдө тамганы жазып жаткан учурда колдун кыймылын туура жүргүзүүгө окуучуга жардам берет.

**2. Жазууга даярдоого карата көнүгүүлөр.**

1 – класста жазууга үйрөтүүдөн мурда колго, колдун манжаларына толукундуу эркин кыймыл бере турган жана көз өлчөмүн болжолдоого көнүктүрүүчү бир катар даярдык көнүгүүлөр жүргүзүүгө тийиш.

Программада төмөндөгү көнүгүү жумуштарын жүргүзүүнү сунуш кылат: дуга сыяктуу жанаша жарыш сызыктардын солдон оңго жана ошол эле сызыктын бирин солду, экинчисин оңду көздөй кезектештирип сызуу, бармак, сөөмөй жана ортонду жуумп жана ачып, кыймылга келтирүү, ичке кыйгач сызыктарды басымсыз, андан кийин басым менен жазуу,  овалдард да оңдон солду жана солдон оңду карай, адегенде басымсыз андан кийин басым түшүп жазуу.

Алиппеге чейинки мезгилде жазууга даярдоочу көнүгүүлөргө геометриялык фигураларды, жемиштердин, жашылчалардын, оюнчуктардын сүрөттүн картон трафарет аркылуу үлгүсүн сызып, кагазга түшүрүү жана аларды боёо иштери да жатат, ошону менен бирге, дептердин тор сызыктары боюнча, ийрекчелер, дугалар жана спиралдарды сызуулар жүргүзүлөт.

Алиппеге чейинки мезгилдеги даярдык көнүгүүлөрдүн ичине кичине тамгалардын жөнөкөй элементтерин жаздыруу да кирет. Буга төмөнкү элементтер кирет: тик түшкөн түз таякча, төмөн жагынан жогору карай имерилген таякча, жогорку жагынан төмөн ийилген таякча, жогору жана төмөн жагынан тең имерилген таякча, кыл сызыктар аркылуу кошулуучу түз таякча, овал, узун түз таякча, төмөн жагы илмелектешкен узун таякча.

2- Класста жалын жана толкун сыяктуу сызыктарды жазууга машыктыруулар жүргүзүлөт. ( сүрөттү кара ).

Ушул көнүгүүлөрдүн баардыгы тең колдун манжаларынын, чыканактын кыймылдарын өстүрүүнү, көз өлчөмүн аныктоону камсыз кылат.

**Алиппелинде жазууга үйрөтүү.ъ**

Ар бир жаңы тамганы өтүүдө адегенде анын тыбышы жана басма тамгасы менен тааныштырылат. Андан кийин гана тамганын кол жазмасынын жазылышы үйрөтүлөт.

Мугалим атайын карточкага, же доскага жазып коюлган тамганын жазма турун көрсөтөт. Окуучулар тамганын бүтүндөй көрүнүшүн өздөштүрүшкөндөн кийин, анын түзүлүшүн үйрөнүүгө өтүшөт. Мугалим тамганын бөлүктөрүн бөлөк- бөлөк ажыратып, андагы ар бир элементтин кандайча жазылышына түшүнүк берип, андан кийин ал элементтерди кайра бириктирип, тамганы доскага жазып көрсөтөт. Мугалим ушул эле түшүнүгүн дагы бир жолу кайталайт.

Окуучулардын ичинен бирөөнү доскага чыгарып, ага тамганы жаздырып, аны кантип жазуу керек экендигин сүйлөттүрөт.

Тамганы жана анын элементтерин жазуудан мурда көп мугалимдер аны абада жаздырып көрүшөт, анткени окуучулар тамганын жана анын элементтеринин формасын жалаң гана көз менен көрбөстөн, колдун кыймылдары аркылуу да кабыл алууларына үйрөнүшөт.

Мындан кийин гана балдар тамганын элементтерин жана тамганы дептерине жазууга киришет жазуунун үлгүсү мугалим тарабынан доскага жана окуучулардын дептерлерине мурда эле жазып коюлган болот. Балдар тамганы жана анын элементтерин жазган учурда, колдун кыймылынын ыраатуулугун жакшылап байкап калышы үчүн, дептерге көрсөтүлгөн үлгүнүн үстүнөн кургак калем учу менен жеңил гана эки- үч жолу жазып чыгышса да болот.

Адегенде тамганын мурда өтүлгөн элементтери жаздырылып, андан кийин ошонун негизинде бүтүндөй тамганы жазууну үйрөнүшөт. Эми тамганы жакшы жазыш үчүн, анын бөлүктөрүн ( элементтерин) жаза билишти үйрөнүүнүн зарылдыгы балдарга түшүндүрүлөт. Тамганы жазууда анын элементтеринин туура кошулуп жазылышына айрыкча көңүл бурулуш керек.

Жаңы тамганы, ошону менен катар жаңы элементти жазуу, албетте, балдар үчүн оордук келтирилет, ошондуктан , балдарга тамганы же ( элементти) эки- уч жолугана жазууну сунуш кылат да, андан кийин классты кыдырып, каталарын көрсөтүп, аны оңдоо менен, тамганын үлгүсүн жазып көрсөтөт. Эгерде катаны бир топ бала кетирсе, мугалим түшүнүктүү кайра кайталап, балдар тарабынан жиберилген каталарды көрсөтүп, тамганы кандай кылып жазууну түшүндүрөт. Мындан кийин балдар жаңы тамганы эки- үч сапка жазып чыгышат.

Жаңы тамга менен сөздөрдү жаздыруу окуучулардын алдына жаңы милдеттерди коёт: жаңы тамганы башка тамгалар менен туура кошуп жазууну өздөштүрүшөт. Бардык эле тамгалардын бири- бирине кошулуп жазылышы бирдей боло бербейт. Мисалга алсак, е тамгасы мен, сен, терезе, коёт, совет деген сөздөрдө өзүнүн жанындагы тамга менен ар түркүн болуп кошулат.

Тамганы башка тамгалар менен мындай ар түркүн типте кошулуп жазылышы окуучулар тарабынан акырындык менен өздөштүрүшөт.

Тамганы туура кошуп жазуудан мурда да алиппе мезгилинде сөздү, ошону менен бирге сүйлөмдү жазуу учурунда балдар үчүн бир топ кыйынчылыктар болушу мүмкүн. Окуучулар мугалим тарабынан жазылып көрсөтүлгөн создун үлгүсүн механикалык түрдө көчүрүп албастан, аны сезимдуулук менен жаза билүүлөрү тийиш. Ал үчүн окуучу, биринчиден жазып жаткан сөздүн маанисин, экинчиден, анын тыбыштык жана тамгалык составын түшүнүшү зарыл.

Ошондуктан доскадагы, алиппелинде же дептерлерине үлгү катарында берилген сөздөр адегенде окулуп, анын мааниси такталат, андан кийин ал сөз муунга бөлүнүп, ар бир муундун тыбыштык жана тамгалык составы түшүндүрүлөт. Мындай сөздүн составы боюнча алдын ала жүргүзүлгөн талдоо жумушу балдарды катасыз жазууга жана өзүнө- өзү көзөмөлдүк кылууга жатыктырат.

Алиппе мезгилинде сөздөрдү жаздырууда балдар төмөнкүдөй каталарды жиберүүлөрү мүмкүн: тамганы таштап кетүү, ашык жазып коюу, бир тамганы экинчи бир тамга менен алмаштырып жазып коюу ж.б . Мындай каталарын жиберилиши, албетте, сөздү талдоонун, башкача айтканда, сөздү муунга, муунду тыбышка ажыратууну начар билгендиктин натыйжасында келип чыгат. Мындан башка да бала бир убакыттын ичинде бир нече милдетти аткарууга конугууго электигинен да болот. Жазып жаткан окуучунун баланын көңүлү сөздүн составын талдоодон башка да, тамгалардын формасынын жана алардын кошулуп жазылышынын, дененин абалынын, колдун, дептердин, калем сапты кармоонун тууралыгына да бөлүнөт. Мына ушунун негизинде бир мезгилде мындай көп түрлүү милдеттерди аткаруунун натыйжасында картанын жиберилиши да ыктымал.

Ошондуктан сөздүн составы боюнча алдын ала жүргүзүлгөн талдоолор өтө керектүү жана маанилүү иш болуп саналат. Мындай талдоонун артыкчылыгы балдар диктант, ошондой эле уккандардын жазган учурда ката жибербоону эскертет. Көп мугалимдер балдар тарабынан сөздүн составынын жакшы өздөштүрүлүшүн камсыз кылуу үчүн, алдын ала кесме тамгалардан сөз курап. Бул болсо, сөздүн кол жазмасынын жазылышын да жеңилдетет.

**3. Таза жазуу сабактарында тамгаларды, анын элементтерин жана сөздү жазууга үйрөтүү.** Таза жазуу сабактары 1- класста окуу жылынынан баштап, ал эми 2 – 4 класстарда бүт жыл бою системалуу түрдө өткөрүлөт.

Тамгаларды жазууга үйрөтүү генетикалык тартипте жүргүзүлөт. Бардык тамгалар татаалдыгынынтатаалдыгын баскычы жана алардын формасынын мүнөзү боюнча топторго бөлүнөт. Программа боюнча кичине тамгалардын беш тобу жана баш тамгаларында беш тобу белгиленген.

**Кичине тамгалардын биринчи тобу.**Бул топко түз таякчалардан жана таякчанын учу жогору жагынан төмөн карай, төмөн жагынан жогору карай, жогору жана төмөн жагынан имерилген илмекче таякчалардан турган тамгалар кирет: **и, ш, т, г, п, р, у, ү.**

**Экинчи тобу.**Буга ушул эле майда таякчаларга чекит жана туйунчолор кошумчалана турган тамгалар кирет: **л, м, й, ц, щ, н, ң, ь, ы.**

**Үчүнчү тобу.**Овалдуу ( төгөрөк ) тамгалардан турат: **о, в, а, ю, д, б, я, ф.**

**Төртүнчү тобу.** Буга сол жанынан жарым овалдуу болгон тамгалар кирет: **с, е, ё,ч, ъ,в.**

**Бешинчи тобу.** Бул топко оң жагы жарым овалдуу жана оң, сол жактары жарым овалдард кошулган тамгалар кирет: **э,ж, з,к, х.**

**К** тамгасынын жазылышындагы өзгөчө кыйынчылыктар эске алынып, аны ушул топко кошкон.

Баш тамгалар да жазылышынын татаалдыгы боюнча баскычталып беш топко бөлүнөт. Баш тамгалардын негизги элементтерине мына булар кирет:

**Биринчи тобу.** Таякчаларынын учу жогору жана төмөн жагынан имерилген тамгалар: И, Ш, Ы, Ч, Ц, Щ.

**Экинчи тобу.** Түйүнчөлөр кошумчаланып, төмөн жагынан имерилген тамгалар: А, Л, М.

**Үчүнчү тобу.**Негизги бөлүгү овал, жарым овалдан турган тамгалар: О, Ө, С, Я, Э, Х, Ж, З, Е, Ё.

**Төртүнчү тобу.** Негизги элементи жалын сыяктангандар: У, Ү, Н, К, Ю, Р,В

**Бешинчи тобу.** Жалын сызыктары толкун сызыгы менен байланышкан тамгалар: Г, П, Т, Б, Ф, Д.

Программанын негизинде баш жана кичине тамгалардын кол жазмасынын формасын туура жазууга үйрөтүү 1- класста эле өздөштүрүшөт.

Балдар 1- класс үчүн кабыл алынган дептерлерге жазышат.

Тамгаларды жазууга үйрөтүүдөгү таза жазуу сабагынын типтүү планы төмөндөгүдөй негизги баскычтардан турат: 1) жазууга даярдоо ( туура отурушун, дептердин партанын үстүнө туура коюулушун, калем саптын туура кармалышын текшеруу ); 2) мугалимдин тамганы доскага жазып көрсөтүштү; 3) тамганын түзүлүшүн түшүндүрүү, тамганын элементтерин доскага жазып көрсөтүү; 4) окуучуларга тамганын элементтерин жаздыруу; 5) тамганы мугалимдин текшерүүсү менен жазуу; 6) тамганы такт аркылуу жазуу.

Тамга адегенде жай, андан кийин такт аркылуу ылдамдатылган темпте жазылат.

Такт боюнча жазган учурда, биринчиден, тамганы жана анын элементтерин туура ажырата билүү керек. Экинчиден такт боюнча санаган убакта **и** деген тыбыш кошулуп айтылат: бир **и,** эки **и,** үч и, ( **и**ни созуп айтуу керек ). Мындай саноо тамганы жазган убакта колго толукундуу кыймыл берет, салмак менен бир элементти жазууну бүтүп жана да тамганын андан кийинки элементин жазууга даярдануу үчүн мүмкүнчүлүк берет.

Ар бир топтун тамгаларын өткөндөн кийин, ошол тамгалар катышкан сөздөр жазылат. Сөздөрдү жазган убакта тамгалардын туура кошулуп жазылышына өзгөчө көңүл бурулуш керек. Айрыкча түйүнчөлөр аркылуу жазылуучу тамгалардын кошулуп жазылышын көңүлгө алуу керек, себеби окуучулар түйүнчөлөрдү жазууну унутуп калышат да,- тамганы

туура эмес жазып коюшат. Мындай кыйын кошулууларды балдарга жакшылап байкатыш үчүн, мугалим аны сөздүн ичинен бөлүп алып көрсөтөт. Кошулушу кыйыныраак болгон ар түркүн тамгалардын кошулууларын алып көрөлү.

Ол ом оң ым ал ны

Ая ос сел өч эм ум

Ул уя ыя кл эк оз

Зе зы ва ов

1- Класста окуу жылынын аягында жана 2- класста окуу жылынын башында үч-төрт тамгадан түзүлгөн жана алардын кошулуулары ар түркүн болгон кыска сөздөрдү такт боюнча жазышат ( от, мала, сыя, жаны, чымын ). Адегенде мугалимдин өзү сөздү саноо боюнча доскага жазат. Окуучулар аны кароо менен сөздө канча элемент жана ага карата канча такт бар экендигин санап чыгышат. Мындан кийин мугалим менен бирдикте сөздү абада жазышат. Акырында, мугалимдин саноосу аркылуу окуучулар жазууга киришишет ( бир **и,**эки **и,** үч **и…**). Кээде төрт беш элементти жазышкандан кийин, окуучулардын жазуусун токтотуп, кимдин кайсы жерге келгендигин сурап билүүгө да болот. Мындай текшерүү бардык окуучулардын такт аркылуу бирдей темпте жазып жазышкандыктарын байкоого мүмкүндүк берет. Сөздөр адегенде жай түрдө жазылат. Сөздөгү тамгалардын кошулууларын ( уланыштарын ) өздөштүрүшкөндөн кийин, жазуу акырындык менен ылдамдатылган олтурулат.

2- Класста таза жазуу сабактарында тамгаларды жана сөздөрдү туура жазууга адаттандыруу жумуштары бекемделип, андан ары улантылат. 1- класста жазууга карата кандай талаптар коюлса, ошол талаптар мында да сакталат.

   2-класста кыска сөздөрдү ылдамдатылган темпте такт аркылуу тез-тез тез жазып турууну практикалашат.Мисалы: « кар деген сөз адегенде 7 такт менен жай түрдө жаздырылат, андан кийин ушул эле сөз ылдамдатылган темпте бир нече жолу жаздырылат. Тез жазган убакта тамгалардын формаларын бузуп жазууга жол берилбейт. Такт аркылуу жазууну ашыкча ( көп ) жаздырууга болбойт.

   Бул жумуш кылдаттык менен иштөөнү талап кылгандыктан, окуучуларды бат чарчатып жиберет.

3- класста таза жазуу сабагын окутуунун үч негизги себеби бар: 1) окуучуларды бара- бара бир сызыктуу дептерге жазууга өткөрүү. Бул учурда тамгалардын чоңдугун жана бир келет тегиздиктин, жогорку жактарынын оң жакка кыйшаюусун, сөз ортосундагы ачык аралыктардын бир калыпта калтырылышын, сөз ичиндеги тамгалардын жана сап ичиндеги сөздөрдүн туура

жайгаштырылышы сактоо; 2) тез жаздырууга көнүктүрүү; 3) окуучулардын жазуусундагы кемчиликтерди байкоо жана аны жоюуга карата алар менен иш алып баруу.

Окуучулар бир сызыктуу сапка өткөн кезде, бир топ кыйынчылыктарды жолуктурушат. Бул кыйынчылыктарды жоюу үчүн, окуучулар бир сызыктуу сапка жазуунун ыгына ээ болгонго чейин, системалуу түрдө көнүгүүлөр жүргүзүлөт. Эгерде бир сызыктуу сапка жазууга өткөн учурда ага жетишээрликтүрдө көңүл бурулбаса, балдардын ушуга чейинки калыбына келтирилген кол жазмасынын бузулуп калуусу да мүмкүн. Бир сызыктуу сапка жазууга өтүүдө айрым мектердин ичинен практика жүзүндө төмөндөгүдөй кемчиликтерди көрүүгө болот: тамгалардын жантайкы жазылышынын бузулушу, басымдын туура эмес жазылышы, тамгалардын же сөздөрдүн арасындагы ачык аралыктардын бир калыпта калтырылбастыгы ж.б. Ошондуктан, мугалим окуучулардын жазуусуна өзгөчө көңүл буруу менен, алардын жазуусундагы кемчиликтерди көргөн болууга тийиш.

Бул айтылган кечиликтер 1 –3 класста гана эмес, атайын, таза жазуу сабаты болбогон 4 класстын окуучуларынын жазуусуна да тиешелүү.

3 жана 4 класстарда окуучуларында 5 жана андан кийинки класстардагы иштер үчүн зарыл болгон жазуу темпи иштелип чыгуу керек.Кээ бир окуучулардын жай темпте жазуулары класстагы окуу ишин туура уюштурууга тоскоолдук кылат жана балдар үчүн окуу процессин татаалдаштырып.

**4. Окуучунун дептерине коюулушун талаптар.**

Дептердин көрүнүшүнө карап, окуучунун аткарган ишинин сапаты жөнүндө жана ошондой эле мугалимдин өзүнүн ишинин сапаты боюнча баамдоого болот. Дептерди талапка ылайыктуу сактоону окуучуларды эмгек тартибине тарбиялоочу каражат катарында кароо керек. Окутуу жана тарбиялоо ишинде дептердин жогоруда айтылгандай олуттуу мааниси окуучуну жана окутуучуну бир топ талаптарды аткарууга милдеттендирет. Бул талаптар, биринчиден, дептердин тышкы көрүнүшүнө, экинчиден, анын мазмунуна тийиштүү.

Дептердин тышкы көрүнүшүнө төмөндөгүдөй талаптар коюлат:

1) Дептердин тышына окуу предметинин аты, классы жана мектеби, окуучунун фамилиясы жана өз аты даана жазылууга тийиш. Биринчи жана экинчи класстарда дептердин тышындагы жазууну мугалим, ал эми 3 жана 4 класстарда мугалимдин көрсөткөн үлгүсү боюнча окуучулардын өздөрү жазат.

Дептердин тышын кагаз менен таштоого уруксат берилет, тийиштүү жазуудан башка анын тышына сүрөт тартууга, же бир нерселерди жазууга жол берилбейт.

2) Дептердин барагынын чет жагынан сызылып коюлган, 3 см келген бош тилке (талаа ) калтырылат.
3) Дептердеги жазуу ( биринчи класста жазууга үйрөтүүнүн алиппеге чейинки мезгилин кошпогондо ) Жантай ыр жазуунун нормасына ылайык, сыя менен таза жана так жазууга тийиш.
4) Аткарылуучу иштин датасы сөз менен жазылат. Мындай кылуу акырындык менен отузга чейинки сандарды туура жазып үйрөнүүгө мүмкүндүк берет.
5) Датканын алдына аткарылуучу иштин түрү белгиленет: көнүгүү, диктант, изложение, сочинение. Көнүгүүнү китеп боюнча жүргүзгөндө көнүгүүнүн номери жазылат.
6) Кызыл сап (абзац ) милдеттүү түрдө сакталат. Ал демейдеги саптан оң жакка бир аз чегинүү менен башталат.
7) Дептердин ар бир барагынын бети аягына чейин жеткириле толук жазылат. Эгерде андан кийинки аткарылуучу көнүгүүнүн аягында датасын жана иштин атын ( класс же үй ) жазууга туура келип калган учур болсо, анда бирин-эки сайты бош калтырууга болот, анткени теманын мазмунунан ажыратып коюу талапка ылайык келбейт.
8) Тийиштүү тапшырманы аткаруу убагында сөздөгү айрым тамгардын, сөздөрдүн бөлүгүнүн ( уңгусун, мүчөсүн ж.б. ) жана бүтүндөй сөздөрдүн ( сүйлөм мүчөлөрү, атоочтордун бул же тигил түрү ж.б.) алды карандаш менен сызылат.

Жазуунун түрүнө жана мазмунуна карата жалаң гана окуучулардын аткарышкан жазуу иштерине гана эмес, мугалимдердин да жазуусуна да белгилүү талаптар коюлат.

1) Окуучулардын дептерине жазуу түрүндөгу аткарылуучу иштердин бардык түрлөрү жазылат: дептерге жалаң гана көнүгүү эмес, ошондой эле чыгармачылык иштердин бардык түрлөрү да жазылат ( баяндама, дилбаян ж.б. )
2) Дептерге иштин мазмунуна ылайык келүүчү сүрөттөр, графиктер, схемалар гана киргизилет. Бирок дептерди альбомдо айландырбоо керек, анда аткарылуучу тапшырмага тийиши болбогон сүрөттөр, сызыктар болбоого тийиш.
3) Катасын мугалим оңдогон сөздөр жана сөздөрдүн тизмеги ошол эле аткарылган иштин астына мугалимдин ондогонундай кылып окуучу катасыз көчүрүп жазат.
4) Дептерге окуучунун аткарган ишине карата мугалимдин ар түрдүү көрсөтмөлөрү жазылат: а) тигил же бул тамганын туура жазылышын, же сөздү кандайча жазууну көрсөтүү; б) ар түрдүү каталарды оңдоо; в) ишти баалоо; г) окуучуга эмне кылуу керектиги жөнүндө көрсөтмө берүү.

5) Окуучунун ишине баа берүү бардык эле убакта баа коюу менен чектелбейт. Мугалим ошондой эле, аткарылган иштин жакшы жана жетишпеген жагы жөнүндө кыскача көрсөтмө жазат.

Мисалы: « басым түшүрүп жаз», « тамганы сызыкка жеткире жаз», « к тамгасын туура жазууга үйрөн», « мындан да жакшы жазууга тырыш» ж.б.

6) Мугалимдин дептердеги бардык ондоолорду, эскертүүлөрдү жана ишти баалоолору окуучулардын жазуусуна үлгү болсун үчүн туура, даана жана так жазуусу талап кылынат.

7) Мугалим, эреже боюнча, дептерлерди кызыл сыя менен текшерүү керек.

Башталгыч мектептин окуучусунун кыргыз тили боюнча канча дептери болуу керек деген суроо болушу мүмкүн?

Күн сайын жүргүзүлүүчү жазуу иштеринин бардык түрлөрү ( көнүгүүлөр, диктанттар, дилбаяндар, баяндамалар ) боюнча окуучулар эки дептер, сөздүк- жазуу үчүн бир жана таза жазууну үчүн дагы айрым дептер, баардыгы төрт дептер болууга тийиш

Кыргыз тили боюнча күндөлүк иштер жазыла турган дептердин эки түрдүү варианты мектеп практикасында пайдаланылып келе жатат:

А) класстык жана үйгө берилген иштер үчүн өзүнчө дептерлер;

Б) класстык жана үйгө берилген иштерди чогуу жаза турган 1 жана 2 жалпы ( айланма ) дептерлер. Мектеп тажрыйбасы көрсөткөндөй, дептерлердин бул экинчи вариантынын көбүрөөк ыңгайлуу экендиги аныкталды.

Окуучулар күн сайын, же класста, же үйдө жазууга туура келгендиктен, дептерлердин биринчи варианты мугалим үчүн ыңгайсыздыкты түзөт, анткени кунуңкү жазуу иштерин мугалим кийинки сабакка чейин милдеттүү түрдө текшерип чыгуусу керек, же болбосо, класстык жана уй дептерлерине эскиден болууга тийиш. Мына ошондуктан N- 1 жана N- 2 чогу жазыла турган эки дептерди пайдалануу ыңгайлуу. Бул дептерге класстык иш да, үйгө берилген тапшырмалар да жазылат. Бул мугалимдин тынчыраак иштөөсүнө жакшы шарт түзөт: мугалим N- 1 дептерди текшерүүгө алганда, окуучулар N- 2 дептерге жазышат. Дептерлерди пайдалануунун бул варианттынын педагогикалык жактан да артыкчылыгы мына ушунда.

Класста иштеле турган көнүгүүлөрдүн кандайча аткарылышын мугалим түшүндүрүп жана талдап көрсөтөт. Ушундан кийин гана окуучулар көнүгүүнү аткарууга киришет. Ал эми үйгө берилүүчү тапшырма класста иштеген иштин уландысы катарында эсептелинет да, класстагы өтүлгөн теманын мазмунун бышыктайт.Ошондуктан, үйгө берилүүчү тапшырмалар өзүнүн максаты жана мүнөзу боюнча көпчүлүк убактарда класстагы

аткарылган көнүгүүгө жакын болуу менен аны аткаруу, билимди жакшы оздоштуруш үчүн зарыл экендигин балдар тушунуп, сезишкендей болсун.

Дептердеги окуучулардын класстык иштеринин системасы, ошондой эле жазуу жүзүндөгү үй тапшырмаларын системасы ачык көрүнүп турсун үчүн , датаны жазгандан кийин үй же класстык иштин кайсынысы аткарыла турган болсо, ошону « үй иши», « класстык иш» деп жазып коёт. Бул үй жана класстык иштердин санын жана аларды жүргүзүүнүн ырааттуулугун билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**5. Жазуу ылдамдыгын калыптандыруу.**

Окуучу үчүн окуу ылдамдыгын өздөштүрүү кандай маанилүү болсо, жазуу ылдамдыгын өздөштүрүү да дал ошондой зарыл иш аракет болуп саналат. Демек, жазуу жумуш кеп ишмердигинин бир түрү катары окуучуну класста жүргүзүлүүчү иш аракетинин бир түрү, бир формасы катары көңүлгө өзгөчө алынмакчы.Улуу педагог К Д. Ушинский окуу ишин жазуу иш аракети менен тыгыз байланышта өнүктүрүүнү сунуштаган. А андагы алда качан илгери эле педагогтордун улуу атасы Я. А. Коменский да жазуу иштин кандай жүргүзүү керектигин, адегенде сулуу, андан соң тез жана акырында, туура жазуу керек ( « Улуу дидактика» ) деп эң эле туура, элестүү белгилеп жазган. Анткени, бала сөздү китептен муундап туура окууга жетишип машыкса, ал сөздү жазып жатканда да ичинен тамга- муундап талдап, анализ- синтез иштин көңүлдөн чыгарбоосу керек ( С. Рыспаев, « Алиппенин методикалык көрсөтмөсү», Бишкек, 2000, 20- б.). Андай болсо, тез жана туура жазуу логистикалык жактан ажырагыс иш аракет экен. Булар жазуу ишинин ченемдик өлчөмдөрүнүн чегинде кантип ишке ашырылышы тийиш? Тактап айтканда, 1- класстын окуучусу 1 минутада канча тамга же муун жаза алат? 2- класстын окуучусу? 3- 4- класстын окуучусу? Жатжазуу ишинин дидактикалык көлөмү жалпы класс үчүн туруктуу болсо, жазуу ылдамдыгы да, аны баалоо да өз алдынча туруктуу чен- өлчөмдү талап кылаары талашсыз.

Тез жана туура жазуу ишкердиги жазууга үйрөтүү технологиясы менен да тыгыз байланыштуу. Жазууга үйрөтүүнүн буга чейин колдонулуп келген төмөндөгүдөй принциптүү технологиялары белгилүү:

1) Сызыктуу ыкма;
2) Көчүрүү ( Копировкалоо ) ыкмасы;
3) Чектүү ыкмасы;
4) Генетикалык ыкма;
5) Ритимдик ( такттык ) ыкмасы;
6) Абага жазуу ыкмасы;

7) Таякчаларынын, манжалар менен элестетип жазуу ыкмасы;

Жазуу ишине көнүктүрүүдө булардын ар биринин салымы зор, бирок 1-класстан тартып эле, баланы ритмдик ыкма менен жазууга машыктыруу алгылыктуу экендигин тажрыйбалуу кыргыз мугалимдери эчак эле жазып белгилешкен. (Ж. Энтериев," Окуу жана таза жазуу " Башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо, 1989).

Ал көп жылдык тажрыйбасында тамгаларды бирдей убакытта, бирде темпте бири – бирине улаштырып, кошуп жазуу ритмдүү жазууга машыктыруу гана бара- бара тез, туура, таза жазууга алып бармакчы ритмдик ( так менен) жазууга мүмкүн жетекчилик кылат да, оркестрдин дирижеру сымал, тамгаларды абада бири бирине улаштырып, жалгаштырып бирдиктүү процессин башкарат. Окуучулар, мисалы, «алма» деген сөздү жаза турган болсо, адегенде А тамгасын ийиментүү узун таякчасын ылдыйдан жогору карай сызып тартуу, андан дептердин жогорку сызыгына жеткен калем сапты төмөндү көздөй түз түшүрүп, бирок дагы да калем сапты дептер бетине албастан, үзгүлтүксүз, сызыкты үзбөстөн илмек түрүндөгу түйүндү жазуу аркылуу эки таякчаны бириктирүү, анын өзүн кийинки келе турган л тыбышын иймек таякчасын көздөй буруу сыяктуу иш аракет жалпы класс боюнча аткарылат.

Окуучунун жазуу жумуштарын балоо кандай татаал болсо, аны уюштуруу жана башкаруу иши андан бетер татаал педагогикалык процесс болуп саналат. Ал эми жазуу иштерин уюштуруу, анын педагогикалык- гигиеналык талаптарын так эске алуу андан татаал. Атап айтканда, балдардын курак өзгөчөлүгүнө ( классына) жараша дептерди жана калем сапты туура тандоо жана туура кармоону, партада денени түз, башты, колду жана бутту туура кармап көз менен кагаздын аралыгын туура сактап отурууга үйрөтүү дененин келбеттүүлүгүүн сактоодо ролу зор экендигин түшүндүрүүнүн педагогикалык, социалдык, гигиеналык маанисин таанууга болбойт. Ал бетте, бул учурда окуучулардын колун эс алдыруу, алаксытуу сыяктуу физминуткалар өткөрүлөт. Жазуудагы тамгалардын өзгөчөлүгун эске алууда окуучулардын туура жазуусун камчн кылат. Баш жана кичине тамгаларды элементи менен туура жазуу эне негизги милдеттерден.

Мугалим дагы да мына буларды:

1) 1-класста баш тамганын бийиктиги 8мм, ал эми, кичине тамганын бийиктиги 4мм болуусун;
2) 2,3,4 класстар жол сызыктуу дпетерге жазышкандыктан, кичине тамгалардын өлчөмү 3, баш тамгалардыкы 7мм болуусун;
3) Тамгалар солдон оңду көздөй 60-65% жантайыңкы жазылышын көңүлүнө түйүп алуусу ашыкча болбойт.

Мына ушундай комплекстүү иш аракеттер туура аткарганда гана жазуу иштерин, анын ичинде, жазуу маданиятына көнүктүрүү жумушунун ирээтке сала алышыбыз мүмкүн.

## ГЛОССАРИЙ

**Акыл даярдыгы** – жаңы теманы өтүүдөн мурда окуучуларга күнүмдүк жашоодо кездешкен, темага багыт алдырууга даярдоочу, өзүнө тааныш чөйрө боюнча текстке байланыштуу кызыктыруучу суроолорду берүү аркылуу жаңы маалыматтарды түшүнүүгө даярдоо.

**Акыл чабуулу** - бул кеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мындатемага байланыштуу ойго келген идеялардын бардыгын, сындалбастан иштелип чыгат. Акыл чабуулунда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат. Интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

**Баа** - бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка түрдөгү шарттуу- формалдуу сан түрүндө билдирүүчү, символу(белгиси).

**Баалоо -** бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.

**Баа берүү -** бул баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги кайтарым байланыштын сапаттык маалыматы.

**Баа койбостон баалоо** – бул беш баллдык баалоо системасына салууга мүмкүн болбогон шарттуу белгилер менен белгиленген шкалалар, ар кандай параметрлер боюнча окуучунун окуу-үйрөнүү деңгээлин көрсөткөн «жекече жетишкендиктер баракчалары», конкреттүү критерийлер менен баалоодон келип чыккан иштеринин жыйынтыктары (процент менен, бөлчөктөр аркылуу, диаграмма, схема, чиймелер ж.б.) . Баалоонун бул формасы мугалим, окуучу жана ата-эне үчүн андан аркы өнүгүүнү пландаштырууга кызмат кылышы керек.

**Баа койбостон окутуу** – окуучунун өз иш-аракетин өз алдынча баалоого үйрөнүүсүн, өздүк жетишкендиктерин жалпыга белгилүү көрсөткүчтөр менен өлчөө, жалпысынан айтканда окуучунун баалоо өз алдынчалыгын өстүрүүнү айтабыз.

**Билим берүүнүн сапаты** – билим берүүнүн натыйжаларынын ар түрдүү билим берүү субъектилеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, жалпы эле коомдун) күтүүлөрүнө же алар тарабынан коюлган билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине шайкештигинин даражасы. Билим берүүнүн сапаты анын билим берүүнүн стандарттарына жана керектөөчүлөрдүн суроо талаптарына шайкештигин көрсөтөт. Бул түшүнүктүн маанилүү өзгөчөлүгү динамикалуулукта, вариативдүү жана иштиктүү мүнөзүндө турат.

**Билим берүүнүн стандарты** – негизги билим берүү программаларындагы билимдин мазмунунун минимумун, окуучунун даярдыгынын сапатына коюлуучу базалык талаптарды, билим алуучулардын мүмкүн болгон окуу жүгүнүн чегин аныктоочу нормалар менен эрежелердин топтому.

**Диагноздоочу баалоо** – бул окуучунун билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана иш

билгилигинин (компетенттүүлүгүн) алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо
**Индикатор** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч прибор».
Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору) – окуучунун жүрүм-турумунан
байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер.
**Жалпы орто билим берүүнүн Алкактык Улуттук куррикулуму -** Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын
Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү документ.
**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** – белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын
билимдерди өздөштүрүү, билгичтикеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин белгилөө
жана алынган натыйжалардын стандарт талаптарына шайкештигин аныктоо.
**Кайтарым байланыш** - иш – аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң
жакшы жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү
(сын пикирлерди) кабарлоо жана алуу процесси.
**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо -** бул окуучунунокуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу
багытталган байкоо жүргүзүү процесси.
**Компетенттүүлүк** – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш
- аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынчаколдонууга
болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.
**Компетенция** - (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү)- окуучунун белгилүү
бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл
болгонбилим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын
тизмеси).
**Критерий** – бул баа берүүгө, бир нерсени аныктоого жана класификациялоого негиз болуучу
белги, баанын ченеми.
**Куррикулум -** коомдун социалдык заказына шайкеш келген окуу процессин уюштурууга
багытталган жөнгө салып жана багыт берип туруучу документтердин системасы.
**Мотивация** - талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси.
**Натыйжалар (билим берүүдөгү)** – билим алуучулардын инсандык, жарандык жана кесиптик
жактан өзүн өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече
компетенттүүлүктөрүнүн топтому.
**Негизги компетенттүүлүктөр** – бардык предметтер үчүн жалпы метапредметтик мазмунда
ишке ашырылуучу билим берүүнүн натыйжалары.
**Окутуунун максаты** – окуучулар когнитивдик (таанып -билүүчүлүк), аффективдик
(эмоциялык- баалуулук) жана психомотордук жактарда жетишүүчү окутуп- үйрөтүүнүн утурумдук
жана акыркы натыйжалары.
**Предметтик компетенттүүлүктөр** – негизги компетенттүүлүктөргө карата алганда жекече

болуп саналат. Алкактык Улуттук куррикулум негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмегин аныктайт,
ал эми предметтик куррикулумдар айрым алынган предметтердин материалында аларды предметтик
компетенттүүлүктөр түрүндө конкреттештирет.

**Талдоо** («анализ», байыркы грек тилинен, «ажыратуу») – бул ой жүзүндө же иш жүзүндө бүтүн
нерсени (буюмду, касиетти, процессти, предметтер аралык катышты) курамдык бөлүктөргө ажыратуу, бөлүү иши. Ал адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин
жүрүшүндө аткарылат.